**Койлубаева А.К., Сатыбалдиева М.Ж.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА АЗЫРКЫ САБАКТЫН МОДЕЛДЕРИ

## (окуу-методикалык колдонмо)

**Каракол – 2016**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети**

**Койлубаева А. К., Сатыбалдиева М. Ж.**

# Кыргыз тили боюнча азыркы сабактардын моделдери

## (3-бөлүм)

УДК 811.51

ББК 81.2.

К-59

Эмгек К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасында аткарылды

Редактор: ф.и.д., профессор А.Т. Дунканаев

Койлубаева А.К., Сатыбалдиева М.Ж.

Кыргыз тили боюнча азыркы сабактын моделдери. 3-бөлүм К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети. – Каракол, 2016

Колдонмодо кыргыз тили сабактарынын учурдун талаптарына ылайык өтүүнүн жолдору, үлгүлөрү сунушталат. Мындан тышкары интерактивдүү окутуудагы стратегиялар боюнча тиркемелер берилди Кыргыз тили мугалимдери  жана ЖОЖдордун студенттерине арналат.

Колдонмо кафедранын, факультеттин жана университеттин окуу-методикалык кеңешинде талкууланып, басууга сунуш кылынды.

К 4602020400 -13
ISBN 978-9967-45 -23 -1

УДК 811. 51
ББК   81.2

Койлубаева А.К., Сатыбалдиева М.Ж. 2016
К.Тынстанов атындагы  ЫМУ. 2016.

## Түшүнүк кат

Колуңуздардагы китеп «Кыргыз тили боюнча азыркы сабактардын моделдери» деген колдонмонун 3-бөлүгү болуп эсептелет.

Колдонмого жалпы билим берүүчү орто мектептерде, жогорку жана атайын орто жайларында өтүлүүчү кыргыз тили сабагынын азыркы заманбап, интерактивдүү методдорду колдонуу менен түзүлгөн үлгүлөрү киргизилди.

Сабактардын натыйжалуу өтүшү-мугалимдин жеке адистик чеберчилигине, тажрыйбасына, чыгармачылык изденүүсүнө, кесипкөйлүгүнө, жана балдарды окутуп, тарбиялоодогу жогорку жоопкерчилик мамилесине байланыштуу.

Бүгүнкү педагогиканын жана методиканын талабы - булардан тышкары да сабакта жаңычыл методдорду колдонууну, окуучулардын көмүскө таланттарын, жөндөмдүүлүктөрүн ойготууну, тегерегинде болуп жаткан кубулуш, көрүнүштөрдү анализдеп, өз баасын бере алууга жөндөмдүү инсандарды окутуп, тарбиялоону максат кылат. Ошондуктан бул максатты ишке ашырууда биз, мугалимдер, сабакты жөн гана күнүмдүк милдет катары эмес, инсандын келечегин калыптандыруучу, жолго салуучу, асыл максаттарга багыттоочу кымбат, кайталангыс сааттар катары пайдаланып калышыбыз керек.

Колдонмо мына ушул багытта жалпы мугалимдерге, жаш бүтүрүүчүлөргө, практикант - студенттерге, методисттерге ишенимдүү жардамчы, таяныч боло алат деген ойдобуз.

Урматтуу кесиптеш, аталган колдонмо – К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун кыргыз тили кафедрасынын мүчөлөрү, «Кыргыз тили жана адабияты»

адистиги боюнча алдыңкы бүтүрүүчүлөрү, студенттери тарабынан иштелип чыгып, программа боюнча өтүлүүчү сабактардан турду. Келечектеги биздин максат – кыргыз тили боюнча сабактын пландарынын үлгүлөрүн ар бир класс боюнча өз-өзүнчө иштеп чыгуу. Демек, Сиз да кошулуп, педагогикалык тажрыйбаңызды бөлүшсөңүз болот. Анткени Сиздин да мектеп практикасында жараткан ийгиликтериңиз арбын деп ишенебиз жана биз менен байланышууга чакырабыз

**Биздин дарек:** Каракол шаары, К. Тыныстанов көч №32

ЫМУнун 1-окуу корпусу

Кыргыз тили кафедрасы, 317-кабине

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы: Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү**

**Сабактын максаты:**

**А)** Билим берүүчүлүк: Окуучулар сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнөн мүнөздүү белгилерди үйрөнүшөт.

**Б)** Өнүктүрүүчүлүк: сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүүгө машыгышат.

**В)** Тарбия берүүчүлүк: топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу...**

**А)**сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн (ээ, баяндоочтун) мүнөздүү белгилерин үйрөнсө;

**Б)** сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзө билсе;

**В)**топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** жаң ы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:**Интерактивдүү методдор: кластер, Венндин диаграммасы
**Сабактын жабдылышы**: дидактикалык карточкалар, таблица, методикалык колдонмолор, ватман, маркер ж.б.

**Сабактын жүрүшү**: 1.Уюштуруу. 2.Өтүлгөн теманы кайталоо.

Өтүлгөн теманы кайталоодо окуучулар 1, 2, 3 деп саноо менен топторго бөлүнүшөт. Ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет:

**1-топ үчүн:** Суроолуу сүйлөм менен илептүү сүйлөмгө Венндин диаграммасын түзүү.

**2-топ үчүн**: “Сүйлөм” деген темага кластер түзүү

**3-топ үчүн:** Көркөм окуп , айтылыш максатына карай кандай сүйлөм экендигин аныктагыла:

Атаң дан калган мал мына, атаң дан калган жан мына!
Атаң дан калган үй мына, атаң дан калган мүлк мына!
Кейип-кепчип көп жүрдүм. Кан Манастын жетими
Качан келер деп жүрдүм!

(“Семетей”)

Анда Бакай муну айтат:
Алейки салоом малейким, балам,
Урааның ким, дайның ким?

Уругуң ким, айлың ким?
Кай уруктан болосуң ?
Тукумуң ким, дайның ким?
Балам, туура чыккан айлың ким?
Балам, киндигиң кескен жериң ким?
Балам, өнүп-өскөн элиң ким?

(“Семетей”)

**Жаңы тема**: Сүйлөм тутумунда анын грамматикалык өзөгүн түзүп, сүйлөмдө синтаксистик милдет аткарып, кандайдыр бир суроого жооп берип, бири-бири менен өтө тыгыз байланыштагы сөздөр сүйлөм мүчөлөрү деп аталат. Сүйлөмдөр баш жана айкындооч мүчөлөрдөн турат. Сүйлөмдүн негизги өзөгүн түзүп, анын башка мүчөлөрүн (айкындооч) грамматикалык жактан өзүнө баш ийдирип турган мүчөлөр сүйлөмдүн баш мүчөлөрү деп аталат. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү – ээ жана баяндооч. Грамматикалык жактан сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнө багынбаган, андагы сөз болгон ойдун негизин ээлеген, баяндооч мүчөнү сан, жак, түр боюнча өзүнө окшоштуруп турган баш мүчө ээ деп аталат.

Сүйлөмдө ээлик милдетте зат атооч жана заттанган башка сөз түркүмдөрү келет.

1. **Зат атоочтук ээ:** Булут асманда каалгыйт. Асманда эмне каалгыйт? – булут-ээ. Акыл байлыкка багынбайт.
2. **Ат атоочтук ээ:** Ал көз ирмем сайын өзгөрүлүп турат. Ким көз ирмем сайын өзгөрүлүп турат? –ал-сүйлөмдүн ээси. Отургандардын баары Алтынайды күтүп калышты.
3. **Сан атоочтук ээ:** Бир туугандарымдын экинчиси-кыз. Эки, төрт, алты. сегиз, он – жуп сандар.
4. **Сын атоочтук ээ:** Эстүү көпчүл, эселек тууганчыл. Арык семирээр, ач тоюнар.

Грамматикалык түзүлүшү боюнча сүйлөм ээси жөнөкөй жана тутумдаш болуп бөлүнөт. Бир сөздөн же татаал сөздөн турган ээ жөнөкөй ээ деп аталат: Мен бешинчи класстын окуучусумун. Сары-Челек эң кооз көл.

Синтаксистик ажырагыс тизмектерден жана туруктуу сөз айкаштарынан жасалган ээлер тутумдаш ээлер деп аталат:Колунан көөрү төгүлгөндөр чогулуптур.

Грамматикалык жактан ээге багынып, анын ар кыл абалын, кыймыл-аракетин, мүнөзүн, сын-сыпатын, сан-өлчөмүн жана анын ким, эмне экендигин билдирип турган баш мүчө баяндооч деп аталат. Сүйлөмдө баяндоочтун милдетин аткарган сөз түркүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө карата баяндоочтор этиштик жана атоочтук болуп экиге бөлүнөт.

1. **1.** Зат атоочтук баяндоочтор: Жалпы журтка белгилүү “Көк асаба” романынын автору – Түгөлбай Сыдыкбеков. Эт – этке, сорпо бетке. Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада.
2. **2.** Сын атоочтук баяндоочтор: Ысык-Көл кышта жылуу, жайда салкын. Өрүктүн жыгачы өтө катуу, бекем.
3. **3.** Ат атоочтук баяндоочтор: Жакшы болуу да өзүң дөн, жаманатты болуу да өзүң дөн. Келечектин ээси-силер.
4. **4.** Сан атоочтук баяндооч: Бул - анын чыгармаларынын экинчиси. Отуздун жарымы-он беш.

   Этиштик баяндоочторго негизги жана жардамчы этиштерден, анын өзгөчө формаларынан жасалган баяндоочтор кирет: Ашы бар аяктан аттаба. Бербестин ашы бышпас.

Баяндоочтор да түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана тутумдаш болуп экиге бөлүнөт. Бир эле сөздөн уюшулган баяндоочтор жөнөкөй баяндоочтор деп аталат. Эки же андан ашык толук маанилүү сөздөрдөн турган, же ажырагыс сєз тизмектеринен, же туруктуу сөз айкаштарынан уюшулган баяндоочтор тутумдаш баяндоочтор деп аталат: Эч качан анын мурдун балта кеспейт. Ушундан соң ар дайым Карабектин котур ташы койнунда.

Айтылган аныктамалар окуу китебиндеги факты-материалдардын негизинде кенен түшүндүрүлөт. Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар топторго бөлүнүп, аларга төмөнкүдөй тапшырмалар берилет:

**1-топ үчүн:** Сүйлөмдөрдү окуп, маанисин айтып бергиле жана сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Алар кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын аныктагыла.

Балалык өзүнүн келечеги менен бактылуу. Жамандыкты көрбөгөн жакшылыктын кадырын билбейт. Жүрөктүн мээрими марттыктан өтөт

**2-топ үчүн:** Ээ жана баяндоочко Венндин диаграммасын түзгүлө

**3-топ үчүн:** Ээнин милдетин зат атооч, сан атооч. ат атооч жана заттанган сын атоочтор аткаргандай кылып сүйлөмдөр түзгүлө.

**4-топ үчүн:** Баяндоочтун милдетин зат атооч. сан атооч, сын атооч жана ат атоочтор аткаргандай кылып сүйлөмдөр түзгүлө

Топтор өз алдынча иштеп жатканда, мугалим доскада төмөнүдөй текст жазат:

Мында окуучулар ээ жана баяндоочту таап, алардын милдетин кайсы сөздөр аткаргандыгын аныкташат (текстти мурдатан ватманга жазып даярдап алса да болот).

Ар бир топтон лидерлер чыгып, карточка боюнча берилген тапшырмаларын жактап беришет. Топтун калган мүчөлөрү кемчиликтерин толукташат. Ошондон кийин жалпы класс доскадагы текстти окуп, маанисин айтып беришет. Мындан тышкары андан ээ жана баяндоочторду таап, кайсыл сөз түркүмдөрү аткаргандыгын аныкташат.

Калк атасы Бакай.

Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу аталган "Манас" жомогунун бардын үчилтигине катышкан башкы каармандын бири – Бакай. Анын атасы Манастын атасы Жакып менен бир тууган. Саякбайдын айтуусунда Бакай бир жашка чыга электе атасы кытайлардын колуна түшүп каза болот. Жетим калган Бакайды Олуя чал жердин түбү Желпинишке алып кетип багып өстүрөт. Эрезеге жеткенде Бакай Манаска жолугат. Бири-бирин жактырышып, түбөлүк бирге болууга шерттешет.

Б.Алагушев.

Сабакты жыйынтыктоодо окуучулар "Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү" деген темага кластер түзүшөт.

**Окуучулардын билимдерин баалоо.**

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы: Толуктооч.**
**Сабактын максаты:**
**А)**Билим берүүчүлүк: Окуучулар сүйлөм мүчөлөрү боюнча түшүнүктөрүн терең детишет жана толуктооч жөнүндө маалымат алышат.

**Б)** Өнүктүрүүчүлүк: Окуучулар тике жана кыйыр толуктоочторду айырмалап, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоого машыгышат.
**В)** тарбия берүүчүлүк: Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ...**
**а)** сүйлөм мүчөлөрү боюнча түшүнүктөрүн терең детип, толуктооч боюнча түшүнүк алса;

**б)** тике жана кыйыр толуктоочторду айырмалап, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоого машыкса;
**в)** топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша алса.
**Сабактын тиби**: жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу**: айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк метод.
**Сабактын жабдылышы**: таблица, методикалык колдонмо, дидактикалык карточкалар, ватман, маркер. скотч ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** 1. Уюштуруу. 2.Өтүлгөн теманы кайталоо. Кайталоо учурунда окуучулар топторго бөлүнүп, ар бир топко өзүнчө тапшырмалар сунушталат.

**1-топко**:

Сүйлөмдөрдү окуп, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Ар сөздүн асыл орду бар.

Акылмандын акылынын пайдасын эл көрөт.

**2-топко**:

Сүйлөмдөгү белгиленген сөздөрдүн кандай милдет аткарарын аныктагыла.

Мугалимдик кесип – ардактуу, ыйык кесип.

Дасторкону берекелүү адамга ыраазычылыгың ды жашырбай айткың келет.

**3-топко**:

Аныктооч деген сөзгө кластер түзгүлө.

Жөнөкөй жана тутумдаш аныктоочко мисалдар келтиргиле.

**Жаңы тема:** Сүйлөм тутумунда грамматикалык жактан кыймыл-аракет багытталган тике жана кыйыр обьектини көрсөтүп, жалпы сүйлөмгө толуктоо киргизе турган айкындооч мүчө толуктооч деп аталат.

Кандай гана сүйлөм болбосун, кыймыл-аракет белгилүү бир обьектиге багытталып, ал аркылуу ойду толук, так берүүгө шарт түзүлөт. Эгер сүйлөм тутумуна толуктоочтор катышпаса, анын жалпы мааниси түшүнүксүз болуп, айтылуучу ойдун мазмуну да толук ачылбай калышы мүмкүн. Демек, сүйлөмдүн жалпы маанисин ачык-айкын жана кененирээк түшүнүүдөгү зарыл болгон айкындооч мүчөлөрдүн бири – толуктооч.

Толуктоочтун грамматикалык белгилерине төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: кыймыл-аракет эмнеге багытталгандыгын жана ал кайсы сөз менен байланыш жасагандыгын көрсөтөт да, өзү менен байланышта болуучу заттын атын билдирип, сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун конкреттүү, түшүнүктүү болушун камсыз кылат; толуктооч болуп түшкөн сөз кыймыл-аракетти билдирген жана башка атооч, тактооч сөздөрдөн болгон сүйлөм мүчөлөрүнө катышта болуп, өзүнөн кийинки башкаруучу сөзгө карата кыйыр жөндөмөлөрдүн биринде туруп байланыш жасайт, демек, башкаруу байланышында турат. Толуктооч сүйлөм ичинде **кимди? эмнени? кимге?**

**эмнеге? ким менен? эмне менен? ким жөнүндө? эмне жөнүндө?** деген сыяктуу суроолорго жооп болуп түшөт. Толуктоочтор тике жана кыйыр толуктооч деп экиге бөлүнөт.

Грамматикалык жактан табыш жөндөмөсүнүн формасында калыптанып, кыймыл-аракет багытталган обьектини тике көрсөтүп турган толуктоочтор тике толуктооч деп аталат. Тике толуктоочторго табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланып да, ал мүчө жалганбай да, сүйлөм тутумунда келе берет: Мен айылда жашаган ата-энеме кат жаздым. Уйку төшөк тандабайт. Ырчы ырчыны алыстан тааныйт.

Грамматикалык жактан кыйыр жөндөмөлөрдүн биринде туруп, же жандоочтор тизмектеле айтылган сөздөрдөн болуп, багындыруучу компонент менен башкаруу жана жандоочтук байланыштар аркылуу тутумдашып, кыймыл-аракет багытталган обьектини кыйыр түрдө көрсөткөн толуктоочтор кыйыр толуктоочтор деп аталат. Кыйыр толуктоочтор, негизинен, зат атооч, же заттанган башка сөз түркүмдөрүнөн жасалып, жөндөмөлөрдүн билдирген маанилерине жараша башкаруучу сөз менен кыйыр байланышта болот, алар барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнөн жасалат. Мисалы: Жакшыга айтсаң – билет. Жаманга айтсаң – күлөт. Ч. Айтматов жөнүндө көптөгөн илимий эмгектер жазылды.

Бир сөз же татаал сөздөр аркылуу уюшулган толуктоочтор жөнөкөй толуктооч деп аталат: Бөлүнгөндү бөрө жейт.

Ажырагыс синтаксистик тизмектерден жана туруктуу сөз айкаштарынан жасалган толуктоочтор тутумдаш толуктоочтор деп аталат: Көзү сокурга жолук, көкүрөгү сокурга жолукпа.

Айтылган аныктамалардын бардыгы окуу китебиндеги тапшырмалар менен бышыкталат. Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар менен төмөнкүдөй өз алдынча тапшырмалар аткарылат.

**1-тапшырма:** Белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматын аныктагыла.

Батырдын даңкын алыстан ук. Жорго минген менен жол жүрбө. Отун албаганга от жактырба.Акылмандын акылынын пайдасын эл көрөт.

**2-тапшырма**: Сүйлөм мүчөлөрү боюнча жүргүзүлгөн талдоо туурабы, каталарын тапкыла.

Өнөрлүүнүн өмүрү узун. Билимдүү киши айнектей, билимсиз киши тумандай. Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. Адилеттик бар жерде чындык жеңет.

**3-тапшырма**: Ыр саптарын окуп, маанисин айтып бергиле жана белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматын аныктагыла.

Илим менен билимден талбагыла!
Анан да адамдыктан калбагыла!
Өмүр деген жылт этип күйүп-өчөр,
Өзүңөрдү Мекенге арнагыла!

**4-тапшырма:** Тике жана кыйыр толуктоочторду катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө. Алардын айырмасы менен окшоштугун айтып бергиле.

Жогорудагы тапшырмаларды топторго бөлүү менен аткарса да болот.

**Сабакты жыйынтыктоо**.

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы: Бышыктооч.**

**Сабактын максаты:**

**А)** Билим берүүчүлүк: окуучулар сүйлөм мүчөлөрү жөнүндөгү түшүнүктөрүн терең детишет жана бышыктооч жөнүндө маалымат алышат.

**Б)** Өнүктүрүүчүлүк: сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүүгө машыгышат.

**В)** Тарбия берүүчүлүк: топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ...**

**А)** сүйлөм мүчөлөрү жөнүндөгү түшүнүктөрүн терең детип, бышыктооч тууралуу маалымат алса;

**Б)** сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзө билсе;

**В)** топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе.

**Сабактын тиби**: жаң ы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу**: интерактивдүү методдор: Венндин диаграммасы. кластер, синквейн түзүү ж.б.

**Сабактын жабдылышы**: дидактикалык карточкалар, методикалык колдонмо, таблица, ватман, маркер. скотч ж.б.

**Сабактын жүрүшү**: 1.Уюштуруу. 2, Өтүлгөн теманы кайталоо.

Өтүлгөн теманы кайталоодо окуучулар бир, эки, үч деп саноо менен үч топко бєлүнүп. ар бир топко тапшырмалар берилет.

**1-топко:**

1.Аныктооч жана толуктоочко Венндин диаграммасын түзгүлө.

2.Берилген сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.
Улууну урматта, кичүүнү сыйла.

**2-топко**:

1.Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө кластер түзгүлө
2.Берилген сүйлөмдөгү белгиленген сөздөр кандай милдет аткарып тургандыгын аныктагыла: Уят- өлүмдөн катуу. Мен кызыктуу китеп окудум.
**3-топко:**
**1**.Тике толуктооч менен кыйыр толуктоочко Венндин диаграммасын түзгүлө.
2.Зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч аныктоочтук милдет аткаргандай кылып сүйлөмдөр түзгүлө.

**Жаңы тема:** Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалдарын билдирген айкындооч мүчө бышыктооч деп аталат. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн ичинен эң кең ири жана көп кырдуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон түрү-бышыктооч. Бышыктоочко тиешелүү грамматикалык белгилер төмөнкүлөр: кыймыл-аракеттин түрдүү мүнөзүн, кырдаалдарын көрсөтүп турат; багындыруучу сөз менен ыкташуу, башкаруу байланыштары аркылуу мамиле жасайт; башкаруучу компоненти ар дайым этиш сөздөр болот; кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалдарын чагылдырууда алар **кандай? кайда? кайдан? кантип? качан? эмне үчүн? канчанчы? эмне үчүн? эмне себептен?** деген сыяктуу суроолорго жооп болуп түшөт.

Кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалдарын билдиргендигине байланыштуу бышыктоочтор төмөнкүдөй маанилик топторго бөлүнөт:

1. Сын-сыпат бышыктооч: Ак Мөөр Соң -Көлдүн ак куусундай (кандай?) буралат.
2. Орун бышыктооч: Бүткүл дүйнөлүк экинчи көчмөндөр оюну Ысык-Көлдө (кайда?)өттү.
3. Мезгил бышыктооч: Чабал өрдөк мурда (качан?) учат.
4. Себеп бышыктооч: Ал кубанганынан (эмне үчүн?) күлүп жиберди.
5. Максат бышыктооч: Адамды бул жарык дүйнөгө адилеттүү жашаш үчүн (эмне максатта?) жараткан.
6. Сан-өлчөм бышыктооч: Отуз (канча?) өлчөп, бир (канча?) кес.

Айтылган аныктамалар окуу китебиндеги көнүгүү, тапшырмалар менен бекемделет. Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар менен кошумча төмөнкүдөй тапшырмалар аткарылат.

**1-тапшырма:** Белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла.
Мен туулуп-өскөн айылыма барам. Мен туулуп-өскөн айылыма ыраазымын. Окуучулук күндөрүм кызыктуу. Мен кызыктуу китеп окудум. Акылга көнбөгөн адам акыры азапка көнөт.
**2-тапшырма**: Талдоо туура жүргүзүлгөнбү, текшерип каталарын оңдогула.

Адамга туулуп-өскөн мекени кымбат. Жыгылган оогонго күлөт. Абийириңди жашыңдан сакта. Эненин көөнү-балада.

**3-тапшырма:** Бышыктооч деген сөзгө кластер түзгүдө.

**4-тапшырма:** Сонун, бийик, кызыктуу деген сөздөрдү катыштырып, ар бирине экинден сүйлөм түзгүлө. Берилген сөздөр биринде аныктооч болсо, экинчисинде бышыктооч болгондой болсун.

**5-тапшырма:** Жакшы окуучу жакшы окуйт деген сүйлөмдө тыбыштык түзүлүшү бирдей жакшы деген сөз катышты. Алардын сүйлөмдө аткарган милдеттерин аныктап, эмне үчүн андай болорун түшүндүргүлө.

Жогоруда берилген тапшырмаларды топторго бөлүү аркылуу да аткарууга болот.

**Сабакты жыйынтыктоо.**

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы - Уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилери**

**Сабактын максаттары:**

**А)** билим берүүчүлүк: окуучулар сөздүн морфологиялык бөлүктөрү, уңгу, мүчө жана алардын мүнөздүү белгилерин үйрөнүшөт.

**Б)** өнүктүрүүчүлүк: сөздөрдү уңгу жана мүчөгө туура ажыратууну өздөштүрүшөт.

**В)** тарбия берүүчүлүк: көнүүгүлөр жана тапшырмалар аркылуу өздүн кадырын билүүгө, мекенчил болууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ...**

**А)** сөздүн морфологиялык бөлүгү, уңгу, мүчө жана алардын мүнөздүү белгилерин үйрөнсө.

**Б)** сөздөрдү уңгу, мүчөгө туура ажыратууну өздөштүрсө;

**В)** сөздүн кадырын билүүгө, мекенчил болууга тарбияланса

**Сабактын тиби**: жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн уюштуруу методу.

**Сабактын жабдылышы**: таблица, методикалык колдонмолор, ватман, маркер ж.б.

**Сабактын жүрүшү**: 1.Уюштуруу. 2.Өткөн теманы кайталоо.

**Жаңы тема:** Морфема жөнүндөгү түшүнүк (терминдин өзү да) көрүнүктүү тилчилердин бири И.А.Бодуэн де Куртенэ тарабынан сунуш кылынган. Морфемалардын төмөнкүдөй белгилери бар:

**1**.Морфема – сөздүн бөлүгү. Мисалы: иштеген озор, иштебеген тозор деген макалда төрт сөз бар. Мындагы оз-ор, тоз-ор – эки, иш-те-ген – үч, иш-те-бе-ген – төрт морфемадан түзүлгөн.

**2**.Морфема сөздүн ар кандай эле бөлүгү эмес, өзүнчө мааниси жана өзүнчө формасы бар бөлүгү. Мына ушул белги аркылуу ал фонемадан айырмаланат, анткени фонема өзүнчө мазмунга ээ эмес. Мисалы: китептерди деген сөздө 10 фонема (к, и, т, е, п, т, е, р, д, и), үч морфема (китеп – заттын атын билдирген морфема, -тер – көптүк маанини билгизген морфема. –ди –тике обьектини билдирген морфема) бар.

**3.** Морфема - сөздүн морфологиялык түзүлүшүндөгү эң кичине (андан ары өзүнчө мааниси жана формасы бар бөлүкө бөлүнбөй турган) бөлүк.

Морфема деген түшүнүк (термин), баарыдан мурда, морфемаланма сөздөрдүн, башкача айтканда, бир нече морфемага бөлүнө турган сөздөрдүн составындагы өзүнчө мааниси. Өзүнчө формасы бар элементардык бөлүктөрдү белгилөө максатында келип чыккан. Ошондуктан морфемалардын кызматын аныктап билүү үчүн, баарыдан мурда, морфемаланма сөздөргө кайрылуу, алардын тутумундагы морфемаларды аткарган кызматтары боюнча салыштыруу, алардын табиятын аныктоо зарыл. Мына ошондо морфемалар эки топко бөлүнөт. Алардын бири уң гу, экинчиси мүчө болот.

**Уң гу жана анын мүнөздүү белгилери**:

**1**.Уңгу – сөздүн морфологиялык түзүлүшүндөгү негизги морфема. Ансыз бир да сөздүн болушу мүмкүн эмес: **кел**ди, **бар**ат, **жаз**ды, **жет**ет, **өткөр** ж.б.

**2**.Уңгу – бир нече сөздүн (сөз формасынын), кээде бир сөздүн да составынан кезигүүчү морфема.

Бир нече сөздүн (сөз формаларынын) тутумунан орун алган уң гулар сан жагынан көп. Мунун өзү–тилге өнүмдүү мүнөз берүүчү мүмкүнчүлүктөрдүн бири. Ошол аркылуу бир эле уң гудан бир сөздүн ар түрдүү формалары (бас, басты, басат, баскан, басчу) же ар башка сөздөр (басык, басма, баскыч, бастырык) жасалат.

Мына ушул өзгөчөлүктөрүн эске алсак, уңгу дегенибиз – тыбыштык түзүлүшү, лексикалык мааниси боюнча жалпылыгы бар сөздөрдүн андан ары дагы морфемалоого болбой турган , дээрлик өзгөрбөс, орток бөлүгү. Мындай бөлүк кыргыз тилинде басымдуу түрдө сөз формаларынын баш жагынан орун алат.

Уңгуларды туура табуу үчүн: а) тыбыштык түзүлүшү, лексикалык мааниси жагынан жалпылыкты түзгөн сөздөрдү, сөз формаларын өз ара салыштыруу; б) алардын составындагы кошумча бөлүктөрдү (мүчөлөрдү) алып таштоо; в) андан ары дагы морфемалоого мүмкүн болбогон эң кичине орток бөлүктү аныктоо зарыл. Бул үчүн төмөнкү мисалдарды байкап көрөлүк:

үйдөгүлөрдөн
үйдөгүлөр
үйдөгү
үйдө
үй
(уң гусу – үй)
3.Уңгу тыбыштык жактан бир кыйла туруктуу бөлүк. Ал башка сөздөрдүн, морфемалардын таасири менен бир нече фонетикалык вариантта дээрлик өзгөртүлбөйт.

**Мүчө, анын мүнөздүү белгилери:**

1. Мүчө жеке, өз алдынча туруп, кандайдыр бир лексикалык маанини билгизе албайт. Сүйлөм ичинде жекече колдонулбайт. Бардык сөздүн тутумунан кезиге бербейт: бали, бах, үчүн, менен, жана, дейре өң дүү бир кыйла сөздөргө уланбайт, демек, мүчө – сөздүн тутумундагы көмөкчү морфема.
2. Мүчө уң гуга жалгануу аркылуу гана олуттуу мааниге ээ болот: андан жаң ы (башка) сөз жасоого, сөздүк составды байытууга, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү өз ара байланыштырууга – тилге ырааттуу, маанилүү мүнөз берүүгө, уңгу аркылуу туюндурулган жалпы түшүктү конкреттештирүүгө катышат.
3. Мүчөлөр уң гунун тыбыштык түзүлүшүнө ылайыкташып, фонетикалык жактан өзгөрүлүп колдонулат, бир нече вариантка ээ болот. Мисалы: -лар мүчөсү кыргыз тилинде фонетикалык шартка ылайык төмөнкү варианттарда кездешет: **-лар, -лор, -лер, -лөр, -дар, -дор, -дер, -дөр, -тар, -тор, -тер, -төр.**

Ошентип, жеке өз алдынча колдонулбаган, уң гуга уланып, анын маанисин тактаган, өзгөрткөн, башка сөздөр менен тутумдашуусун жөнгө салган , мүнөздүү түрдө бир нече тыбыштык вариантта өзгөргөн көмөкчїү морфема мүчө деп аталат.

Айтылган аныктамалардын бардыгы окуу китебиндеги таблица, көнүгүү, тексттер аркылуу бекемделет.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктооодо “Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?” деген суроо берилип, кайтарым байланыштын негизинде окуучулар уң гу, мүчөгө байланыштуу билгендерин, бири-бирин кайталабай, ирети менен айтып чыгышат. Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөнкүдөй тапшырмалар берилет.

**1-тапшырма**: Окуп, маанисин айтып бергиле жана белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Эне-атаңды** сыйласаң,күндө аласың **батаны.** Сүзбөсүн деп **эч кимди** байлап койдум **эчкимди.** Эр **намысын** сактаган жигит-эне **сүтүн** актаган жигит. Элде эмгек болсо, **жерде көркөмдүк** болот.

**2-тапшырма:** уңгу, мүчө жана негиз дегендерди мисалдар келтирүү менен түшүндүрүп бергиле.

**3-тапшырма:** Берилген сөздөр уңгу, мүчөгө туура ажыратылганбы. Катасы болсо оңдогула.

Мектеп-ин-де, суу-сун-да, ата-сы-ны-кы-нда, чыгарма-сын, тууганы-нда, саба-гы-мы, клас-сташ-тар, китеп-ка-на-ны-кы, мек-теб-им, ой-но, ук-та ж.б.

**4-тапшырма:** Уңгу жана мүчөгө Венндин диаграммасын түзгүлө.

**Сабакты жыйынтыктоо.**

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы : Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар сөздүн составдык бөлүктөрү, тагыраак айтканда, уңгу, мүчө, алардын мүнөздүү белгилери жөнүндөгү түшүнүктөрүн терең детишет. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жөнүндө түшүнүк алышат;

б) өнүктүрүчүлүк максаты:

Окуучулар морфологиялык талдоого, сөз жасоочу мүчө жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү бири-биринен айырмалай билүгө үйрөнүшөт. Ал мүчөлөргө тиешелүү өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Өз оюн эркин жана толук айтууга, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** сөздүн составдык бөлүктөрү, уңгу, мүчөгө ажырата алса; сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөргө мисал келтире алса;

**б)** морфологиялык талдоо жүргүзө билсе: сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн өзгөчөлүктөрүн айырмалап билсе;

**в)** өз оюн эркин, толук айта алса, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе;

**Сабактын тиби** - Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу**: проблемалуу метод жана интерактивдүү

**Сабактын жабдылышы**: таблица, дидактикалык карточкалар жана методикалык колдонмо

**Сабактын жүрүшү**:

**1**. Уюштуруу

**2**. Өтүлгөн  теманы кайталап, үйгө  тапшырманы текшерүү

1) Эмне үчүн сөздөрдү  уңгу жана мүчө деген бөлүктөргө бөлөбүз?
2) Морфема деген эмне, анын кандай белгилери бар?
3) Морфемалар функциясына карай кандай бєлүнүшёт?
4) Сөздүн  уңгусу деген эмне, анын кандай мүнөздүү белгилери бар?
5) Мүчө деген эмне, анын мүнөздүү белгилерин атагыла.

**Жаң ы тема:**

Бүгүнкү сабакта силер менен « Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр» деген теманы өтөбүз. (Мугалим сабакка даярдалган таблицаны доскага илет). Сөз уңгу жана мүчөдөн турат.

Уң гу дегенибиз – сөздүн маани берип турган эң  кичине бөлүгү болуп саналат. Алар өз алдынча туруп бир маанини билдиришет жана башка сөздөрдүн жасалышына негиз болушат. Ошондой эле тыбыштык жактан өзгөрүүгө  учурабаган туруктуу бөлүк болуп саналат.

Мүчө – уңгуга уланган, өз алдынча турганда маани бербеген бөлүк болуп саналат. Уң гунун аягындагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга карай бир нече вариантта өзгөрөт. Мүчөлөр уң гуга уланганда гана лексикалык мааниге ээ болот. Мисалы:китепкана деген сөздүн уңгусу – китеп, мүчөсү кана ж.б. Мүчөлөр аткарган кызматына карай сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү деп бөлүнөт. Сөз жасоочу мүчөлөр уң гуга улангандан кийин анын лексикалык маанисин толук өзгөртүп, жаңы маанидеги сөз жасайт, ошондуктан алар сөз жасоочу мүчөлөр деп аталат. Мисалы: самында деген сөздүн уңгусу – самын, мүчөсү -да. Бул мүчө сөз жасоочу мүчө болуп саналат, жаң ы маанидеги сөз жасады. Тагыраак айтканда, самын – зат атооч болсо, самында дегенде этиш сөз болду. Демек, -да мүчөсү сөз жасоочу -ла мүчөсүнүн өзгөргөн варианты. Мындай мүчөлөр тилибизде өтө көп кездешет.

**Мына ошентип, сөздүн лексикалык маанисин да, формасын да өзгөртүп, андан жаң ы (башка) сөздөрдү жасоочу мүчөлөр сөз жасоочу мүчөлөр деп аталат.** Сөз жасоочу мүчөлөрдүн кайсы сөз түркүмдөгү сөздөргө жалгана тургандыгы, алардан кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү сөздөрдү жасай алгандыгы бирдей эмес. Ушул өзгөчөлүктөргө ылайык алар лексикалык функциядагы сөз жасоочу мүчөлөр жана лексика-грамматикалык функциядагы сөз жасоочу мүчөлөр деп экиге бөлүнөт.

**Лексикалык функциядагы сөз жасоочу мүчөлөр** жалганган сөзүнөн лексикалык маанисин өзгөртүп, башка маанигеөткөрөт, бирок сөз түркүмүнө болгон катышынөзгөртө албайт. Ошондуктан булар ар бир сөз түркүмүнүн өз

чегинде гана колдонулуп, ошол сөз түркүмүнө кирүүчү сөздөрдү байытат: китепкана, ырчы, чоорчу ж.б.

**Лексика-грамматикалык функциядагы мүчөлөр** жалганган сөзүнүн лексикалык маанисин да, сөз түркүмүнө болгон катышын да өзгөртөт. Мындай мүчөлөр бир сөз түркүмүнө тиешелүү сөздөрдү экинчи бир сөз түркүмүнө которот: бөл (этиш) – бөлмө (зат атооч), акыл (зат атооч) – акылдуу (сын атооч) ж.б.

**Сєз өзгөртүүчү мүчөлөр болсо**, уңгуга улангандан кийин анын лексикалык маанисин өзгөртпөйт, жаң ы маанидеги сөз да жасабайт. Жөн гана ошол сөздүн ар кандай формаларын пайда кылат. Мындай мүчөлөргө жөндөмө мүчөлөр, жак мүчөлөр жана таандык мүчөлөр кирет. Мисалы: тоого деген сөздүїн уңгусу -тоо, мүчөсү -го. Бул мүчө уң гуга улангандан кийин, анын лексикалык маанисин өзгөркөн жок, жаң ы маанидеги да сөз жасаган жок. Жөн гана уңгунун (тоо) ар түрдүү формасын пайда кылды. Мугалимим деген сөздүн уңгусу – мугалим, мүчөсү – им. Бул мүчө (-ым) мугалим деген сөзгө уланганы менен, анын лексикалык маанисин өзгөрткөн жок, жаң ы сөз да жасай албады. Демек, бул мүчө сөз өзгөртүүчү мүчөгө кирет.

**Жалганган сөзүнүн лексикалык маанисин өзгөртпөстөн, жеке грамматикалык маанисин, формасын ганаөзгөртү, башка сөздөр менен синтаксистик жактан байланышына мүмкүнчүлүк түзгөн мүчөлөрдү сөз өзгөртүүчү мүчөлөр дейбиз.** Мындай мүчөлөрдүн катарына жөндөмө, таандык жана жак мүчөлөр кирет.

Айтылган аныктамаларды бекемдөө үчүн окуу китебиндеги көнүгүү, тапшырмалар аткарылат.

Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөндөгүдөй өз алдынча жумуштар сунушталат:

**а)** 4-5 окуучуга дидактикалык карточкалар таратуу (1-топ).

**б)** Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдөн табуу жана алардын эмне үчүн сөзөзгөртүүчү экендигин айтып берүү.(2-топ).

**в)** Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрдөн табуу жана алардын эмне үчүн сёз жасоочу мүчө экендигин далилдеп түшүндүрүү.(3-топ).

Окуучулар өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскада кийинки тапшырманы даярдайт.

(Сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөгө Венндин диаграммасын чиет).

Топтордон лидерлер чыгып карточкаларда берилген тапшырмаларын жактап беришет. Кемчиликтери топтун калган мүчөлөрү тарабынан толукталат. Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө Венндин диаграммасын түздүрөт.

Ошентип, биз бүгүн силер менен уңгу, мүчө жана алардын түрлөрү боюнча түшүнүк алдык. Сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга улангандан кийин анын лексикалык маанисин толук өзгөртүп, жаңы маанидеги сөз жасаса, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уңгунун лексикалык маанисин өзгөртө албай тургандыгын, жаңы маанидеги сөз да жасабай тургандыгын билдик. Алар жөн гана ошол сөздүн ар кандай формасын пайда кылат экен. Мындай мүчөлөргө жөндөмө, жак, таандык мүчөлөр кирет. Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөнкүдөй өз алдынча тапшырмалар аткарылат:

**1-тапшырма:**

Мүчөлөр эмне үчүн сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү деп бөлүнөт?

Уңгуга сөз жасоочу мүчөнү кошкон бөлүктү эмне үчүн негиз дейбиз?

Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрдөн тапкыла.

Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдөн тапкыла.

**2-тапшырма:**

Сүйлөмдөрдү окуп, маанисин айтып бергиле жана белгиленген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыраткыла.

Мекенден айрылганч, өмүрүндөн айрыл. Чегирткеден корккон эгин экпейт. Адамды көзүнөн түшүнбөй, сөзүнөн түшүн. Сабырдуу жетет муратка, сабырсыз калат уятка. Эң оор жакырчылык-билимсиздик.

**3-тапшырма:** Апабыз, эжебиз, энебиз, атабыз деген сөздөргө уланган –быз мүчөсү таандык мүчөбү же жак мүчөбү? Талкуулап өз оюңарды айткыла.

**4-тапшырма:** ойчул, дарыкана, базарла, китепкана, ашкана, сузгуч, баскыч деген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратып, мүчөнүн кайсы түрү экендигин түшүндүргүлө.

**5-тапшырма:** Ыр саптарын окуп, ким жөнүндө, кандай ой айтылганын түшүндүргүлө жана сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдү тапкыла.

Артыксың балам алтындан
Артыксың атак-даңымдан.
Ийримди түзөп улантар,
Изимсиң артка калтырган.

Тереңге жайган тамырым.
Денеде кубат, сабырым.
Үшүсөм жылыр жалыным,
Үйүмдө жанган жарыгым.

**Сабакты жыйынтыктоо**:

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу**
**Наматова Эльвира Ихтияровна**

**Сабактын аталышы:** Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча практикум

**Сабактын темасы: Өздүк иш**
**Пререквизиттер:**

Теманы өздөштүрүү үчүн студенттер мектепте окутулган кыргыз тили боюнча базалык билимдерге ээ болуусу зарыл. Ушунун негизинде буга чейинки иш кагаздары жөнүндө алган маалыматтары бышыкталат жана өркүндөтүлөт.

**Постреквизиттер:**

Сабактын негизги милдеттеринин бири иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү болгондуктан, сабак учурунда өздүк иш боюнча маалымат алуу менен бирге, анын түрлөрүнө, тилине, бул иш кагаздарын жазуудагы негизги эрежелерге токтолобуз. Аны менен катар студенттердин кыргыз тилде сүйлөөсүн өстүрүү, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү максатында аларды туура жазуу иштерин, формативдик балоонун түрлөрү аркылуу каталарды текшерүүнүн ыкмаларын, каталарды талдоонун жолдорун үйрөнүшөт. Студенттин кыргыз тили (фонетика жана орфоэпия, графика жана орфография, лексикология, фразеология, грамматика, морфология, сөз түркүмдөрү, синтаксис, текст менен иштөө, стиль жана стилистика) боюнча билимин тереңдетилет.

Студент сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын кыргыз тилинде эркин айтып, түшүндүрө билүүгө жетишет. Расмий иш кагаздарын сабаттуу жазууга жана текст менен иштеп аларга анализ жүргүзө билүүгө үйрөнөт.

**Сабактын жабдылышы:** ватман, маркерлер, окуу китептери, өздүк баракчалар жана өздүк карточкалар, флипчарт.

**Студент сабактан кийин төмөндөгү компетенттүүлүктөргө ээ болушат:**

- Студенттер бул сабакты өздөштүргөндөн соң, алган маалыматтар, үйрөнгөн көндүм-адаттарын, ээ болгон адистик компетенцияларын билим алып жаткан учурда жана келечекте ар кандай кызматтарда колдоно билүүгө үйрөнүшөт;
- коомдо иш кагаздарын туура жана сапаттуу даярдоого жетишишет;
- чөйрөнүн ар кыл тармактарында өздүк ишин даярдоого жетишишет .

**Сабактын жүрүшү:**

**Өткөн теманы бышыктоо үчүн суроолор (5 мин.):**

1. Иш кагаздарынын кандай түрлөрүн билесиңер?
2. Өмүр баян деген эмне?
3. Мүнөздөмө деген эмне?
4. Мүнөздөмөнүн кандай түрлөрү бар жана алардын айырмачылыктарын айтып бер?
5. Өмүр баян менен мүнөздөмөнүн маалым даректерин салыштыр.

**Жаңы теманы түшүндүрүү (30 мин.)**

**Өздүк иш**

Уюмдун мүчөсү жөнүндөгү иш кагаздар тиркелген жана сакталган атайын көктөмө өздүк иш деп аталат. Өздүк иш ар бир кызматкерди, иш процессин жана уюмдун кадрдык сапатын үйрөнүүдө өзгөчө мааниге ээ.

Өздүк иштеги иш кагаздар төмөнкүдөй тартипте тиркелет:

1. Өздүк иштеги иш кагаздарынын ички тизмеси;
2. Жумушка кабыл алуу жөнүндө арыз;
3. Жолдомо (эгерде бар болсо);
4. Өздүк барак же кадрларды эсепке алуу боюнча анкета;
5. Өмүр баян;
6. Билими жөнүндөгү документтердин көчүрмөсү;
7. Мүнөздөмө (акыркы иштеген жеринен);
8. Жумушка кабыл алуу, башка кызматка которуу, жумуштан бошотуу жөнүндөгү буйруктардын көчүрмөлөрү;
9. Кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк карточка жана ага кошумча тиркеме;
10. Сыйлоо жана жазалоо боюнча өздүк барак;
11. Кызматкерлерге тиешелүү түрдүү (жашаган жери, саламатчылыгы, үй-бүлөсүнүн курамы ж.б. боюнча) маалыматтар.

Өздүк иштеги иш кагаздар ушул тартипте тизмеленет жана тиркелет. Өздүк иштин мукабасы МАМСТ 17914-72 боюнча толтурулат. Анын үлгүсү төмөнкүдөй болот:

**ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**ЖАНА МАДАНИЯТ БӨЛҮМҮ**

**КАДРЛАР БӨЛҮМҮ**

**ӨЗДҮК ИШ КАГАЗДАРДЫН КӨКТӨМӨСҮ**

## ӨЗДҮК ИШТЕН ПАЙДАЛАНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**1.Кадрлар бөлүмүнөн алынган өздүк иш кагздардын көктөмөсү кызматка байланыштуу пайдаланылган башка иш кагаздар менен тең укукта сакталат.**

**2. Өздүк ишти 3 күндөн артык кармоого жана кеңседен сыртка алып чыгууга уруксат берилбейт.**

**3. Өздүк ишти пайдаланууда иш кагаздарындагы жазууларды оңдоого, маалыматтарды кошууга, айрым иш кагаздарды алып коюуга, жаңысын тиркөөгө катуу тыюу салынат.**

**4. Өздүк иш башка бирөөгө тил кат аркылуу берилет.**

Кызматкер башка уюмга жумушка которулганда же пенсияга чыкканда, өздүк иш жабылып, ал уюмдук же мамлекеттик архивге өткөрүлөт.

Өздүк иш кагаздарынын жайгашуу тартиби жана үлгүлөрү (аткаруу эрежеси) слайдда көрсөтүлөт.

**1-Слайд:**

**Өздүк курам боюнча буйрук** мекеменин кызматкерин кабыл алууда, жана бошотууда, которууда, сыйлоодо же жазалоодо, өргүүгө чыгууда, андан келүүдө, ишмердүүлүгүн баалоодо чыгарылат. Бул буйруктар мекеменин ылайыктуу бөлүмдөрүнүн бөлүм башчыларынын сунуштары боюнча же жарандын өзүнүн арызы боюнча ишке ашырылат. Өздүк курам боюнча буйрук А–4 форматындагы таза кагазга да жана фирмалык бланктарга да жол-жоболоштурулат. Мындай буйруктар эгерде буйрукта ошол кишилерге тиешелүү пункт болсо (демейде бул буйруктарда иштеги кемчиликтер же укугу бузулган учурда жаза чагылдырылганда) таанышууга берилет. Буйруктардын бул түрүн даярдоодо буйруктардын үстүнө «Өздүк курамдын кадрлары үчүн» деп жазылат. Буйруктардын аттары: «Ишке кабыл алуу жөнүндө», «Башка ишке которуу жөнүндө», «Ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө» ж.б.у.с. жазылышы мүмкүн. Бул буйруктардын бардыгы кызматкерлердин өзүлөрүнүн арыздары менен демилгелениши мүмкүн.
Буйруктар көрүнө жерге жамаатта болуп жаткан окуялар жөнүндөгү маалыматтар жөнүндө окуп билүүчү кулактандыруулардын атайын тактасына илип коюлат. Өздүк курам жөнүндөгү буйрукта киришүү бөлүгү болбойт. Эгерде буйрук берүүчү бөлүк эки же андан көп темадан турса, алар параграфтар менен ажыратылат. Алсак, эгерде ишке кабыл алуу жөнүндөгү

арыз менен бир мезгилде эки киши кайрылган болсо, анда буйруктун тексти эки параграф менен жазылат. Буйруктун темасы мазмуну менен төп келүүгө тийиш. Эгерде буйруктун биринчи параграфында ишкекабыл алуу жөнүндө болсо, экинчи параграфында бошотуу жөнүндө, үчүнчүсүндө сыйлоо жөнүндө болсо бул буйруктун аты болбойт. Эгерде өздүк курам жөнүндөгү буйрук бир гана тексттен туруп, бирок буйрук берүүчү бөлүгү бир нече бөлүктөн турса, анда буйрук жалпы ишмердүүлүк формасы боюнча жазылат.

Буйрукта баяндооч «кабыл алынсын», «бошотулсун», «дайындалсын», «сыйлансын», «алкыш жарыялансын», «эскертилсин» ж.б.у.с. деген этиштер менен аяктайт. Мындай буйруктардын негизи болуп жарандын өзүнүн арызы,медициналык маалымкаты, текшерүүнүн жыйынтыгы, текшерүүнүн актысы убактылуу ишке жарамсыздыгы жөнүндө бюллетени болушу мүмкүн. Өздүк курам жөнүндөгү буйруктар эки нускада даярдалат. Буйруктун экинчи нускасы жетекчинин колу коюлгандан кийин анын визасы менен буйруктардын тактасына илинет. Буйрук кол коюлгандан кийин мыйзамдуу юридикалык күчкө ээ болот. Өздүк курам боюнча буйруктар атайын көктөмгө көктөлөт жана белгилүү мөөнөткө чейин сакталат.

**2-Слайд:** Жумушка кабыл алуу жөнүндөгү буйруктун үлгүсү

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги**

№ 76 орто мектеби.............. ..................... ..................... .....................
................Бишкек ш.
2015-жылдын 22-августу

**№ 18 буйрук**

Кадрлардын өздүк курамы боюнча жумушка кабыл алуу жөнүндө

Эсенгулов Урмат 2015-жылдын 25-августунан 970 сом айлык акы өлчөмү менен география мугалими болуп дайындалсын.

Негизи: У.Эсенгуловдун арызы

Деректир:.............. ...................(колу).............. ...................У.Нурманбетов

**<u>3-Слайд:</u>**

Студенттерди окуудан чыгаруу жөнүндөгү буйруктун үлгүсү

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигиЖ. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

15-сентябрь, 2004-ж............. .................... .................... ..................... .................... .......

Бишкек ш.

№83 буйрук

Студенттердин өздүк курамы боюнча
Университеттен чыгаруу жөнүндө
2003–2004-жылдын окуу планын аткарбагандыгына байланыштуу филология факультетинин 3-курсунун студенттери:
1.Арзиев Азамат
2.Мусаев Эрмек университеттен чыгарылсын.

Негизи: Окуу бөлүмүнүн маалыматы.

Ректор........... .................... .................... .(колу) .................... ..................... .................А.Какеев
Декан.............. .................... .................... ..(колу) .................... ..................... ............. .Н.Ишекеев
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы .................... .................... ...........(колу)............. ..................... .................... .Б.Илиязова

**<u>1-тапшырма:</u>** (20 мин.)

Ар бир студентке өздүк барактар жана өздүк карточкалар таратылып берилет. Аларды толтурушат.

**<u>2-тапшырма:</u>** Топтордо иштөө (15 мин.)

Өздүк иш кагаздарын даярдаганды үйрөнүү максатында төмөнкү тапшырма аткарылат. Бул үчүн группамкаалаган 1 студентти тандап алышат,

ошол студенттин өздүк ишин даярдашат. Группа 1-, 2-, 3- деп саноо менен 8 топко бөлүнүшөт.
1-топ: тандалган студенттин атынан жумушка орношуу арызын жазышат.
2-топ: тандалган студентке жолдомо жазышат
3-топко өздүк барак берилет (личный листок) тандалган студенттин айтып берүүсү боюнча өздүк барагын толтурушат.
4-топ: тандалган студенттин атынан өмүр баян жазышат
5-топ: тандалган студенттин мүнөздөмөсүн жазышат
6-топ: жумушка кабыл алуу, башка кызматка которуу, жумуштан бошотуу жөнүндөгү буйруктарды жазышат (көчүрмөлөрү алынат).
7-топко өздүк карточка берилет (личная карточка)ю тандалган студенттин өздүк карточкасын толтурушат.

Тапшырманын жыйынтыгында ар бир топ аткарган ишип презентациялашат. Бири-биринин аткарган ишин баалашат. Аткарылган иш кагазын чогултуп, бир өздүк делого тиркешет.

**3-тапшырма:** тексттер таратылып берилет. Тексттин улап жазып, өздүк иш кагаздын атын аныкташат (10 мин.)

**Сабакты жыйынтыктоо: суроо-жооп түрүндө**

Демек, биз бүгүн силер менен иш кагаздарынын түрлөрүнөн өздүк ишке тиешелүү иш кагаздарын даярдаганды үйрөндүк. Кандай тармакта болбосун иш кагаздарынын бардык түрлөрү колдонулат, ошондуктан силер кадрлар бөлүмүндө иштеп калган учурда, же жумушка орношууда өздүк иш кагаздарды даярдоодо бүгүнкү өткөн темабыздын жардамы тиет деп ойлойм.

**Студенттердин билимин баалоо**

**Үйгө тапшырма:** ар бирөө өздөрүнүн өздүк ишин өздүк делого даярдап келишет.

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу**
**Наматова Эльвира Ихтияровна**

**Сабактын темасы: Тактооч**

**Сабактын максаты:**

**1.Билим берүүчүлүк максаты:**

1.1**.** Студенттердин тактооч жөнүндө алган билимдерин тереӊдетүү;
1.2.Жазуу жана кеп ишмердүүлүгүндө тактоочторду ыктуу пайдаланууга үйрөтүү;

1.3. Студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу;
1.4. Боз үй жөнүндө жалпы маалымат берүү.

**2.Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

2.1.Студенттердин логикалык жана көркөм ойлоосун өстүрүү;
2.2. Студенттердин чыгармачылык ойлоосун өнүктүрүү;
2.3. Байланыштуу кебин өстүрүү;
2.4. Сабактын жүрүшүндө студенттердин изденүүчүлүгүн, тапкычтыгын, ыкчамдыгын калыптандыруу.

**3. Тарбия берүүчүлүк максаты:**

3.1. Студенттердин таанып-билүүлөрүн кеңейтүү;
3.2. Эне тилине болгон сүйүүсүн күчөтүү;
3.2. Улуттук баалуулуктарды сактоого, баалоого үйрөтүү.

**4. Топтоштуруу:**

Топторго бөлүнүү менен иштөө: 1-топ, 2-топ, 3-топ, 4-топ

**5. Баалоо:** Студенттер 7 баллдык система менен бааланат **(**тиркеме тиркелет**)**

**6. Сабактын болжолдуу регламенти:**

1) Уюштуруу – __ мүнөт
2) Теманы өздөштүрүү - __ мүнөт
3) Грамматикалык теманы түшүндүрүү – __мүнөт
4) Бышыктоо – __ мүнөт
5) Лексикалык теманы түшүндүрүү - __мүнөт
6) Сабак-талкуу – __ мүнөт
7) Жыйынтыктоо – __ мүнөт
8) Баалоо – __ мүнөт
9) Үй тапшырмасы – __ мүнөт

II. **Сабак**

**Студенттер ээ болуучу компетентүүлүктөр:**

**Билим берүүчүлүк максаты:**

- Тактоочтор жөнүндө алган билимдерин тереңдетишет жана жазуу жүзүндө, оозеки кебинде кеңири пайдалана алышат;

- Боз үй жана анын ден соолукка пайдалуулугу жөнүндө маалымат алышат.

**Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

- Лексикалык жана грамматикалык тема аркылуу өз ойлорун логикалык жактан ырааттуу, көркөм, ыкчам айта алышат;
- Боз үйдүн ден соолукка пайдалуулугун чыгармачылык, изденүүчүлүк менен далилдей алышат.

**Тарбиялоочулук максаты:**

- Элибиздин баалуу мурастарын сактоого, даңазалоого, барктай билүүгө багыт алышат;
- Мамлекеттик тилибизде туура, кооз сүйлөөгө, сыйлоого үйрөнүшөт;
- Бири-биринин пикирин угууга, сылык болууга тарбияланышат.

**Сабактын ыкмасы:** проблемалуу жагдай түзүү, интерактивдүү ыкмалар, таймаш сабактын элементтери, суроо-жооп ыкмасы.

**Предмет аралык байланыш:** адабият**,** адеп, тарых, дин таануу, искусство, этнография, медицина.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, көрсөтмө таратмалар, компьютердик слайд, оюндун түрлөрү, сүрөттөр, ырлар, окуу китеби жана тема боюнча илимий-теориялык, методикалык эмгектер.

III. **Сабактын жүрүшү:**

**I тур**

**Уюштуруу: (**3 мүнөт)

1) Аудиториянын абалына көз салуу, катышууну көзөмөлдөө;

2) Студенттерге баалоонун критерийлерин таратуу (1-тиркеме);

**Теманы өздөштүрүү:**

**Грамматикалык теманы түшүндүрүү – 5мүнөт**

Тактооч – кыймыл-аракеттин бардык кырдаалын көрсөтүп, морфологиялык жактан дээрлик өзгөрбөгөн, көбүнчө этиш менен айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарган сөз түркүмү. Дүйнөлүк тилдердин көбүндө бар. Кыргыз тилинде тактоочтор морфологиялык түзүлүшү жагынан тубаса (мисалы, ылдам, бат, кийин, ары) жана туунду (мисалы, адамча, ылдамдай, өзүңөрчө) түрүндө болот. Лексика-грамматикалык маанисине карай эки чоң топко бөлүнөт: бышыктагыч тактооч жана аныктагыч тактооч. Бышыктагыч тактооч өз ара мезгил бышыктагыч тактооч (мисалы, азыр, анан, эрте, башта), орун бышыктагыч тактооч (мисалы, жогору, төмөн, ары, артка), себеп жана максат бышыктагыч тактооч (атайын, аргасыздан, эрксизден, жиндиликтен) деп бир нече топко ажырайт. Ал эми аныктагыч тактооч сын-сыпат аныктагыч тактооч (мисалы, акырын, тез, бирге, көзүнчө) жана сан-өлчөм аныктагыч тактооч (мисалы, ошончолук, бир-бирден) деген топтон турат. Тактооч морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалат. Тактоочтук маани туюнтчу фразеологиялык бирдиктер да бар (мисалы, көз ачып жумгуча, төөнүн куйругу жерге тийгенде).

Кыргыз тилиндеги тактоочтор маанисине карата төрткө бөлүнөт.

1. Мезгил тактооч;

2.Орун тактооч;

3. Сын-сыпат тактооч;

4.Сан-өлчөм тактооч.

## МЕЗГИЛ ТАКТООЧ

Кыймыл-аракеттин мезгилин, убагын көрсөтүп, качан? кайсы убакта? качантан бери? качанка чейин? деген суроолорго жооп берүүчү тактоочтор мезгил тактооч деп аталат. **М**: **Бүгүн** концерт болот. **Жайында** Москвага барам. **Азыр** сабакка даярданам. **Бектур жана** сүйлөдү. **Аскар бүгүн** кетти, эртең келет.

## ОРУН ТАКТООЧ

Кыймыл-аракеттин ордун, багытын көрсөтүп, кайда? кайдан? каякта? каерде?кайсы жакта? кайсы жактан?деген суроолорго жооп берүүчү тактоочтор орун тактоочтор деп аталат. **М**: жогору, төмөн, өйдө, алыс, ары-бери, кийин, алга, жакын, ыраак, илгери, артка, ылдый ж.б.

## СЫН-СЫПАТ ТАКТООЧ

Кыймыл-аракетти сыпаттап, анын ал-абалын, кантип иштелгендигин көрсөтүп, кантип?- кандай? кандайча?деген суроолорго жооп берген тактооч сын-сыпат тактооч деп аталат. **М**: жай, ылдам, тез, бат, орусча, кыргызча, акырын, дароо, менимче, кокустан, бетме-бет, араң ж.б.

## САН-ӨЛЧӨМ ТАКТООЧ

Кыймыл-аракеттин иштелиш өлчөмүн көрсөтүп, канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп? деген суроолорго жооп берген тактооч сан-өлчөм тактооч деп аталат. М: көп, аз, ашык, мол, аз-аздан, көп-көптөн, бөксө, артык, кем, анча-мынча ж.б.

## ТАКТООЧТУН ДАРАЖАЛАРЫ

Кыргыз тилинде тактоочтун негизги үч даражасы бар. Алар **жай,** салыштырма жана күчөтмө даражалар.

## ЖАЙ ДАРАЖА

Тактоочтун жай даражасынын өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. Калган даражаларды түзүүгө негиз болот да, көбүнчө сын-сыпаттык, орун-аралык маанини билдирет. Буга: тез, ылдам, бат, жай, кеч, эрте ж.б.тактоочтор кирет.

## САЛЫШТЫРМА ДАРАЖА

Тактоочтун салыштырма даражасы кыймыл-аракеттин белгиси нормалдуу белгиге Караганда айырмалуу экенин билгизип, сын атоочтун -ыраак мүчөсү аркылуу жасалат: кеч-кечирээк, эрте-эртерээк. кийин-кийинирээк, бат-батыраак, жана-жанараак. төмөн-төмөнүрөөк ж. б.

## КҮЧӨТМӨ ДАРАЖА

Күчөтмө даража кыймыл-аракеттин белгисинин күчөтүлүп айтылгандыгын билдирет да, төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:

1. Эң, абдан, ото деген күчөтмө бөлүкчөлөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу: эң көп, эң ылдам, абдан тез, абдан бат, өтө жогору, өтө жай, өтө жакын ж.б.

## ТАКТООЧТОРДУН ЖАЗЫЛЫШЫ

1. Кош сөз катарында айтылган карама-каршы маанидеги тактоочтор арасына дефис коюлуп жазылат: ары-бери, бүгүн-эртең, өйдө-төмөн, эртели-кеч, аздыр-көптүр ж.б.
2. Кайталама кош сөз маанисиндеги тактоочтор да арасына дефис коюлуп жазылат: бат-бат, тез-тез, ылдам-ылдам, аз-аздан, көп-көптөн, кез-кезде ж.б.
3. Кошмок сөз катарындагы тактоочтор ар башка жазылып, ортосуна дефис коюлбайт: бир маалда, бир кезде, бир убакта, ар дайым, ар убакта, ар жылы.

4. Салыштырма тактоочту уюштурган -ыраак мүчөсү созулуп айтылышынча жазылат: эрте-эртерээк, кеч-кечирээк, аз-азыраак, көп-көбүрөөк, кем-кемирээк, алыс-алысыраак, жакын-жакыныраак ж.б.

5. Күчөтмө даражаны уюштурган эң, абдан, өтө деген күчөтмө бөлүкчөлөр ар башка жазылат: эң көп, абдан тез, өтө ылдам.

**1-тапшырма.** Студенттерге боз үй жөнүндө тексттер таратылып берилет. Текстти сөздүктүн жардамы менен кыргыз тилине которушат.

**1-текст:**

Чабан и табунүик, кыргыз всегда ставит свою юрту на взгорьях, откуда удобнее смотреть за скотом и видеть весь мир: небо, звезды, облака. И юрты на джайлоо всегда кажутся естественным продолжением гор, белым, как вершины, куполом холмов и увалов. И потому в горном пейзаже без юрты всегда не достигает самого, пожалуй, главного, а юрта на выставочной плоүадке кажется вовсе не той юртой, какой бывает она среди простора и воздуха родных гор.

Опытный мастер делает остов юрты за двадцать пять дней. Служит же юрта двадцать пять лет. И такое долголетие для ежегодного находяүегося в перекочевках жилиүа – с летних пастбиү на зимние и с зимних на летнее – обңясняется высоким уровнем конструктивно-архитектурных решений.

Табунүик – жылкычы

Купол – тоголок болуп, томпоюп турган төбөсү

Холм – дөбө, дөңсө, дөң

Увалов – туу чокунун карындай аппак

**2-текст:** Ставить юрту начинают с дверной рамы – босого. Затем по кругу растягивается ажурная стена – кереге, состояүая из отдельных звеньев – канатов. Каждый канат сделан из особым образом выгнутых и соединенных сыромятными ремешками палок, образуюүих при растяжке решетку с ромбовидным просветом – кереге коз. И это тоже узор, перекликаюүийся с орнаментальным рисунком ставяүейся за кереге цветной циновки.

Затем крепятся жерди купола и только здесь нужны мужские руки – поднять венчаюүий юрту обод – тюндук. Все слилось в этом гнутом из березы ободе: и замок купола, и дымоход, и световое окно, и обраүенный к солнцу знак солнца, его орнаментальный мотив.

Рама – алкак

---

Ажур – тор, тордолгон

Сыромятный – чийки, жаш

гнутом из березы ободе – ийилген тегерек алкак

---

**3-текст:**

Организуюүим и логическим центром юрты, всего ее жизненного уклада является коломто – место очага, расположенного под тюндуком.

За очагом, у задней стенки, прямо напротив входа, расположен джук: здесь на сундуки и подставки выкладывались ковры и одеяла, войлочные тюки с одеждой и подушки – все, что олицетворяло достаток семьи.

Место перед джуком называется төр и считается самым почетным. Оно отводится людям старшего возраста, почетным гостям.

Справа от төра расположена женская половина юрты – эпчи жак; слева мужская – эр жак. Здесь, на кереге, висят сбруя, все веүи и предметы, необходимые для занятий мужчины – скотоводством, охотой, ремеслом.

---

**4-текст:**

Вход в юрту закрывается или двухстворчатыми дверьми, или войлочным пологом. У белой юрты он тоже был белым, украшался аппликацией из более тонкого войлока синего или красного цвета и обшивался цветным шнуром.

И хотя признаком достатка стала со временем двухстворчатая дверь, навесной войлок – эшик тыш ничуть не уступает своей красочностью самой выразительной резьбе по дереву, а в изготовлении он, пожалуй, даже сложнее. Войлок приходится снабжать крепким подкладом, нашивать на такую же по форме цветную циновку.

Сакральные символы, яркие, мажорные цвета эшик тыш были и своеобразным приглашением, и наилучшими положениями – как гостью, так и хозяевым.

Полог – көшөгө
Аппликацией - бастырылган
обшивался цветным шнуром – түстүү боолор менен шырылган
двухстворчатая дверь – эки жактуу (жаактуу) каалга
И хотя признаком достатка стала со временем двухстворчатая дверь, навесной войлок – эшик тыш ничуть не уступает своей красочностью самой выразительной резьбе по дереву, а в изготовлении он, пожалуй, даже сложнее. Войлок приходится снабжать крепким подкладом, нашивать на такую же по форме цветную циновку. Кийинчерээк эки жаактуу каалга бардардыкты билдирип калса, эшик жабуу жасалгасы жана көркү жагынан оюу-чийүү салынган жыгач каалганын эч биринен калышпайт, ал эми жасалышы, мүмкүн, каалгадан да татаалыраак келет.
Циновка – бойро сыяктуу сокмо нерсе
Сакральные символы, яркие, мажорные цвета эшик тыш были и своеобразным приглашением, и наилучшими положениями – как гостью, так и хозяевым – Эшик жабуунун сырты ар кандай касиеттүү деп эсептелген символдор менен кооздолуп, үйдүн кутун, бактысын тилегендикти билдирет.

**Лексикалык теманы түшүндүрүү:**

**Эскертүү: Студенттерге боз үй жөнүндө слайд көрсөтүлөт**

**Окутуучу:** Боз үйдүн ички түзүлүшү, тышкы жабдылышы, боз үйдөгү жашоо маданиятын түшүндүрөт. Боз үйдүн куралышы адамдын ден соолугунан тартып психологиялык абалына таасир этет. Анткени боз үйдүн ичинен

төбөңдү карасаң, түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү айды көрөсүң. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат. Чагылгандын чартылдаганын, шамалдын улуганын, дарыянын шоокумун, куштардын сайраганын даана угуп турасың. Боз үйдөн сырткы космос жана ички дүйнө менен бирге жашап даткандай сезесиң. Атүгүл, боз үй кышында жылуу, жайында салкын болуп, анын жыгач-кийиздери табигый таза заттардан жасалгандыктан адамдын ден соолугуна да пайдалуу келет. Анда эмесе, силер менен видео-слайддын негизинде сөз кылабыз.

**2-ташырма: Көрүлгөн видеонун негизинде түшүнгөндөрүн оозеки сүйлөп беришет. Андан кийин тактоочторду катыштырып сүйлөмдөрдү түзүшөт.**

**3-тапшырма:**

**Тексттен тактооч сөздөрдү таап, кайсы түрүнө кирерин аныкташат.**

Боз үйдүн ички жасалгасы.

Үйдүн ичинин бөлүнүшү же андагы буюмдардын жайланышы элдин тумушу, салт-санаасы менен аныкталып, анын ар тарабы өзүнчө мааниге ээ болот

Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк салынат. Жүктүн эки жагына текче илинет. Текче кездемеден узундугу 75 см, туурасы 30-40 см тигилип, тегереги чачыланып, бети саймаланат. Төрт бурчуна  боо тагылып, экөө керегенин башына, экөө уукка байланат. Ичине майда-барат буюм салынат

Боз үйгө туш кийиз тартуу – эзелтен берки салт. Анын боолору ууктун билегине тагылат. Боз үйдүн кире беришиндеги  оң ыптада аяк кап кереге көзүнө илинет. Андан ары чыгдан тартылат. Керегеге, же аш алабаканга көөкөр, көнөчөк, көнөк, чыны кап улай илинсе, жакшы жарашат. Күзгү кап, текченин илиниши үйдү ого бетер көрктөндүрүп жиберет. Азыр коломто болбогондуктан, үйгө шырдак менен ала кийиз салынат. Көрпө, көлдөлөң, курак, сайма төшөктөр төшөлөт.

Боз үйдөгү тиричилик мейкиндиги өтө кызыктуу уюштурулган. Боз үйдүн эшигине бет маңдай жак – «төр» эң сыйлуу бөлүк. Бул жерде коноктор, үй-бүлөдөгү улуу эркектер орун алышкан. Кире бериштин сол капшыты «эр жак» деп аталып, анда орто жашар жана жаш эркек бүлө орун алган, түнкүсүн ал жерде жаш жубайлардын жатар орду жайгашкан. Боз үйдүн кире бериштен оң ыптасы «эпчи жак» (б.а. аял бүлө жак) деп аталып, чийдин аркы жагында идиш-аяк, тамак-аш сакталган. Эң акырында кире бериште – «улага» орун алган. Бул жерде эшикке чукул сол тарапта «ээр токум», «ат жабдыктар» ж.б. тиричилик шаймандары сакталган. Боз үйдүн ортосунда от жагылып, тамак-аш асылчу «коломто» ээлеген.

**4-тапшырма.  Боз үйдө колдонулуучу кайсы буюм жөнүндө сөз болуп жатканын таап, көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү  жазгыла, тексттик маркер менен тактоочторду белгилегиле.**

**…** – кийизден жасалган ашкана буюму. Бул жыгач идиш-аяктарды сакташат. Ал көчмөндүү турмушта кеңири колдонулуп, боз үйдүн эпчи тарабына керегеге эки кулакчасынан илинген. Мунун жөнөкөй түрү жалаң кийизден турат.

**…** – сайма өнөрүнүн жүзүн ачуучу асыл буюм. Ал үйдүн керегесине тартуу үчүн оюм-чийимдерди жана көркөм көчөттөрү менен саймаланган асем үлгү. Кийизге оюм-чийим көчөт түшүрүлүп жасалган жана чети кундуз менен бастырылган. Баш жагына шуру, бермет, маржан өңдүү асемдер тизилген. Кийин алар ар кыл тукаба, парча, баркут сыяктуу кездемелерге өткөн.

**…**– үй эмеректеринин бир бүтүмү. Төргө үстү-үстүнө бүктөлүп жыйылган ала кийиз, алтыкат, жууркан, төшөк жана жаздык. Аны килем, же таар, же сайма жабат.

…. жакшынакай жыйылышы үйдүн ичине өзүнчө ажайып кооздук тартуулайт. Кыз келиндер … кынаптап жыюусу аркылуу кирип-чыккандарга өзүнүн үйдү таза тутуусун, адептүүлүгүн, чеберчилигин жана табийгый маданиятын көрсөтөт.

**…** – боз үйгө кирип-чыгууда эшиктин элпек жабылышы үчүн жылкынын жазы көгү менен токулган чий. Боз үйдүн бир бөлүгү. Түшүүчү көркөм көчөттөр анча ала чакмактанбай, буюмдун четки ийреги кийизге беттей тигилет да, мында негизи кызыл-көк, кара-кызыл, кара-сары, кара-ак сыяктуу эки өң гана жупташат. Ачып-жабууда абдан бышык болуусу үчүн анны согууда атайын жылкынын көгү колдонулат да, буга деле чыгдан (ашкана) жана канат чийге таандык көркөм көчөттөр түшүрүлөт.

**…** – ичине идиш-аяк, тамак-аш коюлуучу чийден жасалган боз үйдүн эпчи жаккы бөлүгү. Бул 2-2,5 мм кооз чырмак оюм салынып да, жөнөкөйда токулат. Өң жагы уукка байланган … эки жагында үчтөн алты кулагы болот да, босого тарабы ашкана оозу чий аркылуу тосулат.

**(Чыгдан, эшик чий, жүк, аяк кап, туш кийиз)**

**Сабак-талкуу:** (5 мүнөт)

«Боз үй- улуу маданият» деген темада талкуу жүргүзүлөт. Окутуучу тарабынан берилген «Сөз кутучасынан» студенттер сөздөрдү алышып маанисин чечмелешип, видеотасмага таянышып ой-пикирлерин айтышат. Кыргыздын боз үйүндөгү ырым-жырымы күчтүү болгон: «керегеге бутту артпоо», «түндүктүн жибине артылбоо», «босогону баспоо», «түндүктү, баканды аттабоо», «босогодо бөйрөгүн таянбоо», «үй айланып чуркабоо»; каалоо-тилек айтымдары: «түндүгүңөн түтүн үзүлбөсүн», «чамгарагың көтөрүлсүн», «очогуң өчпөсүн»; макал-лакаптар: «уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук», «чыккан кыз чийден тышкары», «үйүңө келгенге үйдөң таарынычыңы айтпа» деген сыяктуу.

**Эскертүү: Бул талкуу студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, алган билимдерин турмушта колдоно алуу максатында жүргүзүлөт.**

**Жыйынтыктоо**

**Окутуучу:**

Боз үйдүн ичинде бүткүл кыргыздын байыртан берки тарыхы, тиричилиги, салты, маданияты, тили, дили, акылмандыгы, өнөрү, ой-акылы жатат. Анын баарын чечмелеп айтса өтө узак кеп. Боз үй – көчмөн элдердин биргелешкен акыл-оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй улуу эстелиги, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу. Боз үйдө жашаган элибиз жоо келе жатса, боз үйүн чече салып, жүктөй калып, ушундай бир ыкчам күчтүү рух менен жашаган. Элибиздин байыркы өткөнүн, азыркы өсүшү менен байланыштырган боз үйүбүз кылымдарга жашай бермекчи.

**Үй тапшырмасы: (1 мүнөт)** «Боз үй бүгүн жана эртең…» деген темада тактоочторду пайдалануу менен эссе жазып келүү.

**СӨИ:** Боз үйдүн ден соолукка тийгизген пайдасы жөнүндө маалыматтарды интернет булактарынан, маалымат каражаттарынан топтоп келүү.

**Баалоо: (1 мүнөт)**

- Студенттердин пикирин эске алуу менен топтордун сабактагы активдүүлүгүнө карап бааланат.

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу**
**Наматова Эльвира Ихтияровна**

## Сабактын темасы: Протокол

**Пререквизиттер:**

Теманы өздөштүрүү үчүн студенттер мектепте окутулган кыргыз тили боюнча базалык билимдерге ээ болуусу зарыл. Ушунун негизинде буга чейинки иш кагаздары жөнүндө алган маалыматтары бышыкталат жана өркүндөтүлөт.

**Постреквизиттер:**

Сабактын негизги милдеттеринин бири иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү болгондуктан, сабак учурунда иш кагазынын түрү – протокол боюнча маалымат алуу менен бирге, анын түрлөрүнө, тилине, бул иш кагаздарын жазуудагы негизги эрежелерге жана реквизиттерине токтолобуз. Сабактан алган билим, көндүм адаттарын ар кандай кырдаалга ылайыктап, өз алдынча колдоно билүү, аны менен катар студенттердин кыргыз тилде сүйлөөсүн өстүрүү, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү максатында аларды туура жазуу иштерин, формативдик балоонун түрлөрү аркылуу каталарды текшерүүнүн ыкмаларын, каталарды талдоонун жолдорун үйрөнүшөт. Студенттин кыргыз тили (фонетика жана орфоэпия, графика жана орфография, лексикология, фразеология, грамматика, морфология, сөз түркүмдөрү, синтаксис, текст менен иштөө, стиль жана стилистика) боюнча билимин тереңдетилет.

Студент сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын кыргыз тилинде эркин айтып, түшүндүрө билүүгө жетишет. Расмий

иш кагаздарын сабаттуу жазууга жана текст менен иштеп аларга анализ жүргүзө билүүгө үйрөнөт.

**Сабактын жабдылышы:** ватман, маркерлер, окуу китептери, сөздүк, флипчарт.

**Студент сабактан кийин төмөндөгү компетенттүүлүктөргө ээ болушат:**

- студенттер теманы өздөштүргөндөн соң, алган маалыматтар, үйрөнгөн көндүм-адаттарын, ээ болгон адистик компетенцияларын билим алып жаткан учурда жана келечекте ар кандай кызматтарда колдоно билүүгө үйрөнүшөт;
- коомдо иш кагаздарын туура жана сапаттуу даярдоого жетишишет;
- чөйрөнүн ар кыл тармактарында колдонулуучу иш кагаздарынын бардык түрлөрүн жазууну үйрөнүүгө жана алар менен иш жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Сабактын жүрүшү:**

**I Чакыруу баскычы**

**Өткөн теманы бышыктоо үчүн суроолор (5 мин.):**

6. Кулактандыруу деген эмне?
7. Жарыя деген эмне?
8. Келишим деген эмне жана анын кандай түрлөрү бар?
9. Акт деген эмне?

**Жаңы теманы түшүндүрүү (25 мин.)**

**1-кадам:**

**II Түшүнүү баскычы**

Иш кагаздар өзүнүн көлөмү боюнча, текстинин узундугу жана мазмуну боюнча, татаалдыгы жана жөнөкөйлүгү боюнча татаал жана жөнөкөй болуп бөлүнөрүн белгилеп кетүү керек. Ошондуктан **протокол** өзүнүн түзүмү боюнча татаал (иш кагаздар маселенин камтылышы боюнча жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт) иш кагаздарына таандык.

Чогулуш, жыйын, курултай ж.б. өткөрүлүшүн, анын катышуучуларынын чыгып сүйлөгөн сөздөрүн, чогулуш кабыл алган токтомдорду так, кыска формада баяндаган расмий иш кагазы - протокол. Ал аркылуу чогулуштун каерде, качан өткөрүлгөндүгү, кимдер катышкандыгы жана чыгып сүйлөгөндүгү жөнүндөгү маалыматтар берилет.

Протокол аркылуу кабыл алынган токтомдун тууралыгы жана анын аткарылышы текшерилет.

Протоколдо күн тартибине коюлган маселелердин чечилишин так, анык берүү ишинде жоопкерчилик чогулуштун төрагасына жана катчысына жүктөлөт.

Протоколду толук жана туура жазуу анын укуктук жактан чыныгы иш кагаз экендигин камсыз кылат. Протоколдо чогулушка катышуучулардын саны сөзсүз көрсөтүлүшү керек. Ансыз ар кандай токтом (же чечим) өзүнүн укуктук күчүнө ээ эмес.

Чогулушка катышуучулардын саны 15тен ашпаса, протоколдо алардын аты-жөнү көрсөтүлөт. Ал эми катышуучулар андан көп болсо, атайын тизме түзүлүп, катышуучулардын аты-жөнү, иштеген жери көрсөтүлөт. Тизме алфавит тартибинде түзүлөт.

Протоколдо кабыл алынган токтом же чечим чогулуштун төрагасы жана катчысы кол койгондон кийин гана мыйзамдуу күчүнө кирди деп эсептелет.

Протокол **киришүү** жана **негизги** бөлүмдөрдөн турат.

**Киришүү** бөлүгүндө чогулуштун качан өткөрүлгөндүгү, ага кимдер катышкандыгы, чогулуштун төрагасы жана катчысы көрсөтүлүп, күн тартиби менен аяктайт.

Чогулушта каралуучу маселелер маанилүүлүгү же бири-бири менен өз ара байланыштуулугу боюнча жайгаштырылат жана күн тартибиндеги ар бир маселе араб цифрасы менен белгиленет. Баяндамачынын аткарган кызматы, аты-жөнү кашаанын ичинде берилет.

Адатта күн тартибиндеги акыркы маселени - «Ар түрдүү маселелерди» протоколго киргизүү туура эмес. Себеби ал чогулушта иштелбейт же талкууланбайт (алар адатта ар түрдүү маалыматтар, кабарлар ж.б. болот).

Протоколдун **экинчи - негизги бөлүгүндө** күн тартибине коюлган маселелер ирети менен талкууланат жана ар бир маселе 3 бөлүк боюнча каралат:

1. «УГУЛДУ» бөлүгүндө баяндамачы күн тартибиндеги маселе боюнча билдирүү жасайт. «УГУЛДУ» сөзүнүн алдына анын күн тартибиндеги катар номуру белгиленип, баш тамга менен атайын сапка жазылып, кош чекит коюлат.

Баяндамачынын аты-жөнү жазылып, сызыкча коюлат да, баяндаманын кыскача мазмуну берилет. Баяндама уюмга тапшырылса, ал кашаанын ичинде көрсөтүлүп («Баяндама тиркелет»), протоколго тиркелет.

2. «СӨЗГӨ ЧЫКТЫ» бөлүгү да күн тартибиндеги маселенин катар номуру менен белгиленет, баш тамга менен атайын сапка жазылат жана кош чекит коюлат. Зарылчылык болсо, сөзгө чыккан адамдын аты-жөнүнөн кийин кашаанын ичинде аткарган кызматы көрсөтүлүп, сызыкча коюлат.

3. «ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ» бөлүгү да баш тамга менен атайын сапка жазылат жана кош чекит коюлат. Алды жагына күн тартибинин номуру коюлат.

Каралып жаткан күн тартиби боюнча кабыл алынган токтом бир канча (экиден көп) пункттан турса, ар бир пункт араб цифрасы менен белгиленип, абзац менен жазылат.

**Протоколдун реквизиттеринин жайгашуу схемасы төмөнкүдөй:**

| |
|---|
| 1 |

2

3

4

5

6

7

8

9

| | |
|---|---|
| 10 | |
| 11 | |
| 12 | |
| 13 | |
| 14 | |
| 15 | |

1. Чогулуш өткөрүп жаткан уюмдун аталышы;
2. Иш кагаздын аты жана катар номуру (ПРОТОКОЛ № …)
3. Чогулуш өткөрүлгөн жыл, күн, ай;
4. Чогулуш өткөрүлгөн жай (шаар, айыл ж.б.);
5. Чогулуштун төрагасы, анын аты-жөнү;
6. Чогулуштун катчысы, анын аты-жөнү;
7. Чогулушка катышкандар (алфавит тартиби боюнча тизмеленет);
8. Күн тартиби (атайын сапка жазылат жана кош чекит коюлат);

9. Күн тартибине коюлган маселелер (экиден көп болсо, катар номур коюлат);
10. «УГУЛДУ» бөлүгү;
11. «СӨЗГӨ ЧЫКТЫ» бөлүгү;
12. «ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ» бөлүгү;
13. Тиркеме болсо көрсөтүлөт.
14. Төрага, колу, аты-жөнү;
15. Катчы, колу, аты-жөнү.

Протокол жазылып алынышына карата кыска, толук, стенографиялык жана фонографиялык түрлөргө бөлүнөт. Бул түрлөрдүн дарек белгилери жалпысынан окшош болот.

**1. Чогулуштун кыска протоколу**

Мында биринчи бөлүгү күн тартиби менен толук берилет да, баяндамчынын, жарыш сөзгө чыккандардын аты-жөнү жана кабыл алынган токтом көрсөтүлөт. Демек, баяндаманын мазмуну толук жазылбайт. Ошондуктан мындай протокол башка бирөөгө өтө эле түшүнүксүз болот. Бирок бул сыяктуу протоколдор иш жүргүзүүдө көп түзүлөт.

Чогулуштун кыска протоколунун үлгүсү:

**Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин П-21, К-21, К-41 тайпаларынын жыйналышынын №2 протоколу**

16.25.02
Ош шаары
Төрага - К.Жалилов
Катчы - Ж.Артыкова
Катышкандар: 26 студент (тизме тиркелет).
Күн тартиби:

1. Адаптациялык-педагогикалык практиканын жыйынтыгын чыгаруу. Баяндамачы - Т.Сакыев;
2. Факультеттин 1-курсунун студенттери менен жолугушуу кечесин өткөрүү. Р.Көлбаеванын баяндамасы.

I. УГУЛДУ:

Т.Сакыев адаптациялык-педагогикалык практикада кетирилген кемчиликтер жөнүндө токтолду.

I. СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:

Т.Ишенов өзү практикада болгон мектептин шарты, практиканын жүрүшү жөнүндө айтып берди.

С.Алыкулова адаптациялык жана мамлекеттик практиканы шаардын мектептеринде өткөрүү жөнүндө ой бөлүштү.

I. ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1) Тайпанын студенттеринин адаптациялык-педагогикалык практикасынын жыйынтыгы канааттандырарлык деп эсептелсин;

2) 2016-2017-окуу жылындагы адаптациялык жана мамлекеттик педагогикалык практикаларды шаардын мектептеринде өткөрүүнү уюштуруу деканаттан суралсын.

2. УГУЛДУ:

Р.Көлбаева - 1-курстун студенттери менен 4-курстун студенттеринин жолугушуу кечесине көрүлүп жаткан даярдык жөнүндө билдирүү жасады.

2. ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1) 1-курс менен 4-курстун студенттеринин жолугушуу кечеси 2016-жылдын 6-октябрына белгиленсин;

2) Жолугушуу кечесинин сценарийи бекитилсин;

3) Кечени алып баруу студенттер Ж.Алыкулова жана З.Акышевге милдеттендирилсин.

Төрага (колу) К.Жалилов

Катчы (колу) Ж.Артыкова

**2.Чогулуштун толук протоколу**

Чогулуштун толук протоколунда баяндамачы жана жарыш сөзгө чыккандардын сүйлөгөн сөздөрү кеңири түрдө баяндалат. Берилген суроолор, алынган жооптор толук жазылат. Турмушта чогулуштун толук протоколу көп колдонулат. Себеби протоколдун бул түрү башкаларга мазмуну боюнча түшүнүктүүлүгү жана көчүрмө жасоого ыңгайлуулугу менен айырмаланат.

Чогулуштун толук протоколу:

**2015-жылдын 10-ноябрында КФ-21, КФ-31 тайпаларында өткөн кураторлук сааттын протоколу**

**Катышкандар:** КФ-21, КФ-31 тайпаларынын студенттери

**Каралган маселе:** 2015-жыл – экономиканы чыңдоо жылына карата (КРнын Президенти А.Атамбаевдин «2015-жыл экономиканы чыңдоо жылы» деп жарыяланган жарлыгы боюнча) Н.Мелисованын баяндамасын угуу.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги аталган маселе боюнча группанын куратору сүйлөп, учурда өлкөдө экономикалык кызыкчылыктар алдынкы орунга чыгып, аларга жаңы өндүрүштөрдү жана жумуш орундарын түзүү, айлык акыны көбөйтүү, энергетиканы өнүктүрүү, элдин жашоосун жакшыртуу маселеси киерин белгилеп, ошого байланыштуу 2015-жыл экономиканы чыңдоо жылы деп жарыялангандыгын айтты.

Андан кийин КФ-31 тайпасынын студенти Мелисова Назира билдирүү жасап, билдирүүсүндө 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында экономикабызды чыңдоо боюнча кадамдар белгиленгендигин, бул милдеттер

мамлекеттүүлүктү андан ары бекемдөө максаты менен тыгыз байланышта каралгандыгын айтып, төмөнкүдөй маалыматтар да берилди:

- Акыркы мезгилде негизинен Кыргызстандын экономикасынын приоритеттүү багыттары аныкталды. Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында энергетикадагы, айыл чарбасындагы, транспорт жана башка чөйрөлөрдөгү алгачкы 24 улуттук долбоорду ишке ашыруу башталды. Алардын жалпы суммасы 418,9 млрд. сомду түздү. Улуттук инвесторлор жана чет элдик чакан жана орто бизнестин өкүлдөрү Кыргызстандын экономикасына, тактап айтканда курулушту жана тейлөө кызматтарын өнүктүрүүгө жакшы салым кошууда. 2014-жылы Кыргыз Республикасы биринчи жолу ички улуттук продукттун орто деңгээлине жеткен өлкөлөрдүн категориясына кошулду. Кыргызстан башка бир катар эл аралык рейтингдерде өзүнүн позициясын жакшыртты.

**Сөзгө чыкты:**

Кийинки чыгып сүйлөгөн тайпанын студенттери да буга карата өз ойлорун айтып, экономиканы чыңдоо жылы деп жарыялангандыгын толук колдой тургандыктарын, буга карата пландалган иш чаралар өткөрүлсө, КРнын экономикасы бир топ алдыга жыларын билдиришти.

**Токтом кылынды:**

1. КФ-31 тайпасынын студенти Мелисова Назиранын билдирүүсү жакшы деп табылсын.

Куратор Э.Наматова
Катчы Элдияр кызы А.

**3.Чогулуштун стенографиялык протоколу**

Чогулуштун стенографиялык протоколун атайын даярдыгы бар стенографисттер жазышат. Чогулуштун бул протоколунда жыйналыштагы бардык процесстер жана алардын аткарылуу тартиби катталат. Протоколдун биринчи бөлүгү жазылып, жыйналыштын төрагасы жана катчысы кол коет да, экинчи бөлүк стенографияланып чогулуштун протоколуна тиркеме катары берилет. Зарылдык болсо, стенографияланган текст чечмеленет.

**4.Чогулуштун фонографиялык протоколу**

Чогулуштун фонографиялык протоколу диктофонго же видеокамерага жазылат. Мында баяндамачынын да, жарыш сөзгө чыккандардын да, суроо жана жооп бергендердин да сүйлөгөн сөздөрү толук жазылат.

Протоколдун биринчи бөлүгү жазылып, жыйналыштын төрагасы жана катчысы кол коет. Чогулуштун экинчи бөлүгү - баяндамачылардын, жарыш

сөзгө чыккандардын ж.б. үндөрү диктофонго жазылып, тиркеме катары баяндамада көрсөтүлөт. Зарылдык болсо, текст кагазга түшүрүлөт.

Чогулуштун стенографиялык жана фонографиялык баяндамалары өзгөчө учурларда - мамлекеттик мааниси бар илимий жыйындарда, жолугушууларда, диссетцияларды коргоодо, өтө жашырын маселелерди талкуулоодо, курултайларда жана кадыресе жыйындарда да пайдаланылат.

**Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин П-21, К-21, К-41 тайпаларынын жыйналышынын**
**№2 протоколу**

**16.25.02**
**Ош шаары**
**Төрага – К.Жалилов**
**Катчы - Ж.Артыкова**
**Катышкандар: 26 студент (тизме тиркелет).**

**Күн тартиби:**

1. Адаптациялык-педагогикалык практиканын жыйынтыгын чыгаруу. Баяндамачы – Т.Сакыев.
2. Факультеттин 1-курсунун студенттери менен жолугушуу кечесин өткөрүү. Р.Көлбаеванын баяндамасы.

Чогулушутун стенографиялык (фонографиялык) отчөту тиркелет (6 бет, 1 диск).

Төрага (колу) К.Жалилов
Катчы (колу) Ж.Артыкова

**ПРОТОКОЛДОН КӨЧҮРМӨ**

Протоколдон көчүрмө тиешелүү адамга зарыл болгондо берилет жана ага мөөр басылып, жооптуу адамдын колу коюлгандан кийин расмий укуктук күчкө ээ.

Протоколдун көчүрмөсүнөн негизги бөлүктөрү протоколдун негизги бөлүктөрүнө, негизинен, дал келет. Айырмасы мында: биринчи бөлүктө белгиленген төраганын, катчынын аты-жөнү, катышкандардын саны көчүрмөдө калтырылат. Протоколдон көчүрөмөгө күн тартибиндеги тиешелүү маселе жана ал талкууланган бөлүк («УГУЛДУ», «СӨЗГӨ ЧЫКТЫ», «ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ») көчүрүлөт. Чогулуштун төрагасынын, катчысынын колунан жана аты-жөнүнөн кийин, «КӨЧҮРМӨ АНЫК» деп белгиленип, көчүрмөнү даярдаган жоопту адамдын колу коюлуп, аты-жөнү жазылат жана уюмдун мөөрү басылат.

Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин П-21, К-21, К-41 тайпаларынын жыйналышынын
№2 протоколу
16.25.02
Ош шаары

**Күн тартиби:**

2. Факультеттин 1-курсунун студенттери менен жолугушуу кечесин өткөрүү. Р.Көлбаеванын баяндамасы.

**2. Угулду:**

Р.Көлбаева – факультетибизге жаңыдан келген 1-курстун студенттерин куттуктоо, аларга кеп-кеңештерди айтуу биздин, 4-курстун студенттеринин милдети болуп саналат. Ушул максатта менин жетекчилигим менен түзүлгөн топ жаңы окуу жылынан баштап иштеп келе жатат. Келечекте өткөрүлүүчү жолугушуунун сценарийи түзүлдү. Тайпанын студенттери залды жасалгалап, чакан концерт даярдоодо. Сценарийде белгиленген иш чаралар аяктап калды. Эми сценарийди бекитүү керек. Аны менен сиздерди тааныштыра кетейин (сценарийи тиркелет). Бүгүн жолугушуу кечесин өткөрүү мөөнөтүн белгилөөбүз зарыл.

**2. Токтом кылынды:**

1) 1-курс менен 4-курстун студенттеринин жолугушуу кечеси 2016-жылдын 7-октябрына белгиленсин;

2) Жолугушуу кечесинин сценарийи бекитилсин;

3) Кечени алып баруу студенттер Ж.Алыкулова жана З.Акышевге милдеттендирилсин.

Төрага (колу) К.Жалилов

Катчы (колу) Ж.Артыкова

КӨЧҮРМӨ АНЫК

Катчы (колу) Ж.Артыкова

**Ой жүгүртүү баскычы**

**1-кадам:**

Студенттер 1-, 2- деп саноо менен 2 топко бөлүнүшөт.

**1-тапшырма: Топтордо иштөө (10 мин.).**

Берилген сөздөр, сөз айкаштары жана сүйлөмдөр протоколдун кайсы бөлүгүнө тиешелүү экенин аныктап, төмөнкү таблицаны толтурушат.

| Киришүү бөлүгү | Негизги бөлүк | | |
|---|---|---|---|
| | **Угулду** | **Сөзгө чыкты** | **Токтом кылынды** |

**1-топ: Протоколдун текстине мүнөздүү сөз жана сөз айкаштарын таап, таблицаны толтургула.**

Төрага, мүлк, катчы, кыскача мазмун, угулду, ооруп калгандыгыма байланыштуу, токтом кылынды, ушул акт түзүлдү, (кабыл алынды), эмеректердин тизмеси, күн тартиби, берилди ушул справка, катышкандар, буюмдардын тизмеси, техникалык жабдыктар, жактырылсын, аныкталды, кайра каралсын, суроо, жооп, нуска, даана, маселе, эсептелсин, сунушталсын, санаганда жетпей калды, баяндамачы.

**Туура жооп:**

Төрага, катчы, катышкандар, баяндамачы, суроо, жооп, кыскача мазмун, угулду, токтом, кылынды (кабыл алынды), күн тартиби, жактырылсын, кайра каралсын, маселе, эсептелсин, сунушталсын.

**2-топ:**

**1-тапшырма: Сөздөрдү туура бириктирип, келип чыккан сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү таблицага жазгыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Маселесин<br>Ишти көзөмөлдөө жагы<br>Жунушова Майрамдын<br>Токтом<br>Чогулушка<br>Кеңештин<br>Сунуш | | кылынды<br>киргизди<br>Данияровго жүктөлсүн<br>баяндамасы<br>кароо<br>катышкандардын саны<br>төрагасы |

**Туурасы:**

| | | |
|---|---|---|
| маселесин<br>Ишти көзөмөлдөө жагы<br>Жунушова Майрамдын<br>Токтом<br>Чогулушка<br>Кеңештин<br>Сунуш | | кароо<br>Данияровго жүктөлсүн<br>баяндамасы<br>кылынды<br>катышкандардын саны<br>төрагасы<br>киргизди |

**2-тапшырма: Төмөнкү сөздөр кайсы сөздөр менен айкалышып келиши мүмкүн, жазып, таблицаны толтургула.**

| | |
|---|---|
| ______________________ саны | баяндамасы ______________________ |
| _________________________ маселе | деген суроо ___ __________________ |

| | |
|---|---|
| | |
| ________________________ кылынсын | баяндаманын ___________________ |

**Туурасы:**

| | |
|---|---|
| (Чогулушка) катышкандардын саны | Баяндамасы (жакшы деп табылсын, угулду ж.б.) |
| (Каралуучу) маселе | Деген суроо (каралды, айтылды, берилди ж.б.) |
| (Токтом) кылынсын | Баяндаманын (жыйынтыгында, мазмунунда ж.б.) |

**2-тапшырма:**
**1-топ: Протоколдун башкы бөлүгү берилди. Аягын толуктап жазгыла. (чогулуштун кыска протоколун жазууга 15 мин. убакыт берилет).**
**Кыргыз-Түрк «Манас» университети**
**Чет тилдер жогорку мектеби**
**Тил үйрөтүү бөлүмү**
**Кыргыз тили координаторлугунун кеңешмесинин**
**№ 22 П Р О Т О К О Л У**

25.02.2016

Бишкек шаары

**Төрага:** Э. Төлөкова – Кыргыз тилин үйрөтүү координатору

**Катчы:** Н. Мырзакматова – окутуучу

**Катышкандар:** 22 окутуучу.

**Күн тартиби:**

1. «Тилден дилге» кыргыз тили окуу китебинин көркөм чыгармалар боюнча окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү жыйнагын (улантуучу топтор үчүн) басмага сунуштоо.
2. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**
**2-топ: Чогулуштун кыска протоколун жазгыла**
**Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин ПИ-21 тайпасынын 2016-жылдын 12-апрелинде өткөрүлгөн чогулуштун**
**№8 протоколу**
**Төрага:**
**Катчы:**
**Катышкандар:** ПИ-21 тайпасынын студенттери (тизме тиркелет).
**Күн тартиби:**
**2-кадам: Тексттер менен иштөө. Студенттерге карточкалар таратылып берилет. Ал боюнча берилген тапшырмаларды аткарышат.**

**3-тапшырма (10 мин.):**

**1-текст.**

**1. Протоколдун текстинде кездешкен жаңы сөз жана сөз айкаштарына көңүл бургула. (Протоколдун текстинде кездешкен жаңы сөз жана сөз айкаштарын табышат (баяндаманын кыскача мазмуну)**

**2. Кайсы сөз жана сөз тизмектери бардык протоколдордо кездешиши мүмкүн, бөлүп жазыңыз. (Мына ушул өзгөчөлүгүнө карай протокол типтүү иш кагаздарына кирет) .**

**«Азат» ААКынын**

**Директорлор кеңешинин жыйынынын**

**№ 12 П Р О Т О К О Л У**

15.04.2011 Бишкек ш.

Төрагасы: С. М. Дыйканов

Катчысы: Р. Т. Аманов

Катышкандар: директорлор кеңешинин 8 мүчөсү: А. И. Астранов, Г. Ж. Закирова, К. Т. Биримкулов, Ж. Н. Жаныбеков, С. Б. Асеков, А. К. Байзаков, Д. О. Жалилов, С. М. Дыйканов.

Келбегендер: –

**Күн тартиби:**

1. Акционердик коомдун филиалын Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарында уюштуруу жөнүндө. Баяндамачы – С. Асеков.

2. Уюштуруу иштери.

**Угулду**: С. Асеков – баяндаманын кыскача мазмуну.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

А. Байзаков – баяндаманын кыскача мазмуну.

Д. Жалилов – баяндаманын кыскача мазмуну.

**Токтом кылынды:**

1. 2011-жылдын 5-июнуна чейин филиал ачууга байланыштуу бардык документтер даярдалсын (жооптуу – Б. Алиева).

2. 2011-жылдын 25-майына чейин директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн айрым сунуштары бизнес-планга киргизилсин жана филиалдын толук бүткөн бизнес-планы ишке ашырууга даяр түргө келтирилсин (жооптуу – С. Асеков).

| | | |
|---|---|---|
| Төрага | (колу) | С. М. Дыйканов |
| Катчы | (колу) | Р. Т. Аманов |

**3. Тексттеги «баяндаманын кыскача мазмуну» дегенге түшүндүрмө бериңиз.**

**4. Ал баяндамада эмнелер жөнүндө маалымат болушу мүмкүн?**

**2-текст: Төмөнкү тексттеги боштуктарды мааниси боюнча туура келген сөздөр менен толуктагыла.**

**Ж. Баласагын атындагы**

**КУУнун кыргыз .........................**
**факультетинин Окумуштуулар кеңешинин**
**№ 5 протоколунан ........................................**
**17-март, 2010-ж. Бишкек ш.**

Жыйынга .............................. Кеңешинин 15 ..................... катышты.

Күн ......................: Ар түрдүү маселелер

**Угулду**: факультеттин кыргыз тили жана .................... бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү Асел Каныбек кызын бюджеттик .......................... аспирантурага сунуш .............................. маселеси каралды.

Бул сунушту .................................. факультетинин Окумуштуулар кеңеши

**Токтом кылат:**

Бүтүрүүчү Каныбек кызы Асел ........................... негиздеги аспирантурада окууга .............................. кылынсын.

Факультеттин ........................ кеңешинин төрагасы, ф. и. д. , проф. Ч. Асанов
Окумуштуулар кеңешинин ........................... ф. и. к., доцент Т. Бейшеева

**4-тапшырма: Иш кагазынын негизги текстинин пункттары башаламан тартипте берилген, катар номурун туура жазуу менен протоколдун кайсы бөлүгүнө тиешелүү экенин аныктап, ордуна жайгаштырышат (20 мин.).**

**1-топ:**

Күн тартибинде каралган 1-маселе боюнча аталган группанын куратору окутуучу Э.Жапарова чыгып сүйлөп, өзүн 1-курстун студенттерине тааныштырды.

Группада бардыгы он беш студент окуйт, жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы менен алардын тогузу бюджеттик негизде, алтысы контакттык келишиимде кабыл алынган.

Андан соң Э.Жапарова жаңы окуу жылына карата максат-милдеттерди белгилеп, студенттерге, биринчиден, окууга жетиш-катышты биринчи орунга коюуну, сабактарды калтырбай, жогорку жоопкерчиликте даярдануу, окуу иштери, коомдук жана маданий иштерге байланыштуу факультеттин жана университеттин иш-чараларына активдүү катышып, берилген тапшырмаларды өз убагында аткарууну, модулдук, экзамендик сынактарды өз убагында тапшырууга милдеттениши керек экендиктерин эскертти.

Жаңы окуу жылына карата белгиленген максат-милдеттерди группанын студенттери бир добуштан колдошту.

1. 2015-2016-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча куратордун отчету жана жаңы окуу жылына карата максат-милдеттер.
2. Группалардын старосталарын жана башка активдерин шайлоо.

3. Ар түрдүү маселелер.

Куратор Э.Жапарова жана КФ-41, КФ-42 тайпасынын студенттери

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин КФ-11 тайпасынын 2015-жылдын 2-сентябрындагы чогулушунун №1 ПРОТОКОЛУ.

1. Жаңы окуу жылына окууга жана коомдук-маданий иштерге жогорку жоопкерчилик менен мамиле кылуу, модуль, экзамендерди өз убагында тапшыруу группанын студенттердин ар бирине милдеттендирилсин.
2. Студенттердин сабакка жетиш-катышы куратор жана староста тарабынан көзөмөлдөнсүн.
1. КФ-11 тайпасынын старосталыгына Кыдыралиева Жанайым, орун басарлыгына Абдрахманова Салия шайлансын;
2. Маданий-массалык иштерди алып барууга Жапарова Айгерим, Сулайманова Айзада шайлансын.

Күн тартибиндеги 2-маселеде группа активдерин шайлоо каралды. Студенттердин сунушу менен группанын старосталыгына Абдрахманова Салия, Кыдыралиева Жанайым көрсөтүлдү. Көпчүлүктүн добушуна Кыдыралиева Жанайым ээ болду.

Андан кийин группадан массалык-маданий иштерди алып барууга Жапарова Айгерим, Сулайманова Айзада көрсөтүлүп, колдоо табышты.

Куратор Жапарова Э.

Катчы Кыдыралиева Ж.

**Туурасы:**

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин КФ-11 тайпасынын 2015-жылдын 2-сентябрындагы чогулушунун**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**Катышкандар:** Куратор Э.Жапарова жана КФ-41, КФ-42 тайпасынын студенттери

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2015-2016-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча куратордун отчету жана жаңы окуу жылына карата максат-милдеттер.
2. Группалардын старосталарын жана башка активдерин шайлоо.

3. Ар түрдүү маселелер.

Күн тартибинде каралган 1-маселе боюнча аталган группанын куратору окутуучу Э.Жапарова чыгып сүйлөп, өзүн 1-курстун студенттерине тааныштырды.

Группада бардыгы он беш студент окуйт, жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы менен алардын тогузу бюджеттик негизде, алтысы контакттык келишиимде кабыл алынган.

Андан соң Э.Жапарова жаңы окуу жылына карата максат-милдеттерди белгилеп, студенттерге, биринчиден, окууга жетиш-катышты биринчи орунга коюуну, сабактарды калтырбай, жогорку жоопкерчиликте даярдануу, окуу иштери, коомдук жана маданий иштерге байланыштуу факультеттин жана университеттин иш-чараларына активдүү катышып, берилген тапшырмаларды өз убагында аткарууну, модулдук, экзамендик сынактарды өз убагында тапшырууга милдеттениши керек экендиктерин эскертти.

Жаңы окуу жылына карата белгиленген максат-милдеттерди группанын студенттери бир добуштан колдошту.

**Жогорудагылардын негизинде группанын чогулушу чечим кылат:**

1. Жаңы окуу жылына окууга жана коомдук-маданий иштерге жогорку жоопкерчилик менен мамиле кылуу, модуль, экзамендерди өз убагында тапшыруу группанын студенттердин ар бирине милдеттендирилсин;
2. Студенттердин сабакка жетиш-катышы куратор жана староста тарабынан көзөмөлдөнсүн.

Күн тартибиндеги 2-маселеде группа активдерин шайлоо каралды. Студенттердин сунушу менен группанын старосталыгына Абдрахманова Салия, Кыдыралиева Жанайым көрсөтүлдү. Көпчүлүктүн добушуна Кыдыралиева Жанайым ээ болду.

Андан кийин группадан массалык-маданий иштерди алып барууга Жапарова Айгерим, Сулайманова Айзада көрсөтүлүп, колдоо табышты.

**Жогорудагылардын негизинде группанын чогулушу чечим кылат:**

1. КФ-11 тайпасынын старосталыгына Кыдыралиева Жанайым, орун басарлыгына Абдрахманова Салия шайлансын;
2. Маданий-массалык иштерди алып барууга Жапарова Айгерим, Сулайманова Айзада шайлансын.

| | |
|---|---|
| Куратор | Жапарова Э. |
| Катчы | Кыдыралиева Ж. |

**2-топ:**

**№5 прото**кол

**Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин 3-курсунун К-022, 023, 024 топторунун чогулушу**

3-курстун старостасы А.Абдыкеримова бир айлык практикадан кийин жалпы курстук отчет даярдасын, ага мектептеги практика боюнча чогулуш уюштуруу жүктөлсүн.
Төрагасы – А.Ормонбекова
Катчысы – Р.Курманбек кызы
38 студент катышты (тизмеси тиркелет)

Студент У.Акматов ага бөлүнгөн мектеп жөнүндө, өзүнүн милдеттери жөнүндө айтып берди. Студент К.Калматов тажрыйбалуу мугалимдер сабак берүүдөгү жана окуучуларды тарбиялоодогу өздөрүнүн тажрыйбасы менен дайыма бөлүшүп турууну өтүндү.

1. Биринчи педагогикалык практикага даярдык жөнүндө
   Баяндамачы – Ч.Жолдошева;

2. Жаңы окуу жылына курстун жыйынтыгы
   Баяндамачы – Т.Жумаев.

23.09.2004-ж.
Бишкек ш.

Ч.Жолдошева биринчи педагогикалык практика жөнүндө, бул иштин өйдө-ылдыйы жөнүндө айтып берди.

| | | |
|---|---|---|
| Төрага | (колу) | А.Ормонбекова |
| Катчы | (колу) | Р.Курманбек кызы |

**Туурасы:**

**№5 прото**кол

**Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин 3-курсунун К-022, 023, 024 топторунун чогулушу**

23.09.2004-ж.
Бишкек ш.
Төрагасы – А.Ормонбекова
Катчысы – Р.Курманбек кызы

38 студент катышты (тизмеси тиркелет)

**Күн тартиби:**

1. Биринчи педагогикалык практикага даярдык жөнүндө
   Баяндамачы – Ч.Жолдошева;
2. Жаңы окуу жылына курстун жыйынтыгы
   Баяндамачы – Т.Жумаев.

**Угулду:** Ч.Жолдошева биринчи педагогикалык практика жөнүндө, бул иштин өйдө-ылдыйы жөнүндө айтып берди.

**Сүйлөштү:** Студент У.Акматов ага бөлүнгөн мектеп жөнүндө, өзүнүн милдеттери жөнүндө айтып берди. Студент К.Калматов тажрыйбалуу мугалимдер сабак берүүдөгү жана окуучуларды тарбиялоодогу өздөрүнүн тажрыйбасы менен дайыма бөлүшүп турууну өтүндү.

**Токтом кылдынды:** 3-курстун старостасы А.Абдыкеримова бир айлык практикадан кийин жалпы курстук отчет даярдасын, ага мектептеги практика боюнча чогулуш уюштуруу жүктөлсүн.

Төрага (колу) А.Ормонбекова

Катчы (колу) Р.Курманбек кызы

**5-тапшырма: Протоколго мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аныктагыла (5 мин.).**

1. Бул уюмдун жетекчисинин дарегине ар түрдүү даттануу же өтүнүч маселелери менен жазылган иш кагазынын түрү.
2. Чогулушта каралуучу маселелер маанилүүлүгү же бири-бири менен өз ара байланыштуулугу боюнча жайгаштырылат жана күн тартибиндеги ар бир маселе араб цифрасы менен белгиленет.
3. Бул кызматтык ишмердик менен байланышкан ар кандай кырдаалдарды түшүндүрүү үчүн кызматкерлер тарабынын мекеменин, уюмдун же ишкананын жетекчисине жазылган расмий иш кагазы.
4. Катышуучулардын саны сөзсүз көрсөтүлүшү керек.
5. Бул иш кагазы аркылуу белгилүү мекемеден акча же баалуу буюм, түрдүү документти алууга, сатуу жана сатып алуу келишимдерин түзүүгө, бирөөнүн машинасын айдап жүрүүгө, менчик мүлкүн башкарууга ж.б.у.с. жумуштарды жүзөгө ашыруу үчүн берилген иш кагазы
6. Уюмдардан, мекемелерден же жеке жактардан акча каражаттарын же материалдык баалуулуктарын алууда, ошондой эле кандайдыр бир аракеттер болуп өткөндө кеңири колдонулган иш кагазы.
7. Чогулуш, жыйын, курултай ж.б. өткөрүлүшүн, анын катышуучуларынын чыгып сүйлөгөн сөздөрүн, чогулуш кабыл алган токтомдорду так, кыска формада баяндаган расмий иш кагазы
8. Өз мазумунуна ылайык продуктуларды өткөрүп берүү, айыл чарба азык-түлүктөрүн мамлекетке сатуу, материалдык жоопкерчилик, имарат же курулушту куруу, турак-жайды ижирага алуу, үй-жай жана транспорт

каражаттарын сатуу-алуу, мурас калтыруу, алмаштыруу, мал-мүлкүн ижарага берүү, карыз берүү ж.б. жөнүндө түзүлөт.

9. Жазуу түрүндө түзүлүп, нотариат кеңселери тастыктаган (бекиткен) формада болушу керек.
10. Кабыл алынган чечим чогулуштун төрагасы жана катчысы кол койгондон кийин гана мыйзамдуу күчүнө кирди деп эсептелет.

**Сабакты бышыктоо:**

Бүгүнкү сабакта биз силер менен иш кагаздарынын дагы бир түрү – протокол менен тааныштык. Протокол жөнүндөгү теманы бир сабак менен эле жыйынтыктап коө албайт экенбиз. Бүгүнкү сабакта протокол жөнүндө жалпы маалымат гана ала алдык жана протокол жазууну үйрөндүк. Ал эми теманы мындан ары да терең түшүнүп, протокол жазганга машыгуу үчүн өз алдынча көп иштөө керек. Мына ушул максатта үйгө төмөнкүдөй тапшырма берилет.

**Үйгө тапшырма:**

**Текстти иш кагаздар стилине келтирип, катыштырып протоколдун угулду бөлүгүн түзгүлө. "Күн тартиби" жана "токтом кылдынды" бөлүгүн жазгыла.**

**1-текст:**

Изилдөөчүлөрдүн ырасташынча, Кыргызстан экономикасы эки урунт учурду башынан кечирди. Анын биринчиси – 1991-жылдан 1995-жылга чейинки мезгилди камтыйт. Бул учурда социалисттик чарбалардын ич ара байланыштары үзүлүп, Кыргызстан толгон-токой экономикалык проблемалардын төө бастысында калган.

1995-жылы Кыргызстанда өндүрүштүн кедеринен кетүүсү жетер чегине жетип, ички дүң продуктынын көлөмү 1990-жылга салыштырганда 50%дан ашуун төмөн түшкөн. 1996-жылдан тарта гана экономикалык жандануунун айрым белгилери көрүнө баштаган. Бул мезгилде инфляция деңгээли кыйла төмөндөгөн. 1996-жылдан 2002-жылга чейин ички дүң продуктунун жылдык орточо өсүшү 5%ды түздү.

**2-текст:**

Мына ушул 5% көрсөткүч төмөн түшпөсө кедейликти жыл сайын 2-3%га азайтуу мүмкүнчүлүгү түзүлөр эле. Бирок буга жетиш үчүн тышкы инвестициянын көлөмү ИДПга карата 20%дан кем эмес болушу керек.

2003-жылы Кыргызстандын тышкы карызы ички дүң продуктуга карата 87%га жетти. 2002-жылы ал 100%га бир аз жете албай калган. Өкмөт ушу тапта Париж клубуна үмүт артып, карыздарды төлөө мөөнөтүн кийинкиге жылдырып коөбу деген суроо менен жашоодо. 2002-жылкы артка жылдырылган 3 жылдык мөөнөт деле эмдиги жылы аягына чыгат.

**Студенттердин билимин баалоо**

**1-топ:**

Күн тартибинде каралган 1-маселе боюнча аталган группанын куратору окутуучу Э.Жапарова чыгып сүйлөп, өзүн 1-курстун студенттерине тааныштырды.

Группада бардыгы он беш студент окуйт, жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы менен алардын тогузу бюджеттик негизде, алтысы контакттык келишиимде кабыл алынган.

Андан соң Э.Жапарова жаңы окуу жылына карата максат-милдеттерди белгилеп, студенттерге, биринчиден, окууга жетиш-катышты биринчи орунга коюуну, сабактарды калтырбай, жогорку жоопкерчиликте даярдануу, окуу иштери, коомдук жана маданий иштерге байланыштуу факультеттин жана университеттин иш-чараларына активдүү катышып, берилген тапшырмаларды өз убагында аткарууну, модулдук, экзамендик сынактарды өз убагында тапшырууга милдеттениши керек экендиктерин эскертти.

Жаңы окуу жылына карата белгиленген максат-милдеттерди группанын студенттери бир добуштан колдошту.

4. 2015-2016-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча куратордун отчету жана жаңы окуу жылына карата максат-милдеттер.
5. Группалардын старосталарын жана башка активдерин шайлоо.
6. Ар түрдүү маселелер.

Куратор Э.Жапарова жана КФ-41, КФ-42 тайпасынын студенттери

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин КФ-11 тайпасынын 2015-жылдын 2-сентябрындагы чогулушунун №1 ПРОТОКОЛУ.

3. Жаңы окуу жылына окууга жана коомдук-маданий иштерге жогорку жоопкерчилик менен мамиле кылуу, модуль, экзамендерди өз убагында тапшыруу группанын студенттердин ар бирине милдеттендирилсин.
4. Студенттердин сабакка жетиш-катышы куратор жана староста тарабынан көзөмөлдөнсүн.
3. КФ-11 тайпасынын старосталыгына Кыдыралиева Жанайым, орун басарлыгына Абдрахманова Салия шайлансын;
4. Маданий-массалык иштерди алып барууга Жапарова Айгерим, Сулайманова Айзада шайлансын.

Күн тартибиндеги 2-маселеде группа активдерин шайлоо каралды. Студенттердин сунушу менен группанын старосталыгына Абдрахманова

Салия, Кыдыралиева Жанайым көрсөтүлдү. Көпчүлүктүн добушуна Кыдыралиева Жанайым ээ болду.

Андан кийин группадан массалык-маданий иштерди алып барууга Жапарова Айгерим, Сулайманова Айзада көрсөтүлүп, колдоо табышты.

Куратор Жапарова Э.

Катчы Кыдыралиева Ж.

**Сатыбалдиева М.Ж.**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу**

**Сабактын грамматикалык темасы**: Сын атооч жана анын даражалары

**Сабактын кептик темасы**: Адам жана анын асыл сапаттары

**Сабактын максаты**:

1. **Билим берүүчүлүк максаты**:

1.1. Студенттерге Сын атоочтун түрлөрү жана анын даражалары боюнча кеңири түшүнүк берүү; сын атооч боюнча мурда алган билимдерин жалпылаштыруу, тереңдетүү;

1.2. Жазуу жана кеп ишмердүүлүгүндө сын атоочторду ыктуу пайдаланууга үйрөтүү;

1.3. Студенттерге сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы жана синтаксистик кызматы жөнүндө маалымат берүү;

1.4. Адам жана анын асыл сапаттары боюнча маалымат берүү.

2. **Өнүктүрүүчүлүк максаты**:

2.1. Алган билимдерин практикада колдоно алуу көндүмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү;

2.2. Сын атоочтун даражаларын жана жасалышын аныктай билүүгө машыктыруу;

2.3. Студенттер өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айтууга, ой жүгүртүүлөрү менен сабаттуу болууга көнүктүрүү.

3. **Тарбия берүүчүлүк максаты**:

3.1. Студенттерттер сылыктыкка, адамгерчиликтүүлүккө, сүйлөшүү адебине, бирин-бирин түшүнүп сыйлоого тарбияланышса;

3.2. Эне тилин сүйүүгө жана анын тазалыгын сактоого тарбиялануугa багыт алышат;

3.3. Сабакта алган билимдерин турмушта колдоно алуунун жолдоруна үйрөтүү;

3.4. Студенттердин таанып-билүүлөрүн кеңейтүү.

**Студенттер ээ болуучу компоненттүүлүктөр**:

**Билим берүүчүлүк  максаты:**

- ✓ Студенттер  сын атоочтун түрлөрү жана анын  даражалары боюнча кеңири түшүнүк алышат; сын атооч  боюнча мурда алган билимдерин жалпылаштырышат, терендетишет;
- ✓ Жазуу жана кеп ишмердүүлүгүндө  сын атоочторду ыктуу ыктуу пайдаланууга  үйрөнүшөт.
- ✓ Студенттер сын атоочтун  синтаксистик жол менен жасалышы жана синтаксистик  кызматы жөнүндө түшүнүк алышат;
- ✓ Адам  жана анын асыл  сапаттары  боюнча  кенен маалыматта болушат

**Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

- ✓ Алган билимдерин практикада колдоно алуу көндүмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшөт;
- ✓ Сын атоочтун даражаларын жана жасалышын аныктай билүүгө машыгышат;
- ✓ Студенттер өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айтууга, ой жүгүртүүлөрү менен сабаттуу болууга көнүгүшөт

**Тарбиялоочулук максаты**:

- ✓ Студенттерттер  сылыктыкка, адамгерчиликтүүлүккө,  сүйлөшүү адебине, бирин-бирин түшүнүп сыйлоого тарбияланышат;
- ✓ Сабакта алган билимдерин турмушта колдоно алуунун  жолдоруна үйрөнүшөт;
- ✓ Өз ара бири-биринин пикирин угууга, сылык болууга тарбияланышат.

❖ **Сабактын болжолдуу регламенти**:

1) Уюштуруу -3 мүнөт
2) Теманы өздөштүрүү -10 мүнөт
3) Грамматикалык теманы түшүндүрүү -5 мүнөт
4) Грамматикалык тема боюнча карточкалар менен иштөө -5 мүнөт
5) Грамматикалык тема боюнча сүйлөмдөр менен иштөө – 5 мүнөт
6) Кептик  теманы  түшүндүрүү  - 5 мүнөт
7) Кептик тема боюнча топтордо иштөө – 10 мүнөт
8) Грамматикалык жана кептик теманы бышыктоо -10 мүнөт
9) Баалоо -2 мүнөт

Үй  тапшырмасы – 2 мүнөт

**Сабактын ыкмасы**: интерактивдүү ыкмалардын айрым стратегиялары, суроо-жооп, таймаш ыкмасы.
**Предмет аралык байланыш**: адабият, адеп, тарых, искусство, этнография.
**Сабактын жабдылышы**: таблица, карточкалар, көрсөтмө таратмалар, оюндун түрлөрү, окуу китеби жана тема боюнча илимий-теориялык, методикалык эмгектер.
**Сабактын жүрүшү**:
**Уюштуруу: (3 мүнөт)**
Студенттер менен саламдашуу, алардын көңүлүн топтоп, сабакка буруу, аудиториянын абалына көз салуу, катышууну көзөмөлдөө.
**Теманы өздөштүрүү**:
**Грамматикалык теманы түшүндүрүү – 10 (мүнөт)**

Заттын өңүн, түсүн, сынын, сапатын, даамын, формасын ж.б. көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр сын атооч деп аталат. М и с а л ы: **кызыл, сары, жашыл, таттуу, ачуу, тоголок, жумшак ж.б.**

Сын атооч сүйлөм ичинде көбүнчө баяндоочтук, аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат: М и с а л ы: **Акылдуунун сөзү кыска** (кыска — баяндооч). Жакшы адамдын белгиси эл камы үчүн **жүгүрөт,** жаман **адам белгиси өз камы үчүн күйүнөт** **(жакшы, жаман** - аныктооч). **Бали, азаматтар, жакшы иштедиңер** (жакшы -бышыктооч).

Сын атооч түзүлүшүнө карай **жөнөкөй жана татаал** болуп бөлүнөт. Жөнөкөй сын атоочтор **бир гана сөздөн** , татаал сын атоочтор **эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт**. Мисалы, **кызыл, сары, таттуу, жарык** – жөнөкөй сын атоочтор, **кызыл ала, кара тору, жакшы-жаман, узун-узун** татаал сын атоочтор.

**Сын атоочтор сапаттык жана катыштык болуп эки түргө бөлүнөт:**

Заттардын сын-сыпаты, өңү-түсү, даамы, формасы, мүнөзү, сапаты сыяктуу белгилерин түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын атооч деп аталат.

М и с а л ы: **ичке, сулуу, ак, жашыл, тунук, ачуу, тегерек, тоголок, шайыр, түнт, жакшы, жаман, кызылыраак, өтө чоң, абдан сонун, саргыч, бозолук, чоң-кичине, жакшы-жаман, ак-кара** ж. б.

Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор катыштык сын деп аталат.

М и с а л ы: **токойлуу жер, тоодой толкун, темирдей тартип, жаанчыл ай, даамдуу тамак, тумакчан киши, аталаш туган ж.б.**

- **Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар: жай, салыштырма, күчөтмө жана басаңдатма даража**.

**ЖАЙ ДАРАЖА**

Заттын белгисин кандай нормада экендигин билгизип, атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, уңгу түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу жасалат: **кызыл, сары, ак, көк, кара, жашыл, ачуу, кен, сүйрү ж.б.**

**САЛЫШТЫРМА ДАРАЖА**

Заттагы бир эле белги экинчи заттын белгиси менен салыштырылат. Салыштырууну чыгыш жөндөмөсүнүн -дан жана -ыраак мүчөсү уюштурат. Бал канттан пайдалуу. Замира Берметтен кичине. Москва көп шаарлардан кооз (коозураак).

**КШЧӨТМӨ ДАРАЖА**

Заттардын сын-сыпатын күчөтүп, өтө жогору же өтө төмөн экендигин көрсөтөт да, төмөнкү жолдор менен жасалат.

а) эң, өтө, абдан, чымкый, чылк деген ж. б. күчөткүч бөлүкчөлөрдүн жардамы менен жасалат: **эң чоң, өтө күчтүү, абдан жакшы, чымкый кызыл.**

б) сын атоочтун толук кайталанып же кыскарып айтылышы аркылуу жасалат: **кыпкызыл, упузун, капкара, сапсары, бийик- бийик тоолор, кооз-кооз үйлөр, сонун-сонун көчөлөр ж.б.**

в) затташкан сын атоочтор күчтөмө даражаны уюштурат: **мыктынын мыктысы, сулуунун сулуу су** ж.б.

**БАСАҢДАТМА ДАРАЖА**

Заттагы белгинин нормалдуу белгиге жете бербегендигин же анын басандатылып айтылышын билдирет, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

-ыш - **агыш, көгүш**

-гыл - **киргил, чаңгыл**

-ылжым, -ылжын - **көгүлжүм, көгүлжүн**

-гыч - **саргыч**

-гылт - **кызгылт**

-гылтым - **кызгылтым ж.б.**

- **Сын атоочтор төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:**

**Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр**:

-луу – **токойлуу жер, суулуу өзөн, малдуу адам**

-дай - **тоодой толкун, алтындай сары, анардай кызыл**

-сыз - **ботосуз төө, суусуз жер, айсыз түн**

-гы (-кы) - **жазгы суу кышкы тоо, жайкы ысык**

-чул - **суучул киши, жаанчыл ай, кишичил буура**

-лык - **шаардык адам, айылдык жер, жылдык түшүм**

-чан **- атчан адам, тончон бала, кийимчен киши**

-мер **- ишмер кызматчы, сөздөр чал**

-дак - **кумдак жер, таштак өрөөн, сыздак жер**

-кор - **малкор адам, чайкор кемпир, дүнүйөкор бай**

-ий **–илимий иш, тарыхый оку я, диний көз караш**

**Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр**:

-гыр - **алгыр куш, өткүр бычак**

-гыч **–аткыч киши, илгич мышык, жазгыч акын**

-гак - **соргок кузгун, тайгак жол**

-аак - **ыйлаак бала, тердээк ат**

-ык - **жыртык кемсел, кетик тиш, тунук суу**

-чаак - **таарынчаак бала, унутчаак киши, уялчаак кыз, тырышчаак окуучу**

-аанак **- кабаанак ит, сүзөөнөк уй, качаанакат**

-калаң – **шашкалаң киши, каткалаң үнсүз**

-ыңкы – **көтөрүңкү кабак, басыңкы маанай**

-ма - **жайма базар, өрмө жүгөн**

-ыш - **тааныш адам, окшош буюм**

-ынды - **уланды мүчө, туунду сөз**

-ын - **агын суу, саан уй**

-арман - **чабарман жигит, күйөрман киши ж.б.**

Группа үч топко бөлүнүп, тапшырмаларды аткарышат:

1-топ

**Сын атоочтун даражаларын катыштырып, байланыштуу текст түзүшөт**

2-топ

Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп чыгышат

**3-топ**

Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп чыгышат

Топтор тапшырманы аткарып бүткөн соң, мугалим тарбынан берилген «Адамдардын оң жана терс сапаттары кайсылар? » деген суроонун үстүндө бөлүнгөн топтору боюнча талкуу жүргүзүшөт.

**Кептик теманы түшүндүрүү : (5 мүнөт)**

**Окутуучу:** Күндөлүк турмушубузда адамгерчилик касиетинин төмөндөп бара жатканын көрүп отурабыз. Атап айтар болсок: таштанды бала, карылар үйү, аракечтик, жаратылышты булгоо, өзүнө-зөүнө кол салуу, ж.б. болуп жатат. Адамзаттын эң асылы «адам» деген атка татыктуу, кайраттуу болсок, анда адамдын ушундай жолдорго баруусуна эмне себеп? Же заман күнөөлүбү? Көпчүлүгүгү «заманына карай адамы» деген принцип менен өмүр сүрүүдө. Ал замандын курган адам эмеспи?Ар бирибиздин өз алдынча максат-тилектерибиз, ой-кыялдарыбыз жашап келет бирок, бири-бирибизге жакшы маиле кылуу, адамгерчилик адам болуунун эң негизи сапаты экенин унутпайлы.

- **Студенттер тексттердин негизинде түшүнгөндөрүн оозеки баяндап беришет.Тексттен сын атоочторду таап белгилешет.**

**БЕРЕШЕН**

Берешен мүнөзгө ээ адамдар колунда барын жетим-жесирлерге, муктаж болгондорго таратып берет. Ал бул мүнөзү менен тегерек-четке алынып кетет.

Кыргыз элинде илгертен бир урууда же бир айылда эл баккан берешен адамдар дайыма чыгып турган.

**БҮЙРӨ**

Бүйрөлүк – адамдагы жакшы сапаттардын бири. Бүйрө адамдар – өз жашоо-тиричилигине тың, алыш-катыштын ордун билгендер. Мындай адамдар "чыгаша болмоюнча киреше кирбейт" дешкени менен чыгашанын чыгышына жол бербегенге аракет кылышат. Тууган-туушкан, дос-тааныштарына да каралашканды унутушпайт.

**СЫЛЫК**

Сылык мүнөз адамдардын ар биринде эле боло бербейт. Бул мүнөз адамдар менен баарлашууга келгенде эле байкалат. Сылык адамдар айланасындагы улуу-кичүүлөргө, кызматтагылар менен карапайым адамдарга сылыктык менен бирдей кайрылып, дайыма салам берүүнү унутушпайт. Ошондуктан, кыргыз элинде "сен деген – сенек сөз, сиз деген – сылык сөз" деген макал бар. Сылык адам жүрүш-турушу менен башкаларга үлгү боло алат.

**ДААНЫШМАН**

Даанышман дегенге татыктуулар – төрт тарабы тең төп келген адамдар. Андайлар акыл жагынан да, сырткы келбет жагынан да алдыда болот. Баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү менен башкаларга үлгү боло алчу адам. Адамда жакшы сапаттардан сырткары да элпек, чыйрак, сабырдуу, боорукер сыяктуу бир нече мүнөздөр бар. Адамдын өзүнө-өзү сынчы болуусу дагы өзүн жакшы алып жүрүшүнө өбөлгө болот. Жакшы сапаттардын ээси кайсы жерде болбосун урмат-сыйга ээ. Андыктан, ар бир жаш адам жаманаттыга конбоско аракеттенип, өзүнө оң сапаттарды сиңириши кажет.

**Түшүнүктүү**

Адамдын табияты миң кырдуу, миң сырдуу. Аны түшүнүү аябагандай чоң аракетти, түйшүктү, терең билимди талап кылат. Ансыз алыстагыларды коөлу, жаныбызда жүргөндөрдү түшүнбөй, кокусунан эле мамилелерибиз бузулуп, не болгонун билбей толгон- токой маселелерге кабыла беребиз. Демек, эң оболу адамды түшүнүү эң олуттуу, эң орчундуу нерсе экен. Анткени чыр-чатактын баары жөнөкөй көрүнгөн, чоң сөз кылууга анчалык арзыбаган нерседен бири-бирин түшүнбөстүктөн келип чыгат турбайбы. Ар ким өзүнүн чындыгын бербей бой тирешип туруп алса, экинчи адамдын сөзүнө кол шилтеп өзүм билемдикке өтсө, мындай абал тез эле түшүнбөстүккө, кагылышууга, пикир келишпестикке алып келет.

**Текеберчилик**

Обу жоктук кылып текеберлене бербей башкалардын пикирин, оюн сыйла. Ал айтып жаткан сөздүн маани-маңызына жетүүгө аракеттен. Сөздөрдүн түпкү маанисин кулагыңдын сыртынан кетирбе. Башкаларды да өзүңдөй көр. Кызуу кандыкка, жеңилдикке алдырба. Айтылып жаткан пикир-ойду аягына чейин сабыр кылып ук. Сенин пикириңе туура келбесе да кандайдыр бир туура келе турган, үндөшө, жакындаша турган жактарын изде. Бул сенин маданияттуулугуңдан, сөз болуп жаткан маселеде терең билимиң бар экендигинен кабар берет.

**Кечиримдүүлүк**

Бирөөлөрдү түшүнө билүүнүн эң ыңгайлуу жолу кечиримдүү болуу. Ошондо сен түшүнбөстүктөн келип чыккан ар кандай балээден алыстайсың. Кечиримдүү болуу адам баласынын тибиятындагы улуу касиет. Айкөл, ийкемдүү, даргөйү кең адамдар гана ушундай жолго баралат. Өзүңдүн акыл-эсиңди, билимиңди, көз карашыңды тынымсыз өстүрсөң гана башкаларды түшүнө билесиң. Көп нерсеге кызыгып, өзүңдүн тар чөйрөңдөн эртерээк чыгышың керек. Ошондо гана кичинекей дүйнөңдөн өйдө көтөрүлүп, башкаларга болгон мамилең оң жагына өзгөрүлөт. Тар түшүнүктөрдөн, өзүмчүлдүктөн, кыска ой жүгүртүүдөн кутуласың.

**Атандаштык**

Бүгүн биздин коомдо саясый кырдаал өтө курч. Ар кандай саясый күчтөр атаандашуусун улантып жаткан учур. Ошондуктан дал бүгүн бири бирибизди түшүнүшүү аба менен суудай керек болуп турат. Атаандаштарынын пикирин укпаган тарап элдин колдоосунан оолактап, акыры четке сүрүлүп калары турган иш. Бир өлкөдө жашап туруп бири бирибизди сыйлай билгенибиз, түшүнө билгенибиз абзел. «Бычакты өзүңө ур, оорубаса бирөөгө ур», – деп ата-бабаларыбыз эбак эле устарадай курч сөзүн айтып салган. Адамды түшүнүп, пикирин сыйлай билүү адамдагы асыл сапаттардын бири экенин эстен чыгарбайлы .

Бекеринен ата-бабаларыбыз: «Сабырдын түбү сары алтын», -деп айтпаган чыгаар. Сабырдуу адам көп нерсеге жетишет. Оор-басырыктуу, токтоо болот. Бирөөгө ойлонбой туруп сөз бербейт. Кызуу кандыкка алдырбайт. Ушак-айым сөздөргө алынып кетпейт. Бирөөлөрдүн артынан кыянат сүйлөбөйт. Көп нерсеге кечиримдүү болот.

Сабыр күтпөй жашагандарды бейсабыр, сабыры жоктор, сабырсыздар деп коюшат. Андайлар ар кандай кесепеттерге дуушар болушат. Кыял-жоругу жүрүп олтуруп жеңил-ойлуулукка, жел өпкөлүккө, өзүм билемдикке,

чыдамсыздыкка алып келет. Демек, сабырдуу болуу – актыкка жетүүчү жолду тандап алуу. Биз барга да, жокко да, ачка да, токко да сабыр-канаат кылуу менен адамдык аброюбузду түшүрбөй жүрүп ийгиликтерге жетишебиз.

**Ийгиликке жетем десеңиз маектешүүдө айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарын колдонбогонуңуз жакшы. Алар кайсылар?**

**Мүмкүн эмес**

Бир караганда мүмкүн эмес, ишке ашпай турган жагдайлар көп. Балким ошондой сезилет. А чын-чынына келгенде ар бир көйгөйдүн, маселенин чечилиш жолу бар. Кудум чачышкан түйүндүн да жандырмагы болгондой. Тагдыр эмеспи, турмуш эмеспи, албетте, сыноосу да болот, кайгысы, аркасынан кубанычы да болот. Башка келген ар бир кыйынчылыкка эле майышып, сабырсыздык көрсөтсөк ийгиликке жетүү, деги эле жашоого умтулуу мүмкүн эмес. “Мүмкүн эместин” болушу өзү мүмкүн эмес. Аракет кылсак туңгуюктан да жол таба алабыз. Аракет аркасында берекет бар экенин унутпай алдыга гана умтулуңуз.

**Келечекте**

Келечектин кандай болору бир Жаратканга маалым. Балким келечекте жакшы жашоо күтүп тургандыр, а балким андай эмес. Эртең менен эмес бүгүн менен жашап үйрөнүңүз. Бүгүнкү жашоо менен эртеңдин камын камдай жүрүңүз. “Көрүнгөн тоонун ыраагы жок” бүгүнкү учу көрүнгөн бийик аскага эртең эле жете барабыз. Келечекте кылам эмес келечек үчүн ар бир кадамыңызда кызмат кылыңыз.

**Өкүнүчтүү**

Өкүнгөндөн пайда жок. Өкүнгөн менен айла жок. Башты мыкчып, бармак тиштегенден чыгар майнап болсо, көп адам ийгиликке жетишмек. Эгер сиз ийгиликке умтулган инсан болсоңуз өкүнүч сиз үчүн эмес.

**Жасай албайм**

Эгер кыйындыкка туш келип, “колумдан келбейт” деп кол шилтеп басып кетсеңиз-бул сиздин чабалдыгыңыздын белгиси. Чабалдыкты унутуп чамдасаңыз колуңуздан баары келет.

**Эртең**

Жалкоонун эртеңи түгөнбөйт. Эртең бүгүнкүдөн да маанилүү иштер бар. Бүгүн бүтүрчү ишти эртеңкиге жылдырып коюунун, эртеңки күндү татаалданткандан башка пайдасы жок. Бүгүн бүтпөгөн тирликтин эртең бүтүшүнө өзүңүздөн башка эч ким ишенбейт. Ар бир ишти өз убагында бүтүрүү түйшүгүңүздү жеңилдетет.

**Андан соң студенттердин ар бири төмөнкү текстердин незинде кайсы түргө кирерин аныкташат**

**Флегматик**

Ишенимдүү, бирок жай кыймылдаган кызматкер. Жай кыймылдаганы менен бардык иштин майын чыгара жасайт. Өрт чыгып жатса да ызы-чуу кылбай, шашпай анализ жүргүзүп, анан жыйынтык чыгарат. Андыктан, булардан мыкты экономисттер, бухгалтерлер чыгат. Бул сапат алардын хирург болушуна тоскоол болушу мүмкүн, бирок булардан эң мыкты терапевт чыгат. Актөрдун, коммерсанттын, телеоператордун жашоолору алар үчүн оор болуп калат.
Сунуш кылынуучу кесиптер: механик, электрик, инженер, агроном, айдоочу, илимий ботаник, астроном, физик, математик.
Флегматик деген ким? Аны күлдүрүү да, капалантуу да кыйын. Айланасындагылардын баары каткырып жатса да ал унчукпай отура берет. Же болбосо кандайдыр бир кайгылуу учурларда да өзүн тынч, токтоо алып отурат. Анын мимикасы да, сөз байлыгы да жок. Тапкыч эмес, жаңы кырдаалга кыйынчылыктар менен көнөт. Бирок энергиялуу, жумушка жөндөмдүү. Сабырдуулугу, токтоолугу менен айырмаланат.

**Холерик**

Холериктер энергияны көп талап кылган жумуштардан ийгилик жарата алышат. Алар - лидерлер. Стресске оңой менен алдырбагандыгы менен башкалардан айырмаланат. Зарыл болгон учурда алар тез күч топтоп алышат. Бирок бир тараптуу, кызыксыз жумуштарды холериктерге сунуштоонун кажети жок. Алар жумуштун көптүгүнөн чарчашпайт, кайнап турган энергиясын ичке катуудан чарчашат. Холериктерге китепканачынын, бухгалтердин жумушу карама-каршы келет.
Сунуш кылынуучу кесиптер: журналист, артист, дипломат, ишкер, хирург, айдоочу, машыктыруучу, менеджер, куруучу, режиссөр, ашпоз, геолог, электрик ж.б.
Холерик деген ким? Сангвиник сыяктуу активдүү. Сезимдерин ачык билдирет. Бирок ал чыдамсыз, бир нерсени ичине батыра албайт. Жарылма. Жаңы жумушка жан-дили менен көңүл буруп, баш-оту менен берилет.

**Сангвиник**

Сангвиник - тубаса жетекчи. Кол алдындагыларынын көз карашында ал эң жакшы жетекчи болот. Анын күчтүү жагы - өзүнө макулдата билүүсү. Кайталанма, тажатма жумуштар ал үчүн эмес. Мындай жумуштар ага бир гана кызыксыз болбой, мындан ал жумушка болгон жөндөмүн бүт бойдон жоготот.

Мындай адамдар такай алга жылып, профессионалдык жактан өсүп туруусу кажет, жумуш аларга улам жаңы таасирлерди тартуулап турушу керек.
Сунуш кылынуучу кесиптер:менеджер, мугалим, доктур, психолог, сатуучу, официант, инженер-технолог ж.б.
Сангвиник деген ким? "Тирүү" , кыймылдуу адам. Маанайы тез-тез өзгөрүлүп турат. Анын маанайын же адамдарга болгон мамилесин жүзүнөн оңой эле билип коюуга болот. Өтө активдүү жана энергиялуу болгондуктан, ал жаңы ишти оңой эле алып кетет жана чарчабай көпкө чейин иштей алат. Эгер кааласа, өзүнүн эмоциясын сыртка чыгарбай да коюшу мүмкүн. Башкалардан тез кыймылдаганы, тез сүйлөгөнү, ийкемдүүлүгү, тапкычтыгы менен айырмаланат. Сангвиник жаңы адамдар менен тез эле мамиле түзүп, тил табышып кетет, жаңы кырдаалга, жаңы талаптарга тез көнөт.

**Меланхолик**

Меланхоликтерге адамдар менен такай сүйлөшүү керек болгон кесиптер жараксыз. Андан көрө аларга компьютер менен "сүйлөшүү" жакшы. Анткени, алар эмоционалдуу, сезимге тез алдырган адамдар болушат. Алардын жумушка болгон мамилеси маанайынан түздөн-түз көз каранды. Маанайы көтөрүңкү болсо - кылган жумушу менен элдин баарын таң калдырышы мүмкүн, маанайы жок болсо - баарына кош көңүл карап коюшат. Тилекке каршы, бул кызматкерлердин маанайын түшүрүш оңой. Меланхоликтер жалгыз иштегенди жакшы көрүшөт. Доктурдун, айрыкча хирургдун, учкучтун, куткаруучунун иши меланхоликтин нерв системасына доо кетирип, ден соолугуна залал келтирет.
Сунуш кылынуучу кесиптер: педагог, искусство ишмери, сүрөтчү, модельер, композитор, жазуучу, геолог, агроном, бухгалтер ж.б.
Меланхолик деген ким? Өтө сезимтал адам. Ошондуктан, ал болбогон жерден ыйлап жиберет, өтө таарынчаак, назик. Үнү да жумшак, мимика, кыймыл-аракети аз. Ал өзүнө көп ишенбейт, тез сынып калат. Бир аз эле кыйынчылык болсо өзүн таштап коёт. Меланхоликтин энергиясы аз, туруксуз, тез чарчайт жана жумушка жөндөмсүз. Бирок тынч, өзү көнгөн кырдаалда ал көп нерсе жасап коюшу мүмкүн.

**Сабакты жыйынтыктоо:** Студенттер сын атооч жана адамдардын асыл сапаттары тууралуу алган маалыматтарын кластер түзүү менен бышыктап, жыйынтыкташат .

**Үй тапшырма**: Сапаттык жана катыштык сын атоочторду катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп келишет;

.**Баалоо:** Студенттер берилген тапшырмаларга жооп бергенине жана топторго активдүү катышканына жараша бааланат.

**Сатыбалдиева М.Ж.**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу**

**Сабактын темасы:** Сын атооч боюнча кайталоо (5 –класс үчүн)

**Сабактын максаты:**

**а) Билим берүүчүлүк:** окуучулар сын атооч боюнча алган билимдерин бышыкташат;

**б) Өнүктүрүүчүлүк:** окуучулар грамматикалык талдоонун (морфологиялык) түрлөрүнө машыгышат, сын атоочтордун сүйлөмдөгү аткарган милдеттерин өздөштүрүшөт;

**в) Тарбия берүүчүлүк:** эне тилин сүйүүгө, туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга, топтордо иштөөдө бири-биринин пикирин угууга сылык болууга тарбияланышат

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз эгерде окуучулар…**

**а )** Сын атооч боюнча алган билимдерин бышыктап, анын грамматикалык белгилерин жана жасалыш жолдорун айтып бере алышса;

**б)** Окуучулар сын атоочтун өз маанисинде жана заттанган учурда аткарган милдеттерин так билсе ошондой эле морфологиялык талдоону өздөштүрө алса;

**в)** Эне-тилин сүйүп, туура сүйлөсө, топтордо бири- бирин угуп, сылык мамиле кыла билишсе

**Сабактын тиби:** Алган билимди кайталоо сабагы

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор

**Сабактын формасы:** чакан топтор менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** Таблица, ватманга тартылган сүрөттөр, методикалык колдонмолор


**Сабактын жүрүшү:**

**1)Уюштуруу**

**Мугалимдин сөзү:** балдар, биз силер менен сын атооч боюнча бардык маалыматтарды алганбыз. Бүгүн болсо, сын атооч боюнча жалпы кайталоо сабагын өтөбүз.

Ал төмөнкүдөй жол менен өтүлөт:

Доскада бош корзина чапталып турат ушул корзинаны толтуруш үчүн мен силерге алма, алмурут жана алча стикерлерин таратып берем силер аларга сын атооч боюнча билгениңерди жазып бирден чыгып, жооп берип корзинаны жемиштерге толтурабыз. Ошону менен мен сын атооч боюнча канчалык деңгээлде үйрөнгөнүнөрдү билем.



(окуучулар иштеп жаткан учурда мугалим доскага төмөнкүдөй сүйлөмдү жазат)
Кызыл жүздүү жигит сылык-сыпайы, адептүү, тартиптүү экен.
Кызыл жүздүү – сын атооч, заттын сыпатын билдирип кандай? деген суроого жооп берди.
Уңгусу –кызыл жүз: мүчөсү –дүү сүйлөмдүн аныктоочу татаал түзүлүштө
Сылык-сыпайы – уңгу түрүндө сын атоо, кандай? деген суроого жооп берди сүйлөмдүн бир өңчөй баяндоочу. Адептүү, тартиптүү – жөнөкөй түзүлүштөгү сын атооч уңгусу адеп , тартип сүйлөмдө баяндооч болот.

Демек, балдар сын атооч заттын туруктуу белгисин көрсөтөт жай, басаңдатма, салыштырма жана күчөтмө даражага ээ, түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Маанисине карай сапаттык жана катыштык сын атооч болуп бөлүнөт. Сын атоочтор заттанган учурда ээлик жана толуктоочтук милдет аткарат.

**Мисалы:** Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы .
Күлүк чапкан сайын арбытат.
Бул сүйлөмдөрдө **билимдүүгө** жана **билимсизге** деген сөздөр толуктоочтук милдетти аткарышты.

**Сапаттык сын атооч:** Эч кандай мүчөлөрдүн жардамысыз эле заттардын ар түрдүү белгисин көрсөтөт, тактап айтканда уңгу түрүндө турат м: чоң, таза, бийик.
Бийик тоого чыксаң, көзүң ачылат
Билимдүү менен сүйлөшсөң көңүлүң ачылат.
**Катыштык сын атооч:** буларга ар кандай сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн жасалат
М: -луу, -сыз, -дай
Балалуу үй-базар
Баласыз үй-мазар
Эми балдар 2 топко бөлүнгүлө
**1-топ**
Зат атоочтон жасалган сын атоочторго ар бириңер мүчөлөрдүн жардамы менен сүйлөм түзүп чыккыла
**2-топ**
Этиштин жасалан сын атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Окуучулар иштеп жаткан учурда мугалим доскага үй, гүл, топ тартылган баракчаларды илет. Окуучуларды чыгарып бул заттын белгисин таап, толуктап жазгыла аларга суроо бергиле…
Андан соң тапшырмалар иштелип бүткөндөн кийин кош жана кошмок сын атооч боюнча кайталоо жүргүзүү.
**М**: эстүү-баштуу, улуу-кичүү, жакшы-жаман. Булар кош сын атооч ал эми кызыл ала, ак саргыл, бала кыял, жолборс жүрөк. Булар кошмок сын атоочко кирет.

Эми балдар, төмөндөгү сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө
1) Кайрымдуу жүрөк картайбайт
2) Максатсыз жашаган адам, агып бараткан дөңгөчкө тете
3) Бийик, кооз, сонун үйлөр салынды.

**Төмөнкү суроолорду берүү менен сабакты бышыктоо:**

1) Сын атооч деген эмне?
2) Эмне үчүн катыштык сын атоочко мүчө жалганат?
3) Ар бир компоненти жеке өз алдынча мааниге ээ болгон сын атооч барбы?
4) Кайталанышы аркылуу айтылган сын атооч кайсы даража?
5) Маанисине карай мылтыкчан, токойлуу деген сөздөр кайсы сын атоочко кирет?
6) Кышкы , жазгы деген сөздөр сын атоочтун кайсы жолу менен жасалды?

**Үйгө тапшырма берүү**
**Билимдерин баалоо**

**Сатыбалдиева М.Ж.**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутууучусу**

**Сабактын темасы:** Сүйлөм мүчөлөрү
**Сабактын максаттары:**
**а ) Билим берүүчүлүк:**
Окуучуларга сүйлөм мүчөлөрү жана алардын түрлөрү жөнүндө маалымат алышат;
**б) Өнүктүрүүчүлүк:**
Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоого үйрөнүшөт;
**в) Тарбия берүүчүлүк:**
Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат
**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз эгерде окуучулар…**
**а** ) Билим берүүчүлүк:
Окуучуларга сүйлөм мүчөлөрү жана алардын түрлөрү жөнүндө маалымат алышса;
**б)** Өнүктүрүүчүлүк:
окуучуларга сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоону үйрөнсө;
**в)** Тарбия берүүчүлүк:
Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышса
**Сабактын тиби:** Алган билимди чыңдоо сабагы
**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод
**Сабактын жабдылышы**: Карточкалар, методикалык колдонмолор
**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо**

Балдар, биз силер менен толук жана кемтик сүйлөмдөрдү өткөнбүз. Азыр силер ар бириңер бирден сүйлөм түзөсүңөр андан соң жаңы теманы өтмөкчүбүз.
**Жаңы тема:**
**Мугалим:**

Айткылачы, биз силер менен 5-класстан бери кайсы жомокторду өттүк?
**Окуучулар:**
Мисалы: «Алтын куш», «Акыл карачач», «Акылдуу дыйкан» ж.б.
**Мугалим:**
Туура, анда эмесе, бүгүн биз жомоктор дүйнөсүнө саякатка барабыз.

Силер сабактарын окубай уят болгон Асан жөнүндөгү жомокту уктуңар беле?

Анда мен силерге Асандын жоругу жөнүндө айтып берейин.

Илгери эмес, так ушул биздин күндө
Алыс эмес, биз жашаган жакын жерде
Бир окуучу болгон экен
Дал ушундай окуйт экен бир мектепте
Асан сабагын дайым даярдабай
Ал тургай сабакка да барбай
Жүрүптүр күндөр өтүп, билим албай
Кыргыз тил сабагында эч бир барбай
Эжей айткан сөздөргө көңүл бөлбөй
Окуубай жалкоолонгон Асан бир күн
Ошол бойдон жүрөр беле билбейм,
Башынан бир кызыктуу жорук өтпөсө
Баяндалат ал жорук төмөнкүчө
Кыргыз тил сабагына такыр барбай
Жаңы өтүлгөн темага көңүл бурбай
Сүйлөм мүчөлөрү хандык кылган бир аралда
Асан болсо адашыптыр жол табалбай
Эрежесин билбестен бул аралдын
Ыйламсырап билбеди не кыларын
Жол табалбай кайсалады ары-бери
Чыга албастан аралдан кыйналды эми
Ошондо жолукту Асан, хан сүйлөм мүчөсүнө
Күлүсмүрөп сүйлөм мүчөсү мындай –деди
Асан мен сени абдан жакшы билем
Көптөн бери унчукпай сынап жүрөм
Окубайсын сен эч бир сабагыңды
Эми мен сага мындай сыноо койом
Билимиңди сынаймын суроо койөм
А сен болсо жооп бер ойлоп терең
Суроолорго так жооп бере албасаң
Түбөлүккө каларсың бул аралда
Кана, Асан уктуң беле менин атым
Кайсы? Кандай түргө бөлүнөрүм

Жооп берсең бошотойюн  бул аралдан
Сүйлөм мүчөлөрү деп мени уксаң  керек
Асан байкуш ойлонду, башын кашып
Көзүнөн мөлтүр-мөлтүр  жашы  тамып
Эх! Кантели билбесе анын  жообун
Ага берилген бул кызык суроолордун
Балдар, жомок кызык бекен? Айткылачы, сабакка барбай жүргөн Асан бул  суроолорго жооп бере алабы?  Анда жардам берелиби?
**Окуучу:** Сүйлөм  мүчөлөрү  өз ичинен  баш жана айкындооч  мүчө болуп бөлүнөт.
Азаматсынар!
Анда эмесе уланталы жомокту
Асан байка кийинки суроолорду
Алаксыбай мага бур ойлорунду
Падышачылыгым бөлүнөт эки жакка
Баш жана айкындооч  мүчөлөргө
Алар да, өз ичинен бөлүнүшөт
Ойлонгун кандай болуп бөлүнөрүн
Асан турат билбестен
Мына балдар, араңарда билгендер барбы, кана?
**Окуучу:** баш мүчө ээ жана баяндоочтон болуп бөлүнөт ал эми айкындоочторго аныктооч, толуктооч, бышыктооч  деп бөлүнүшөт
Эмесе жомокту уланталы
Ээ менен баяндоочтун айырмасын
Ойлонбостон тезирээк мага айткын
Жана дагы кайсы суроолорго
Жооп берерин шашылбастан
Эстегин айтып бергин

**Окуучу:** Ээ  сүйлөмдө  ойдун  негизин  ээлейт, дайыма  атооч жөндөмөсүндө турат ким? Эмне? Кимдер? Эмнелер? Кимиси? Эмнеси? деген  суроолорго жооп берет.

Баяндооч ээнин кыймыл-аракетин  көрсөтүп, Эмне кылды? Эмне кылат?Эмне кылып жатат? Деген суроолорго жооп берет   көбүнчө этиш сөздөрдөн жасалат. Мындан тышкары зат, сын, сан атооч сөздөр  да баяндооч боло алышат.

Туура айтасыңар балдар, силер сүйлөм  мүчөлөрү  ханынын суроолоруна  толук жооп берип, Асанды аралдан куткарып  алдыңар  Азаматсыңар!

А Асан болсо уялды абдан эми
Сабагымдан калбаймын –деди
Убагында окуйм баарысын
Кечиргиле досторум мени
Деп, кечирим сурап турганда

Хан сүйлөм мүчөлөрү мындай деди
Жеке эле кыргыз тили эмес,
Сабактрадын барысын билгин!
Анткени сен келечегисиң
Гүлдөп өскөн кыргыз элинин
Туура сүйлөп кадырлап жүргүнүн
Эне тилиң- кыргыз тилинди!
Мына балдар жомогубузду да аяктадык .

Андан соң класс кластер түзүшөт. Окуучулар доскада чапталган гүлдүн ичинде катылган суроолорго жооп берүү менен сабак жыйынтыкталат.

**Үйгө тапшырма берүү:**

**Анализдеп баалоо**

**Асанова Акылай**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Туюк мамиле. (6-класс)**

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк:**

Этиштин туюк мамилеси жөнүндө маалымат алышат.

**б)өнүктүрүүчүлүк:**

Морфологиялык талдоого машыгышат, үйрөнүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк:**

Бири- биринин оюн угуп, өз ара сыйлашат.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу...**

**а)** Этиштин туюк мамилеси жөнүндө маалымат алса;

**б)** Туюк мамиленин мүчөлөрүн билип, морфологиялык талдоо жүргүзө алса;

**в)** Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса;

**Сабактын тиби:** Алган билимди бышыктоо сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, ватман, маркер ж.б.

**Сабактын журушу:**

**1) Уюштуруу**

**2) Өтүлгөн теманы кайталоо.**

Өтүлгөн теманы кайталоодо класс 4 топко бөлүнүп, ар бир топко карточкалар

таратылат.

**1-топ үчүн:**

1) Буйрук ынгайдын эрежесин айтып бергиле.

Ага тийиштүү мүчөлөрдү атагыла.

2) Буйрук ынгай катышкан макалдарды ар биринер ойлоп тапкыла.

**2-топ учун:**

1) Этиштин ынгайларынын эрежесин айтып бергиле.

2) Ар бир ыңгайды уюштуруучу мүчөсүн кошо жазып мисалдарды келтиргиле.

**3-топ учун:**

1) Максат- ниет ыңгай менен каалоо-тилек ыңгайга Венндин диаграммасын түзгүлө.

**4-топ үчүн:**

1) Шарттуу ыңгай деген эмне? Мисал келтиргиле.

2) Каалоо-тилек ыңгайды кайсы мүчөлөр уюштурат? Мисал келтиргиле.

Окуучулар топ-топ болуп иштешип, тапшырмаларды аткарышат. Кемчиликтер толукталат.

Сабактын кийинки бөлүмүндө жаңы тема.

**Жаңы тема: Туюк мамиле.**

**Мугалимдин сөзү:** Бүгүнкү сабакта биз этиштин дагы бир мамилеси туюк мамиле менен таанышабыз. Негизги мамиле этишке **-ыл (-л)** мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл- аракеттин өзүнөн-өзү иштелгендей маанини билдирген этиш сөздөр **туюк мамиле** деп аталат.

**Мисалы:** жаз- жаз+ыл, иште - иш+тел+ди, бер - бер + ил + ди,
жибер - жибер + ил + ди, өт - өт + үл + дү ж.б. сөздөр.

Кээ бир учурларда өздүк мамилени уюштурган **- ын** мүчөсү аркылуу да туюк мамиле жасалат.

**Мисалы:** Делегаттар шайла + ын + ды.
Газета - журналдар ал+ ын + ды.

Бул сүйлөмдөгү делегаттар өзүнөн-өзү шайланган, газета-журналдар өзүнөн-өзү алынган жок. Башка бирөөлөр тарабынан шайланды жана алынды. Демек, ким тарабынан алынганы белгисиз, туюк болуп калды. Мамиле этиштер катар келип, бири-бири менен кабатталып айтыла берет.

**Мисалы:** туюк + кош мамиле: кабылышты, жазылышпас ж.б. сөздөр кирет.

Жаны тема боюнча түшүнүк берилгенден кийин, окуу китебиндеги көнүгүүлөр иштелет.

**408- көнүгүү. ( топтордо иштешет )**

Сабактын кийинки бөлүмүндө жаны темага байланыштуу тапшырмалар берилет.

**1-топ үчүн:**

1) Туюк мамиле этиштерге мисалдарды келтиргиле.

2) Сөз курагыла жана составдык бөлүктөргө ажыраткыла.

Мисалы: жүктөлдү ( жүк + тө + ыл + ды )

айдалды ( айда + ыл + ды )

**2-топ үчүн:**

1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү мимика (жаңсоо) аркылуу түшүндүрүп бергиле.

(Дөөлөтбек Аянага, Марселге китебиңди, ручкаңды бер)

(Биздин класс салтанаттуу линейкадан макталды)

2)Экинчи сүйлөмдөгү туюк мамилеге тийиштүү сөздү тапкыла.

**3-топ үчүн:**

1) Туюк мамилеге синквейн түзгүлө.

2)Туюк мамиленин эрежесин айтып бергиле. Ар бириңер мисал келтиргиле.

**4-топ үчүн:**

1)Өзүңөр төмөнкү этиштерге туюк мамиленин -ыл мүчөсүн улап оозеки сүйлөм түзгүлө. (жаз,аткар, катта, жибер,короoз)

2)Доскага уңгу мүчөгө ажыратып жазгыла.

Топтор өз алдынча иштешип тапшырмаларды аткарышат. Доскага чыгып жооп беришет.

Ар бир топко аткарган, жооп берген суроолоруна жараша упай берилет.

Сабактын кийинки бөлүмүндө бышыктоо иретинде ар бир топко суроо берилет.

**1-топ үчүн:**Туюк мамиленин эрежесин айтып бер.

**2-топ үчүн:** Жалпы мамиле тууралуу эмне билдинер?

**3-топ үчүн:** Туюк мамиле менен өздүк мамиленин байланышы бар бекен?

**4-топ үчүн**: Кош мамиленин мүчөсүн кошуп туюк мамилеге мисал келтиргиле.

Суроолордун жообун алгандан кийин кемчиликтер толукталат.

**Сабакты жыйынтыктоо:** Туюк мамиленин мүчөлөрүн катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**Үй тапшырма берүү:** 410-көнүгүү.

**Окуучуларды баалоо:** Топтордон активдүү катышкан окуучуларды. Өзүн-өзү баалатуу. Күндөлүктөргө баа коюу.

**Алымбаева Айзат**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Кемтик сүйлөм (8-класс үчүн)**

**Сабактын максаты**:

**а)** билим берүүчүлүк максаты:

Окуучулардын атама сүйлөм боюнча алган билимдерин бышыктоо менен, кемтик сүйлөм боюнча боюнча түшүнүк алышат;

**б)** өнүүктүрүүчүлүк максаты:

Кемтик сүйлөмдөрдүн түзүлүшү,семантикасы жана аткарган милдеттери боюнча маалымат алышат;

**в)** тарбия берүүчүлүк максаты:

Топтордо бири –бирин угуп, өз ара сыйлаша билишет.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз,эгерде окуучу...**

**а)** кемтик сүйлөм боюнча түшүнүк алса;

**б)** кемтик сүйлөмдөрдүн түзүлүшү ,жана аткарган милдеттерин айырмалашса;

**в)** топтордо иштөөдө бири-бирин угуп өз ара сыйлашса,

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу**: Интерактивдүү методдор.

**Сабактын формасы:** Саякат-сабак

**Сабактын жабдылышы**: Дидактикалык карточкалар жана методикалык колдонмолор.

**Сабактын жүрүшү**:

1) Уюштуруу;
2) Өтүлгөн теманы кайталоо, үйгө берилген тапшырманы текшерүү.

   **Үйгө берилген тапшырманын кайталоо.**

   1) Бир тутумду сүйлөм деген эмне? Ага мисал келтиргиле

   2) Атама сүйлөмдү кандай түшүнөсүңөр, мисал келтиргиле.

   3) Атама сүйлөмдү уюштуруунун негизин кайсы сөздөр түзөт? (атооч сөздөр, зат атооч)

   Кемтик сүйлөм

   **Мугалимдин сөзү:**

Кемтик сүйлөмдөр оозеки кепте жана көркөм адабий чыгармаларда көп кездешет. Алар ойду кыскача, эркин жана көркөм баяндоого мүмкүнчүлүк берет. Мисалы;

- Окуучулар кайда келишти?
- Китепканага

Демек, китепканага деген кемтик сүйлөм болуп эсептелет. Кана эмесе кемтик сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Өзүңөр эреже чыгарып көргүлөчү?

( окуучулар кемтик сүйлөм боюнча эреже чыгарышат.)

Туура айтасыңар, балдар.

Сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнүн бирөө же экөө айтылбай калган, бирок анын кайсы сөз экендиги контексттен, жалпы жагдайдан белгилүү болуп турган сүйлөмдү кемтик сүйөм деп атайбыз.

Кемтик сүйлөмдөр диологдук кепте көп кездешет. Диологдук кептеги кемтик сүйлөмдөрдө, адатта, өзүнөн мурунку сүйлөмдо колдонулган сөздөр кайталанбайт, ошол себептүү алар түзүлушү жагынан көбүнчө кыска келет. Мааниси жагынан болсо, угуучуга кандайдыр бир маанилүү, жаңы нерсе тууралуу кабар берет.

Мисалы: -Алар качан келишет?

-Бүрсүгүнү кечинде.

Бул диологдогу 1-сүйлөм толук сүйлөм, 2-сүйлөм болсо кемтик сүйлөм болуп эсептелет.

Демек, диалогдук кептеги кемтик сүйлөмдөрдү да өзүнөн мурунку сүйлөмдөн бөлүп кароого болбойт. Бөлүп алсак, анда кандайдыр бир ойду билдире албай калат.

Балдар,кемтик сүйлөм тууралуу маалымат ала алдыңарбы? Анда азыр төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарабыз. Биз баарыбыз кооз мамлекеттерге саякаттаганды жакшы көрөбүз ээ. Сабак кызыктуу болуш үчүн биз бүгүн саякаттоо оюнун ойнойбуз. Доскадагы сүрөттү карайбыз. Караколдон, Бишкекке. Бишкектен Турцияга андан ары Нью-Йорк шаарына саякаттайбыз. Ал үчүн биз берилген тапшырмаларды аткарышыбыз керек.

( доскага аталган мамлекеттердин сүрөттөрү илинет)

Ошол учурда классты 3-топко бөлүп,ар бир топко тапшырмалар берилет.

**1-топко текст берилет .**

1) Берилген сүйлөмдөрдү диалог формасында түзгүлө.
2) Тыныш белгилерин койгула

Айгерим жөнүндө Талант байкеси эч нерсе айткан жокпу деп Нурлан сурап калды. Клара мындай жооп берди  Ал мага Айгерим жөнүндө эч нерсе айткан жок. Ал мектепке качан барат деп сурады Зарыл чон энеси. Айгерим мектепке үч  күндөн кийин барат деп деп жооп берди энеси.

**2-топ. Берилген сүйлөмдөрдүн  кемтик же толук сүйлөм экендигин аныктагыла.**

1) -Анынды кое тур. Окуунун бизге кереги эмне?   Дүйшөн кандай дээрин билбей, көзү аландай түштү.
-Баса, туура айтат!-деп бери жактагыларда жабала берди. Биз жер кетмендеп, жер менен эле оокат кылган дыйканбыз. А биздин балдар окуу окуп эл сурап, өкмөт болот беле?

**3-топко Толук жана кемтик сүйлөмдөрдү катыштырып диалог түзгүлө.**

Балдар тапшырмаларды аткарып бүткөндөн кийин, ар бир топтон бирден окуучу чыгып , жоопторун айтып беришет.


Балдар ,эми биз Бишкектен Турцияга барыш үчүн

Төмөнкү тапшырмаларды аткарабыз.


1-топко кластер түзүү




2 топко Венндин диаграммасы.



3 топ  Синквейн түзүшөт. (сабак кайсы мезгилде өтүлсө, ошол мезгилге түзүлөт)



Окуучулар тапшырмаларын доскага чыгып жактап  беришет.

Биз эми дүйнөнү дүңгүрөткөн Нью-Йорк шаарына барабыз. Ал үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткарабыз.

**1-топко Сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

-Сен сүрөт тартканды билесиңби?

-Билем.

**2-топко Сүйлөмгө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө. (Кемтик жана толук сүйлөмдөр).**

-Каныбек бүгүн эмне кылып жатат?

- Билбейм.

**3-топко Жөнөкөй сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.**

1) Кечке жуук күн кызарып батты.

2) Ошентип  миң-миң жыл өмүр сүргүлө.

Окуучулар тапшырманы доскага иштеп бүткөндөн  кийин саякаттоо оюну да бүтөт.

**Мугалимдин жыйынтыктоо сөзү:** Демек балдар, толук жана кемтик сүйлөм дөр өз ара маанилик жактан ажырагыс байланышта. Ошол себептен биринин маанисин экинчиси толуктап турат.

**Үйго тапшырма берүү:** Бүгүнкү сабактан эмнелерди билдим деген темада эссе жазып келүү. **Сабакты жыйынтыктоо**

**Асылбек кызы Ширин**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: Этиштин чактарын кайталоо

Сабактын максаттары:

**а) Билим берүүчүлүк:** Окуучулар этиш жана анын чактары жөнүндө толук билишет, мисал келтире алышат.

**б) Өнүктүрүүчүлүк**:Этиштин чактарын уюштуруучу мүчөлөрдү билип, морфологиялык талдоого үйрөнүшөт;

**в) Тарбия берүүчүлүк**: Топтордо иштөөдө бири-бирине жардам беришет. Өз ойлорун чыдамдуулук менен айта алышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз , эгерде окуучу…**

- Этиштин чактары жөнүндө толук билсе;
- Этиштин чактарын уюштуруучу мүчөлөрдү билип, морфологиялык талдоого үйрөнсө;
- Бири-бирине жардам берсе.

**Сабактын тиби:** Өтүлгөн теманы бышыктоо сабагы.

**Сабактын методу**: интерактивдүү

**Сабактын жабдылышы:** Ватман, сүрөттөр, маркер, карточкалар, окуу китеби, доска ж.б

**Сабактын жгрүшү:** 1. Уюштуруу

- Саламдашуу
- Окуучуларды жоктоо
- Үй тапшырмаларын текшерүү
- Өтүлгөн теманы кайталоо

**Мугалим:** Саламатсынарбы балдар! Бүгүнкү сабакка маанайынар жакшыбы? Анда эмесе сабагыбызды баштаардан мурда классты 3 топко бөлүнүп алалы.

1. Учур чак тобу
2. Өткөн чак тобу
3. Келер чак тобу

**Эми ушул топтордон лидерлерди шайлап алалы**:

1. 1 топтон Аман
2. 2 топтон Айсалкын
3. 3 топтон Жазира

Биз өткөн сабакта кайсы теманы өттүк эле балдар?
-Туура айтасынар!
Биз мына ошол этиш жана анын чактары жөнүндө толук кайталайбыз. Ал эми азыр өткөн сабактагы алган билиминерди текшерүү үчүн атайын суроолорду даярдап келдим. Баарыбыз активдүү катышып кол көтөрүп жооп беребиз.
**Суроолор:** 1. Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар? Аларды атап бергиле?
2. Биз кайсы сөз түркүмүн өттүк?
3. Этиш деген эмне? Кайсы суроолорго жооп берет?
4. Этиш сүйлөмдө кайсы милдетти аткарат?
5. Этиштин грамматикалык түзүлүшү кандай?
6. Жөнөкөй этиш деген эмне?
7. Татаал этиш деген эмне?
8) Этиштин жакталышы? Кантип жакталат?
9) Этиштин чактары канчага бөлүнөт?

Окуучулар өз ойлорун айтышат. Кемчиликтери мугалим тарабынан толукталат.

**Окуучуларга тапшырмалар берилет.**

**1-тапшырма: Учур чак тобу учур чак боюнча кластер түзүшөт:**

*Татаал туру -ып мүчөсү менен жасалат.*

*Кыймыл аракеттин учурда болуп жаткандыгын билдирет*


*Мисал: Асан 5-класста окуйт.*

*Учур чак*

*Эмне кылып жатат? Эмне кылып турат? Деген суроолорго жооп берет.*

*Жөнөкөй туруп -а мүчөсүнүн жардамы менен жасалат.*

**өткөн чак тобу кроссворд толтурушат.**




**Узунунан:**


1. Кыймыл-аракеттин ал-абалын билдирген сөздөр эмне деп аталат?
2. –ды мүчөсүн уюштуруучу кайсы өткөн чак?
3. –чу,-чг мүчөсүн кайсы өткөн чак уюштурат?

4. –ып,-ыптыр кайсы өткөн чактын мүчөлөрү?

**Тигинен:** 1. Кыймыл - аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгүн кайсы этиш билдирет?

2. –ган мүчөсү кайсы өткөн чакты уюштурат?

**Келер чак тобу класстер толтурушат.**




Азаматсынар! Баарынар мыкты денгээлде аткардынар!

**2-тапшырма:** Ар бир топко сүйлөмдөр берилет. Ал сүйлөмдөргө талдоо жүргүзүшөт.

**1. Учур чак тобуна:**

Машина жүр/үп кет/ти.

Бугунку күн тез өт/үп кет/ти.
Ал абдан бат кел/ди.

**Өткөн чак тобуна:**

Айнура жакшы бий/ле/й/т.
Ал сабакка тез эле бар/а/т.
Асан тез сүйлө/й/т. (сөз+лё+й+т)

**2. Келер чак тобуна:**

Ал абдан коңүл/дүү отур/а/т.
Мен сабак жаз/ып отур/а/м.
Бекназар кинө көр/үп отур/а/т.


Кемчиликтер мугалим тарабынан толукталат.

**3-тапшырма:** Ар бир топ учур чак, өткөн чак жана келер чакты катыштырып аңгеме жазышат. (2 мүнөт)

Ар бир топтун лидерлери чыгып ангемелерин окушат.

Кемчиликтер мугалим тарабынан толукталат.

**Жыйынтыктоо:** Анда эмесе биздин бүгүнкү сабагыбыз ушуну менен аяктайт. Баардыгыбыз этиштин чактары боюнча бардык маалыматтарды алдык, билдик. Кана эмесе бүгүнкү сабак боюнча кандай түшүнүк алдынар? Азыр ар бир топ доскада илинген кутучаларды толтуруу менен ким, кандай билим алгандыгын коробуз. Азыр мен ар бирине жылдызчаларды таратам, өз ойлоруңарды жазып кутучаларга салгыла.



**Үйгө тапшырма: 427-конүгүү**

**Окуучуларды баалоо:** Ар бир топ бири-бирин баалашат. Мугалим дагы сабакта активдүү катышкан окуучуларды баалайт.

**Асылбек кызы Ширин**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Жалаң жана жайылма сүйлөм**

| **Билим берүүчүлүк :** | **Өнүктүрүүчүлүк:** | **Тарбия берүүчүлүк:** |
|---|---|---|
| Окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөм боюнча терең билим алышат. | Окуучулар жалаң жана жайылма сгйлөмдөр боюнча талдоого машыгышат. | Окуучулар топтор менен иштөөдө бири – биринин оюн бөлбөй угууга, жардам беүүгө. Активдүүлүгүн көрсөтүүгө , так сүйлөөгө, кол көтөрүп жооп берүүгө тарбияланышат. |

**Көрсөткгчтөр:**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар жалан жана жайылма сгйлөмдөр боюнча толук маалымат алса; | Жалан жайылма сүйлөмдөр боюнча талдай алса; | Бири-бирине жардам берсе. Активдүү катышып,кол көтөрүп жооп берсе; |

**Сабактын тиби:** Жаны теманы түшүндүрүү сабагы

**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, ватман ,скотч, маркер

**Сабактын жүрүшү:**

**а)** Уюштуруу;

**б)** Ү̀й тапшырма текшерүү;

**в)** Өтүлгөн теманы кайталоо;

**г)** Жаны тема;

**д)** Окуучуларды топторго бөлүп иштетүү.

Саламдашуу, класстын бардык жагана көз салып, тартипке келтирүү.
Сабакка даярдоо жана жоктоо.
Алтын эрежелер:
Активдүүлүк
Өз оюу эркин айтуу
Суроолорго кыска жана так жооп берүү
Бири-бирин уга билүү,сыйлоо
Бири-бирин туура сындоо
Кол көтөрүп жооп берүү.

**Сабактын жгрүшү:**

а) Уюштуруу
б) Ӱй тапшырманы текшерүү
в) Жаны тема
г) Бышыктоо
д) Ӱй тапшырма
е) Баалоо

**Мугалим:** Саламатсынарбы балдар! Бүгүнкү сабакка маанайынар жакшыбы? Анда эмесе сабагыбызды баштайлы. Кана, биз өткөн сабакта кайсы теманы өттүк эле?

**Окуучулар:** Бир өнчөй мүчөлөр

Биз өтүлгөн теманы кайталоо үчүн суроолорго жооп берели.

**Суроолор:** 1. Бир өнчөй мүчөлөр деген эмне?
2. Алар сүйлөмдө кайсы учурда колдонулат?
3. Бир өңчөй мүчөлөрдүн сүйлөмдөгү ролу кандай?

Окуучулар суроолорго жооп беришет. Кемчиликтер мугалим тарабынан толукталат.

**Өтглгөн тема боюнча топторго тапшырмалар:**


**1-топ:** Бир мезгилди тандап алгыла да, бир өнчөй мүчөлөрдү катыштырып текст түзгүлө.

**2-топ:** Көрүнүштүн өзүңөргө жакын түрүн алгыла да, бир өнчөй мгчөлөрдг катыштырып текст тгзгглө.

**3-топ**: Адамдын сезимин ойгото турган көрүнүүтү алып, текст түзгүлө.

Ар бир топтон лидерлер чыгып тексттерин окушат, талдап беришет. Кемчиликтер мугалим тарабынан толукталат.

**Жаъы тема:** Жалаң жана жайылма сүйлөм




Баш мүчөлөр экөө тен жөнөкөй түзүлүштө колдонулат, же эки башка мүчөсү тең тутумдаш түзүлүштө боло берет. Мындай тутумдаш баш мүчөлөр толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздөрдүн ажырагыс тизмегинен , же фразеологизмдерден уюшулат.

**Мисалы:** 1. Кел демек бар, кет демек жок.

2. Баатыр болмок мандайдан, чечен болмок тандайдан.

3. Жаны кейиген кайгычыл болот.

Жалан сгйлөмдөргө кириндичсөздү, сырдык сөздөр жана каратма сөздөрдү кошуп айтууга болот. Булар эч кандай таасирин тийгизбейт. Алар жалан сүйлөмдүн структурасын түзүүчү зарыл элемент эмес:

Бали, жигит деген ушул.

Айнура, сен айт, сен айтпасан болбойт.

Эмнесин айтасын , ээси чыга калбаспы

| ***Жайылма сүйлөм*** | | | Баяндооч |
|---|---|---|---|
| Аныктооч | | Толуктооч | Бышыктооч |

Суудагы балык колдогу байлык эмес.
Күнгө жакындаган сайын көлөкөн көлөкөлөйт.
Адам болгусу келбегендер үчүн динчил болуш оной жумуш.
Жайылма сүйлөмдөр жөнөкөй же тутумдаш түзүлүштө колдонула берет.
Айтылыш максаты боюнча **жай, суроолуу, илептүү, буйрук** сүйлөм түрүндө кездешет.

Жалаң сүйлөмдөргө караганда жайылма сүйлөмдөр көп колдонулат, анткени айтуучунун ою айкындооч мүчөлөр менен толукталат жана кең ейтилет.

**Топторго тапшырмалар берилет:**

**1 – топ. Жалаң сүйлөм**

**2 – топ Жайылма сүйлөм**

**1-тапшырма:** Карточкалар аркылуу берилет

**Жалаң сүйлөм тобуна:** Ээ жана баяндооч катышкандай кылып аңгеме түзүп, андагы ээ жана баяндоочторду таап астын сызгыла.

**Жайылма сүйлөм тобуна:** Баш мүчөлөр менен айкындооч мүчөлөрдү катыштырып аң геме же жомок түзгүлө. Темасын коюп, астыларын сызгыла.


Окуучулар жазышат, андан сон 1-2 топтон тен лидерлер чыгып окуп, талдап беришет. Кемчиликтер мугалим тарабынан толукталат.

**2 – тапшырма:** Карточкалар таратылат. **Жалан сүйлөм тобуна**: Венндин диаграммасын түзгүлө




**2 – тапшырма**

**Жайылма сүйлөм тобуна: Кластер түзгүлө**



**Бышыктоо:**

Анда эмесе, балдар, биздин бүгүнкү сабагыбызды аяктардан мурда бышыктап алсак. Силер бүгүнкү сабакта кандай түшүнүк алдынар? Эмнени билдинер, эмнени билгиң ер келди жана мурун билчү белең ер? Азыр ар бир топтон окуучулар чыгып доскадагы Б.Б.К таблицасын толтурасынар.

| Билем | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| + | ✓ | ? |

**Үйгө тапшырма:** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү катыштырып сүйлөм түзүп, талдап келүү.

**Баалоо:** Ар бир топ бири – бирин баалайт.

**Бердалиева Мыскал**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын аты**: **Кыргыз тили (10-класс)**
**Сабактын темасы: Баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкчанын коюлушу**
**Сабактын максаты:**

**а)** билим берүүчүлүк: окуучулар ээ жана баяндооч боюнча алган билимин тереңдетип, кайсы учурда баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюларын үйрөнүшөт;

**б)** өнүктүрүүчүлүк:окуучулар сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоого машыгышат,ээ жана баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарарын үйрөнүшөт;

**в)** тарбия берүүчүлүк:өз ара бири-бирин сыйлоого,биринин оюн бири угууга адептүүлүккө, эмгекке, эне тилин сүйүүгө тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз,эгерде окуучу...**

**а)** баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкчанын кайсыл учурда коюларын билсе;

**б)** сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзө алса жана баш мүчөлөрдүн милдетин кайсы сөздөр аткарарын үйрөнсө;

**в)** топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп,өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби, дидактикалык карточка, ватман, маркер

**Сабактын жүрүшү**:

1.**Уюштуруу**

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо**:

Балдар,биз темага өтөрдөн мурда баш мүчөлөргө кайсылар киререин эске алабыз.

-Алар кайсылар?

-Ээ деген эмне?Мисал келтиргиле.

-Баяндооч деген эмне?Мисал келтиргиле.

-Эмне үчүн ээ менен баяндооч баш мүчө деп аталат?

Алар кандай суроолорго жооп беришет?деген ушул сыяктуу суроолор берилет.(Окуучулар жооп беришет, такталат,толукталат)

3.**Жаңы тема**:

Ээ менен баяндоочтун ортосуна төмөнкү учурда сызыкча коюлат:

1) Ээ менен баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор аткарса,эгерде баяндоочко тиешелүү айкындооч мүчөлөр болсо,сызыкча ошол айкындооч мүчөлөрдөн мурда коюлат:

Мисалы, Акыл-рухий байлык.

2) Ээнин милдетин шилтеме ат атоочтор аткарып,баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон болсо коюлат:

Мисалы,Ал- өз кесибинин устаты.

3) Ээнин милдетин заттык маанидеги атоочтук аткарып,баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон болсо коюлат:

Мисалы: Алтын билим өнөрдүн,
Сүтүн берген- мугалим.

**4)** Ээ менен баяндоочтун биринин милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч,экинчисиникин кыймыл атооч аткарса:

Мисалы,Ата мекенди коргоо- ыйык милдет.

**5).** Ээ да, баяндооч да эсептик сан атоочтон болсо,же баяндоочтун милдетин абстрактуу маанидеги сан атооч аткарса:

**Мисалы:** Элүүнүн жарымы-жыйырма беш.

Дагы бир эске алынуучу нерсе:Сызыкча коюлган жерде оозеки кепте тыным(интонация)менен окулат.Кана эми тыным менен окуп көрөлү... Китептеги **145-көнүгүүнү** карайбыз.

Сабакты бышыктоо ирээтинде классты топторго бөлүп алабыз. Бөлүнгөн топторго карточкалар таратылат.Биринчи тапшырма:

**Биринчи топ**: Мугалим-мөмөлүү дарак.Ушул сүйлөмдө ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча кайсы учурда коюлду? Баш мүчөлөрдү таап, кайсы сөз түркүмүндө экенин айтып бергиле.

**Экинчи топ**: Ал өнөр- суудa сүзүү өнөрү эмеспи. Бул сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз. Сызыкчанын коюлушун түшүндүргүлө. (Окуучулар топ боюнча берилген тапшырмаларга жооп беришет)

**Экинчи тапшырма**: Таратылган карточкадагы сүйлөмдөрдө сызыкча кайсы жакка коюлат.Тууралап жазгыла:

**Биринчи топ:1).** Дүйнө- улуу жол,
Заман- соккон жел.
2). Эли байдын-дили бай
3). Сөз-үрөн,иш-мөмө.

**Экинчи топ:1).** Бала тарбиясы-бешиктен
2). Бал-аарыдан,мээрим-аялдан
3). Күрөштүн максаты-жеңиш.

(Окуучулар жооп беришет)

**Үчүнчү тапшырма**:Окуу китебиндеги 148-көнүгүүнү оозеки иштөө. Суроо-жооп аркылуу сабакты бышыктайбыз.

**Үйгө тапшырма берүү**:147-көнүгүү 190-бет(аткаруу жолун түшүндүрүү)

**Окуучулардын билимин баалоо:**

**Сабакты жыйынтыктоо**:

**Болотова Мээржан**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: Зат атооч.

**Сабактын максаты:**

**а) Билим берүүчүлүк**:

Окуучулар зат атоочтун грамматикалык белгилери, жасалышы, бөлүнүшү боюнча алган билимдерин бекемдешет.

**б) өнүктүрүүчүлүк**:

Зат атоочту башка сөз түркүмдөрүнүн айырмалап, чыгармачылыгын өнүктүрүп жана сөз байлыгын өстүрөт.

**в)Тарбиялык**:

Окуучулар эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиялык эрежелер боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти де эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** окуучулар зат атоочтун грамматикалык белгилери, жасалышы, бөлүнүштөрү боюнча билимдерин бекемдей алса;

**б)** Зат атоочту башка сөз түркүмдөрүнүн айырмалай билсе;

**в)** эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөшсө , орфографиянын эрежеси боюнча сабаттуу жазса;

**Сабактын тиби**: Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу**: Проблемалык жана интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы**:карточкалар, методикалык колдонмолор, ватман маркер ж.б.

**Сабактын формасы**: класстык сабак.

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу.**

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо.**

**Жаңы тема:** Зат атооч.

**Мугалимдин сөзү:**

Заттардын, буюмдардын, жан-жаныбарлардын, абстракту түшүнүктөрдүн ар кандай кубулуштардын аттарын билдирип, **Ким? Эмне? Кимдер? Эмнелер? Кимиси? Эмнеси?** деген суроолорго жооп берген сөздөр зат атоочтор деп аталат.

**Мисалы:** Асан, күмүш, парта, китеп, шамал, тоо, кол ж.б.

Зат атоочтун башка сөз түркүмүнөн айырмаланып, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар:

1. Ар кандай нерселердин, жандуу жана жансыз заттардын түрдүү түшүнүктөрдүн аталыштарын билдирип, заттык маанини туюндурат.

2. өзүнө тиешелүү сөз өзгөртүү системасына ээ, башкача айтканда, анын зат атоочко гана тиешелүү болгон жөндөмө, таандык категориялары бар.
3. Өзүнө гана тиешелүү куранды мүчөлөрү бар.

**Мисалы:**

-чы: малчы ,айдоочу ж.б.

-ма: керме, түймө ж.б.

-ым: басым, билим,келишим.

**4**. Каратма сөз да боло алат. Мисалы: -Ханым, сакалдуу десеңиз мында турат.

**5**. Жеке өзүүнчө туруп, тыянактуу ойду туудуруп атама сүйлөм да боло алат.

**Мисалы:**Түн… Асман ачык, сансыз жылдыздар жымыңдашат.

**6.** Сүйлөмдү эч бир сөзгө багынбай келгенде ээлик милдетти аткарып, баяндоочту ыгына карай ээрчитет.

Мисалы : өз ара маектеше жумушчулар иштеп жатышкан эле.

**7.** Сүйлөмдө башка сөздөр менен байланышып, багыныңкы абалда келгенде, сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн да милдетин аткарат.

**Мисалы:** Анын колу баласына жетпей калды.

**8**. Зат атоочтор энчилүү ат катары колдонулат. Жаратылыштагы заттар, жаныбарлар, нерселер эсепсиз ошондуктан алар жалпы аталыштарынан тышкары өздөрүнө окшош айырмаланган аталыштарга да муктаж.

**Мисалы:** Бир жаныбарды итти же атты башка ошол типтеги жаныбардын аты менен чакыра албайбыз.

Зат атооч өз ара тубаса жана туунду, жөнөкөй жана татаал, энчилүү жана жалпы аттар, адамзаттык жана адамзаттык эмес, конкреттүү жана обстрактуу заттар деп бөлүнөт.

Зат атоочтордун лексикалык тематикалык топтору.

Зат атооч сөздөр берген жалпы категориялык, грамматикалык маанилерине карай лексикалык- тематикалык бир нече топтордон турат.

1. Кишинин аты-жөнү : ысымы Асел, ж.б. туугандыктын аталыштары: ага, эже, жезде, чоң ата ж.б.
2. Адамдардын жана жан-жаныбарлардын дене түзүлүшүнүн аттары: баш , бел, бут, ичеги, канат, тизе, жүрөк.
3. Айбандардын, канаттуулардын, курт-кумурскалардын жана сууда жашаган жаныбарлардын аттары Мисалы: жылан, өрдөк, түлкү, уй, балык ж.б.
4. Дарак, бадал, өсүмдүктөр, жашылча-жемиштердин аттары.
5. Металл , металл эмес заттар.

6. Буюмдардын аттары, эмгек куралдарынын, машиналардын.
7. тамак-аш, азык заттардын аттары.
8. илим-билим, чыгармалардын.
9. Мезгил, ченем аталыштары.
10. Географиялык жана астрономиялык обңектилердин аталыштары.
11. Абстрактуу түшүнүктөрдүн, сапаттардын. Мисалы: достук, акыл-эс.
12. Кыймыл-аракеттердин аттары. Мисалы: жүрүш, сезүү, айтыш ж.б.

Класс төрт топко бөлүнүп: төмөнкүдөй өз алдынча тапшырмалар берилет.

**1-топ.**

Айбандардын, канаттуулардын сүрөттөрү бар карточкалар таратылат.

**2-топ.**

Адамдардын дене түзүлүшү боюнча.

**3-топ.**

Жемиштердин сүрөттөрүн.

**4-топ.**

Жашылчалардын сүрөттөрү.

Берилген карточкалардагы сүрөттөрдүн аталыштарын катыштырып, кыскача текст түзүп, тексттин ичиндеги сөздөрдөн зат атоочту таап, алар кандай суроолорго жооп бергенин айтып берет.

Окуучулар тапшырманы аткаргандан кийин.

Мугалим: Демек, бүгүнкү тема баарыбызга түшүнүктүү болуптур, анда эмесе көнүгүү иштейли.

**1-топ: 318-көнүгүү.**

**2-топ: 320-көнүгүү.**

**3-топ:323-көнүгүү.**

**4-топ: 324-көнүгүү.**

Сабакты бышыктоодо суроо-жооп, кайтарым байланыш методунун негизинде окуучуларга: «Зат атооч деген эмне? »деп суроо берет.

**Сабакты жыйынтыктоо.**

**Үйгө тапшырма**: 325-көнүгүү.

**Окуучулардын билимин баалоо.**

**Жекшенбекова Жаркынай**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: **Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү. (8-класс)**

**Сабактын максаттары:**

**а)** билим берүүчүлүк: Окуучулар сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери жөнүндө түшүнүк алышат.

**б)** өнүктүүрүчүлүк: Окуучулар айкындооч мүчөлөрдү туура таба билишет, алардын түрлөрүн аныктай алышат, аларды оозеки жана жазуу кебинде туура колдонуу билгичтиктерин өнүктүрүлөт.

**в)** тарбия берүүчүлүк: өз ара бири-биринин пикирин уң гуга жана аларды сыйлоого, ынтымакта болууга, патриоттукка тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу:**

**а**) сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери жөнүндө айтып бере алса жана аларды сүйлөм ичинен айырмалап бере алса;

**б**) сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн оозеки жана жазуу кебинде туура колдоно алса;

**в**) өз ара бири-биринин пикирин угуп жана өз ара сыйлай билишсе;

**Сабактын тиби:** Жаны билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы:** ватман, доска, карточка, маркер,скотч.

**Сабактын жүрүшү:**

1) уюштуруу.

2) өтүлгөн теманы кайталоо.

Үйгө тапшырманы кайталоодо класс үч топко бөлүнүп, аларга -төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет.

**1-топко**: Баш мүчө деп эмнени айтабыз? Баш мүчөлөр кандай бөлүктөрдөн турат? Мисал келтиргиле?

**2-топко:** Ээ деген эмне? Баяндооч деген эмне?

**3-топко:** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө мисал келтиргиле. Аларга синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

**Мугалимдин сөзү:**

Туура айтасынар балдар, башка сүйлөм мүчөлөрүнө көз каранды болбой, сүйлөмдүн негизин түзгөн мүчөлөр баш мүчөлөр деп аталат. Мисалы: Алар ырдашты. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү ээ менен баяндоочтон турат.

Айтылып жаткан сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнө грамматикалык жактан багынбай, баяндоочту сан, жак боюнча өзүнө баш ийдирип, атооч жөндөмөсүндө турган баш мүчө ээ деп аталат. Ага ким? Эмне?Кимдер? Эмнелер?д.с.ж.б. Мисалы: Данияр унчукпай келе берди. Грамматикалык жактан ээге багынып, анын ар кандай абалын туюнткан мүчө баяндооч деп аталат.

**Жаңы тема**:

Бүгүн балдар, биз сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн өтөбүз. Сүйлөмдө айтылып жаткан ойду толук, так жана жеткиликтүү даражада түшүнүктүү кылып берүүдө айкындооч мүчөлөр колдонулат.

Граммматикалык жактан баш мүчөлөрдүн бири багыныччтуу болуп айтылган жана алардын түрдүү белгилерин ,маанисин толуктаган сүйлөм мүчөлөрү айкындооч мүчө деп аталат.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн түрдүү белгилерин сынын, сыпатын, мүнөзүн, мезгилин, ордун,себебин ж.б маанилерин толуктап туруу сыяктуу синтаксистик ички катыштарына жараша айкындооч мүчөлөр аныктооч, толуктооч жана бышыктооч мүчөлөр болуп бөлүнөт. Алар бири-биринен грамматикалык түзүлүшү боюнча айырмаланышат.

Аныктооч-сүйлөмдө заттын, окуялык, зат ордуна колдонулган сөздөрдүн сынын, сыпатын,мүнөзүн, санын, иретин же ал заттын башка бир затка таандык экендигин билдирүүчү мүчө аныктооч деп аталат. Кандай? Кайсы? Канча? Нече? Канчанчы? Неченчи? Кимдин? Эмненин? д.с.ж.б. Мисалы: Орто бойлуу келин кирип келди.

Аныктоочтор түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болушат. Жөнөкөй аныктоочтор бир сөздөн турат.

**Мисалы:** Эртеңден баштап бардык жаштар ишке киришмек болушту.

Татаал аныктоочтор эки же андан ашык сөздөрдөн турат.

**Мисалы:** Көк-жашыл жалбырактар жер бетине жайнады.

Толуктооч-кыймыл-аракет багытталган заттын,окуянын атын билдирүү менен кыймыл-аракеттин маанисин толуктап турат.Толуктооч кыйыр жөндөмөлөрдүн суроолоруна жооп берет.Кимге?Эмнеге?Кимди?Эмнени?о.э. атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр тууралуу жөнүндө жандоочтор менен берилиши мүмкүн. **Мисалы:** Эмки иш Жапарда калды. Биз келечек тууралуу сүйлөштүк.

Толуктоочтун тике жана кыйыр деген эки түрү бар.Тике толуктоочтор табыш жөндөмөсүндө турса, кыйыр толуктоочтор барыш, жатыш,чыгыш

жөндөмөлөрүндө турат. **Мисалы:** Китепти сүй,баркын бил.аракеттен адат жаралат.

Бышыктооч-кыймыл-аракеттин ар түрдүү белгилерин ордун мезгилин, себебин, максатын, сапатын,сан-өлчөмүн билдирет. Ал кайда?кайдан? качан? качантан бери? эмне максат менен? эмне үчүн?эмне себептен?канча?нече?канча жолу?д.с.жооп берет. Мисалы:Чүкөбай таң эрте чочуп ойгонду.качан?-таң эрте,кантип?-чочуп. Күн жылуу тийди.Офицер илгери чуркады (кайда?)анын артынан (кайдан?) солдаттар ээрчиди жана чуркап (кантип?) түшүштү.

Бышыктоочтор берген маанисине карай **мезгил, орун, себеп, сан-өлчөм, сын-сыпат, максат бышыктооч деп алтыга бөлүнөт.**Түрлөрү боюнча кийинки сабакта толук маалымат алабыз.Окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат, андан кийин төмөндөгүдөй өз алдынча тапшырмалар берилет.

**Окуучуларды  үч топко бөлүп алабыз.**

1-топ  аныктооч.

2-топ толуктооч.

3-топ бышыктооч командасы болот.

Балдар биз эми команда болуп көнүүгүлөрдү иштейбиз.

**1-тапшырма:**

**1-топ**: Берилген сүйлөмдөрдү окуп , маанисин айтып бергиле жана сүйлөмдөн аныктоочту таап синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

Жакшы уул асмандагы жылдыз. Баардык элдин тилегени бейкуттук. Баладан ыйман кетсе, атасы сыйдан кетет.

**2-топ:** Берилген сүйлөмдөрдөн толуктоочту таап, анын түрүн аныктагыла жана макалдардын маанисин айтып бергиле.


Билимге көңүлдү байлаба, өмүрдү байла. Мөмөнү шак көтөрөт, падышаны так көтөрөт. Жаратылышта жазык жок, жалкоодо азык жок.

**3-топ:** Берилген сүйлөмдөрдөн бышыктоочту тапкыла. Ал сөздүн эмне үчүн бышыктооч экендигин түшүндүргүлө.

Жекшемби күнү курбулар кайра көл боюна чыгышты. Керез үч жылдан бери жалгыз жүрөт. Каныбек түнү бою көрдү. Элебес кечээ келип кеткен.

**2-тапшырма**:

**1-топ:Аныктооч менен бышыктоочко Венндин диаграммасын түзөсүңөр**




**Жыйынтыктоо**
**Окуучулардын билимин баалоо**.

**Жекшенбекова Жаркынай**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы:** Сапаттык жана катыштык сын атоочтор. (6-класс үчүн)
**Сабактын максаттары:**
**а)билим берүүчүлүк .**
Окуучулар сын атооч боюнча алган жалпы билимдерин бышыктоо менен сапаттык жана катыштык сын атоочтор боюнча түшүнүк алышат.
**б)өнүктүрүүчүлүк**.
Окуучулар сапаттык жана катыштык сын атоочтордун айырмасын түшүнүп, морфологиялык талдоого машыгышат.
**в) тарбия берүүчүлүк.**
тарбия берүүчүлүк: өз ара бири-биринин пикирин угууга жана аларды сыйлоого, ынтымакта болууга, патриоттукка тарбияланышат

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу:**

**а**) Окуучулар сын атооч боюнча алган жалпы билимдерин бышыктоо менен сапаттык жана катыштык сын атоочтор боюнча түшүнүк алышса;
**б**) Окуучулар сапаттык жана катыштык сын атоочтордун айырмасын түшүнүп, морфологиялык талдоого машыгышса;
**в**) өз ара бири-биринин пикирин угуп жана өз ара сыйлай билишсе.
**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:**Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы:** ватман,доска,бор, карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**1)** уюштуруу

**2)** өтүлгөн теманы кайталоо

Окуучуларды эки топко бөлөбүз.

**1-топ:** Сын атооч деген эмне?(кластер түзүү)

**2-топ:** Көрсөтүлгөн сүрөткө мүнөздөмө беришет. (Сүрөт берилет. Сүрөттө кооз көйнөк кийген Акылай менен такай минген Актан тартылган). Сүрөттөн сын атоочторду таап, алардын өзгөчөлүктөрүн айтышат.

**Мугалим:**

Туура айтасынар балдар, заттардын, буюмдардын, нерселердин ар түрдүү заттык түшүнүктөрдүн сын-сыпатын,өңү-түсүн, даамын,тулкусун,кебетесин,көлөмүн, ченемин же башка белгилерин көрсөтүп, кандай? кайсы? д.с.ж.б. сөздөрдү сын атооч дейбиз. Мисалы; Эски үлгүдө жасалган оор үстөл, калың айнек үстөлдүн бетинде. Бул жерде эски, оор,калын деген сын атоочтор үлгү, үстөл,айнек деген зат атооч сөздөр менен айкаша келип, алардын тиешелүү касиеттерин аныктады.

**Жаңы тема:**

Сын атоочтор заттардын ар түрдүү белгилерин жана башка зат менен болгон байланышын билдиришине карай **сапаттык жана катыштык сын** болуп экиге бөлүнөт.

Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, сапатын, белгисин, формасын, мүнөзүн жана башка түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын атоочтор деп аталат. Сапаттык сын атоочторго төмөнкү сөздөр кирет; жакшы, жаман, сулуу, шайыр, ачуу, ысык, чоң, таза,кенен.

Даражалар боюнча өзгөргөн сын атоочтор: кызыл-кызылыраак, көк-көгүрөөк, ачык-ачыгыраак.

Антонимдик маанидеги кош сын атоочтор: чоң-кичине, жакшы-жаман, ак-кара,узун-кыска.

Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор катыштык сын деп аталат.

Катыштык сын атоочтор көбүнчө өзү аныктап турган сөзү менен бирге айтылат жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлөт.

**-луу: акылдуу, малдуу, тартиптүү, күчтүү;**

**-дай: тоодой, атырдай, кагаздай;**

**-лык: айылдык, шаардык (киши);**

**-гы: түнкү (сугат), тоодогу (малчылар);**

**-лаш: аталаш (тууган), сырдаш (жигит);**
**-чыл: уйкучул, жаанчыл (ай);**
**-чан: тончон,кийимчен, тумакчан.**

Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө.

Окуучулар топ-топ болуп иштешет.

**1-топ:** Төмөнкү ырдан сапаттык жана катыштык сын атоочторду тапкыла. Эмне үчүн сапаттык жана катыштык сын экенин далилдегиле.

Кыялы комуз миң кылдуу,
Чертилсе комуз көп сырдуу.
Өмүрдүн өзү сыяктуу,
Жумшак, таттуу,жыпжылуу.
Көйрөң, жеңил, шашкалак,
Билүү кыйын,кандай бу?
Карап турсаң укмуштуу,
Бирде кичүү,бирде улуу.
Бирде бала мүнөздүү,
Бирде чексиз акылдуу.
Токтоо, кылдат, сабырдуу,
Кээде ак көңүл, кээде куу.

**2 –топ: " Кыргыз мамлекети"** деген темада сапаттык жана катыштык сын атоочту катыштырып, чакан текст түзгүлө.

**2-тапшырма:**

Сапаттык жана катыштык сын атоочтор аралаш сөздөр берилет. Бөлүнгөн доскага ирээти менен ар бир топ тапкан сөздөрүн чапташат.

Кайсы топ көбүрөөк сөз тапса, ошол топ жеңишке ээ болушат.

Курч, сары, күйүмдүү, кең, тар, таттуу, бактысыз, түз, бат, таштак, оттуу, көк, узун, жылуу,ак, сулуу.

**3-тапшырма:**


**1-топ:** Берилген сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөрдү улагыла.

Жакшы, жаман, сулуу, кыраакы, орой, шамдагай, назик.

**2-топ:** Берилген сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

Жакшы бала жакшы окуйт. Ысык-Көл кышта жылуу, жайда салкын.

Ар бир топтон лидерлер чыгып,тапшырманы жакташат. Ошондон кийин жалпы класс сапаттык жана катыштык сынга Венндин диаграммасын түзүшөт.




**Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо.**

1) Сын атоочтор ар түрдүү белгилерине карай кандай болуп бөлүнөт?
2) Сапаттык сын атооч деген эмне? Мисал келтиргиле.
3) Катыштык сын атоочтор кандай жол менен жасалат?

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү**

Окуучулардын билимин анализдеп, баалоо

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Замирбек кызы Гүлбарчын**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун бүтүрүүчүсү**

## Сабактын темасы – Фонетика бөлүмүн кайталоо. Машыгуу, көнүгүү сабагы (10-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар фонетика, үндүү, үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү боюнча алган билимдерин бекемдешет, бышыкташат. Сөздөрдү айтууда жана жазууда тыбыштарды туура колдонууга көнүгүшөт;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар реакциясынын тездигин, ой жүгүртүүсүн, эске тутуусун өнүктүрүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилибизди сүйүүгө жана анын тазалыгын сактоого тарбиялануугa багыт алышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** Окуучулар фонетика, үндүү, үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү боюнча алган билимдерин бекемдешсе, бышыкташса. Сөздөрдү айтууда жана жазууда тыбыштарды туура колдонууга көнүгүшсө;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

реакциясынын тездиги, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу өнүксө;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилибизди сүйүүгө жана анын тазалыгын сактоого тарбиялануга багыт алышса;

**Сабактын түрү** – Стандарттуу эмес сабак. Сабак-мелдеш
**Сабактын тиби –** Машыгуу, көнүгүү сабагы
**Сабактын методу**: интерактивдүү методдордун ыкмалары.
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, таблицалар, сүрөттөр, дидактикалык карточкалар ж.б.
**Сабактын формасы** – Кичине топтордо иштөө
**Баалоо усулу:** түздөн-түз байкоо, өз ара баалоо.
**Сабактын жүрүшү:**
**1. Уюштуруу**.

Саламдашуу. Окуучуларды «үндүүлөр», «үнсүздөр», «тыбыштар» деген топторго бөлүп алуу.

**2. Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө тапшырманы текшерүү**

- Балдар, биз бүгүнкү сабакка чейин тил илиминин фонетика бөлүгүн өтүп келдик. Үй тапшырмасына бардыгын кайталап окуп келүү берилген эле. Сабакка даярбызбы?

Суроо-жооптор менен эске түшүрүлөт:

1. Фонетика деген кайсы тилден алынган, ал эмнени билдирет?
2. Кыргыз тилинде канча тыбыш бар? Алардын канчасы үндүү, канчасы үнсүз, балдар?

**3. Көнүгүү, машыгуу:**

**1-тапшырма «Кайсы топ көп билет?»** деп аталып, берилген суроолорго жооп беришет:

1. Тыбыш деген эмне?
2. Тамга деген эмне?
3. Тыбыш менен тамганын бири-биринен айырмачылыгы эмнеде?
4. Кыргыз тилиндеги тыбыш менен тамганын саны эмнеге бирдей эмес? Түшүндүрүп бергиле?
5. Үндүү тыбыштар кандай жасалат? Аларга кайсы тыбыштар кирет?
6. Үнсүз тыбыштар кандай жасалат? Үнсүз тыбыштарды атагыла.
7. Сүйлөө органдарына кайсы органдар кирет?

**2-тапшырма - Карточкалар менен иштөө**

**№1 карточка**

1. Жоон үндүүлөр жана ичке үндүүлөр кандай жасалат жана аларга кайсы тыбыштар кирет?

2.Текст түзүп, андагы жоон жана ичке үндүүлөрдү белгилегиле.

**№2 карточка**

1. Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр кандай жасалат жана аларга кайсы тыбыштар кирет**?**

2. Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр катышкан кыргыз макалдарынан мисал келтирип, түшүндүрүп бергиле**.**

**№3 карточка**

1.Жаактын ачылышына карай үндүүлөр кандай бөлүнөт, аларга кандай тыбыштар кирет?

2.Кыргыз табышмактарынан алып, андагы кең, кууш, жарым кууш үндүүлөрдү белгилегиле.

**3-тапшырма – фонетикалык талдоо** (топтор мугалим даярдаган карточкаларды алып кетишет)

**1-карточка:** айырмалуу, коөнек.

**2-карточка:** адабият, көпүрө.

**3-карточка:** коюлуп, ажыдаар.

**Үлгү**: **айырмалуу** – 9 тамга, 8 тыбыш; 4 үндүү, 4 үнсүз; 4 муундан турат: а-йыр-ма-луу: 1-муун (а) аякталашына карай ачык, башталышына карай жабылбаган; 2-муун (йыр) аякталышына карай жабык, башталышына карай жабылган; 3-муун (ма) аякталышына карай ачык, башталышына карай жабылган муун; 4-муун (-луу) аякталышына карай ачык, башталышына карай жабылган.

**а** - үндүү; тилдин горизонталдык абалына карай жоон; эринге карай - эринсиз; жактын ачылышына карай – кең; үндүн созулушуна карай – кыска;

**й** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяң; жасалуу ыгына карай – жылчыкчыл; жасалуу ордуна карай – орточул; жумшак таңдайдын абалына карай – оозчул.

**ы** - үндүү; тилдин горизонталдык абалына карай жоон; эринге карай - эринсиз; жактын ачылышына карай – кең; үндүн созулушуна карай – кыска;

**р** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяң; жасалуу ыгына карай – дирилдеме; жасалуу ордуна карай – уччул; жумшак таңдайдын абалына карай – оозчул.

**м** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяң; жасалуу ыгына карай – жарылма; жасалуу ордуна карай – кош эринчил; жумшак таңдайдын абалына карай – мурунчул.

**л** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяң; жасалуу ыгына карай – жылчыкчыл, капталчыл; жасалуу ордуна карай – уччул; жумшак таңдайдын абалына карай – оозчул.

**уу** - үндүү; тилдин горизонталдык абалына карай жоон; эринге карай - эринсиз; жактын ачылышына карай – кууш; үндүн созулушуна карай – созулма;

**4-тапшырма – «Аукцион» деп аталат**

Мугалим «фонетика» деген бир гана сөз айтат. Окуучулар фонетика эмнени изилдеп-үйрөтөрүн, тыбыштар жөнүндө, алардын касиеттери, өзгөчөлүктөрү, тамгалардан айырмачылыгын, үндүү, үнсүз тыбыштардын белгилерин, касиеттерин ж.б. аташат. Кайсы топ, кайсы окуучу эң көп белгилерин айтып берсе, аягында ким чекиити койсо, ошол топ же окуучу жеңүүчү аталат.

**Мугалим фонетика бөлүмү боюнча жыйынтыктоочу сөзүн айтат.**

**Үйгө тапшырма берүү**

Фонетиканы, тыбыштарды билүүнүн мааниси жөнүндө эссе жазып келүү жана үч сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүү тапшырмасы берилет.

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо.**

Активдүү топ, окуучулар белгиленет. Алар мугалимдин түздөн-түз байкоосу жана топтордун бири-бирине берген баасы боюнча аныкталат

**Карыбаева Алина**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: **Туюк мамиле.(6-кл)**

**Сабактын максаты**:1.кыймыл аракеттин өзүнөн-өзү иштелгендей этиштерди биле алышат.

2. Кайсы мүчөлөр уюштурарын жана морфологиялык талдоо жүргүзө алышат
3. Топтордо иштей алышат жана бири-бирин сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз эгерде окуучу**....

1)Кыймыл-аракеттин өзүнөн-өзү иштелгендей этиштерди биле алышса.

2)Кайсыл мүчөлөр уюштураарын жана морфологиялык талдоо жүргүзө алышса.

3)Топтордо иштей алышса жана бири-бирин сыйлоого тарбияланышса.

**Сабактын тиби**:Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу**: Интерактивдүү "КЭЙС" ыкмасы.
**Сабактын жабдылышы**: Көргөзмө куралдар, дидактикалык карточкалар.
**Сабактын жүрүшү**.
**Уюштуруу.**
1)Үй тапшырманы текшерүү.

Үй тапшырманы кайталоо үчүн окуучулар төрт топко бөлүнөт.

**1топ . Акылман тобу:**

Өздүк мамиле деп эмнени айтабыз?
(кластер)

**2 топ. Келечек тобу:** Өздүк мамиле кайсы мүчөлөр менен жасалат?
(мүчөлөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө)

**3топ. Билим тобу**: Өздүк мамиле этишти катыштырып текст түзгүлө.

**4 топ**. **Жылдыз тобу**: Өздүк мамиле этишти катыштырып,класска мүнөздөмө жазгыла

2. **Жаңы тема**:

Кыймыл-аракеттин өзүнөн-өзү иштелгендей маанини билдирген этиштер туюк мамиле деп аталат.

Туюк мамиле этишти –ыл(-ил,-ул,-үл,-л)мүчөсү уюштурат.Мисалы:жазылды,ачылды,тосулду,онолду,жасалды,кесилди

Ар бир топко сүрөттөр берилет мисалы:

**1топ:**



**2** топ:




**3** топ:



4- топ:



Ушул сүрөттөр менен иштешет.Окуучулар канчалык денгээлде сүрөттөр менен иштей алаарын билебиз. Ар бир топтон бирден окуучу чыгып өзүлөрүнүн тапшырмаларын айтып беришет.

Сабакты бышыктоодо кайтарым байланыш методун колдонуу менен окуучуларга "Бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүк?"-деген суроо менен кайрылуу.

**Үйгө тапшырма.**

**Окуучулардын билимин баалоо.**

**Сабакты жыйынтыктоо**.

**Керимжанова Алина**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: Этиштин чактарын кайталоо (5-класс)

**Сабактын максаты:**

**а) Билим берүүчүлүк .**

Окуучуларга этиштин чактарын кеири түшүндүрүү. Этиштин чактары жөнүндө алган билимдерин жалпылоо,терeдетүү жана кайталоо.

**б) өнүктүрүүчүлүк.**

Окуучулардын этиш жөнүндөгү түшүнүктөрүн кеңейтүүгөө жана этиштин чактарын оозеки жазуу речтеринде туура колдоно алууга,сүйлөмдөн этиштин чактарын туура таба билүүгө өстүрүү.

в) тарбия берүүчүлүк.

Ынтымактуу болууга, адептүүлүккө, ыймандуулукка, өз ойлорун эркин,тартынбай айтууга, кыргыз тилинде так туура сүйлөөгө тарбиялоо.

**Жогоруда максаттарга жетти деп эсептейбиз эгерде окуучулар**...

**а)** этиштин чактарынан кеири түшүнүк алышса жана этиш жөнүндө алган билимдерин тереңдетишсе.

**б)** этиштин чактарын оозеки жазуу речтеринде туура колдоно алса,сүйлөмдөн таба билсе.

**в)** өз ойлорун эркин, тартынбай айтышса, кыргыз тилинде так, туура сүйлөсө.

**Сабактын тиби**: жомок-саякат сабагы.

**Сабактын методу**: интерактивдүү метод.

**Сабактын жабдылышы**: карточкалар,китеп.

**Сабактын жүрүшү:** 1)Уюштуруу.

Саламдашуу,журнал боюнча окуучуларды жоктоо.

**2)** үй тапшырмасын суроо.

Балдар, үйгө тапшырма эмне берилген?Ким кандай аткаргандыгын ортого салалы,текшерели. (Парта боюнча текшерип 2,3 окуучуга окутуу.)

Жакшы,үй тапшырмасын аткарып келиптирсиңер. Эми, суроого жооп бергилечи.

Этиш деп эмнени айтабыз?

Этиштин түзүлүшү?

(1, 2 окуучудан эреже суралат.)

Азаматсыңар балдар, демек этиш жөнүндө көп эле нерсени билет экенсиңер.

Окуучуларды топторго бөлүп алуу.

**1-топ.Келер чак**

**2-топ.Учур чак**

**3-топ. Өткөн чак**

(Үч топко карточкалар таратылат)

**1-топ** үчүн суроолор

1)Этиш кандай суроолорго жооп берет?

2)Этиш сүйлөмдө кандай милдетти аткарат.Мисал келтиргиле?

**2-топ** үчүн суроолор

1)Этиштин жакталышын түшүндүргүлө?

2)этиш түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт?

**3-топ** үчүн суроолор

1)Этиштин канча чагы бар?

2)этиштин чактарына аныктама бер?

**Мугалим**: Азаматсыңар, баарыңар! Балдар, жомок укканды баарыбыз жакшы көрөбүз ээ. Анда төмөнкү жомокко көңүл буруп, кунт коюп угуп, мында эмне жөнүндө сөз болду түшүнүп угуп отурабыз. Эмесе сабакка көңүл буралы (жомокту окуу.)

Илгери өткөн заманда бир акылман карыя жашаптыр. Ал акылман карыянын аты этиш болуптур. Анын үч уулу бар экен.Уулдарынын аттары Келер чак, Учур чак ,Өткөн чак экен.

Бул балдардын ар биринин өздөрүнчө өнөрлөрү болуптур.Улуу баласы Келер чак боло турган ишти алдын ала билип кабарлап айтын турса,ортончу уулу Учур чак учурда болуп жаткан нерседен кабар берип турат,ал эми кичүү уулу өткөн чак анын эске тутуусу жакшы экен, мурда болуп өткөн нерсени эч унутпай эсте сактап жүрө турган жайы бар экен. Балдарынын мындай өнөрлөрү бар экен. Этиш атасы билет дагы,аларды чакырып алып:

“Балдарым, силер өстүңөр, акылыңар толду,эми мен силерге, өзүөргө тиешелүү болгон энчиңэрди берейин”-деп айтат.

-Сен, улуу балам Келер чак Эмне болду?деген суроону ал.

-Ортончу балам Учур сак Эмне кылып жатат?деген суроону ал.

-Кенже уулум,өткөн чак сен Эмне кылды?деген суроону ал. Мына ушул өзүңөргө тиешелүү болгон суроолоруңарды пайдаланып өзүңөрдү сынап көргүлө”-деп балдарын алыс сапарга жөнөтөт.

Жолдо алар аз жүрдүбү, көп жүрдүбү бир убакта, калың токойго туш болушат.Токойдон алар коөндун бөжөгүнө туш келишет. Бөжөк үйүнөн алыс чыгып адашып калыптыр, кайра үйүнө кайтыш үчүн жол таппай турат.

Баягы үч бир тууган бөжөктү үйүнө жеткирели дешсе,жолдун бары жабык жанындагы дүмүрдө:

“Эгер силер бөжөккө жардам бергиңер келсе, анда төмөнкү тапшырмага жооп берсеңер гана бөжөктүн үйүнө жол ачылат”деген жазуу турат.

**Мугалим:** Анда кандай тапшырма экенин биз да күбө болуп бул үч бир тууганга жардамдашалы да,бөжөккө жол көтөрүп, аны үйүнө жиберели.

**Көнүгүү менен иштөө.**

**494-көнүгүү**.Сүрөт боюнча оозеки иш жүргүзүү.(окуучулар жооп беришет.)

Мына балдар,этиштин үч баласы биздин жардамыбыз менен тапшырманы аткарышып, бөжөккө жол көрсөтүп беришти.

Ошентип балдар, баягы үч бир тууган андан ары жолун улашат. Жолдо келе жатышып алар бал куюлган челекке жетпей жаткан мамалакты көрүшөт.

Мамалактан “Сен эмне кылып жатасың?”-деп сурашат.

Мамалак:-Менин аябай бал жегим келип жатат,бирок мага аарылар бербей жатышат-дейт.

Балдар:-Эмне үчүн бербей жатышат?-десе.

Мамалак:-Алар мага бир тапшырма беришти, аны аткарганда гана балды беришерин айтышты.

Балдар кандай тапшырма экенин сурашты эле, мамалак аларга колундагы тапшырманы көрсөтөт.

**496-көнүгүү.** Китеп менен иштөө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүү.1. Мен көз жетпеген сонун үйлөрдү саламын.

2.Сен келечекте ким болосуң?-Мен агроном боломун.

3.Кырк күндө той бүтүптүр.

(ар бир топтон бирден окуучу чыгып доскага бирден сүйлөм талдашат)

Мына ошентип берилген тапшырмны аткаруу менен мамалакка балды аарылардан алып бердик. Балдар жолун андан ары улашат.Жолдо алар аябай чарчап,суусушут. Ошентип алар бир булактын жанына келип отурушат.

Балдар эс алып отурушса,жандарынан үн угулат.

Булак:-Балдар,силер суусап келе жатасыңар, бирок менин көзүм бүтүп,суум акпай калды.Силер төмөнкү тапшырманы аткарсаңар менин көзүмдү тазалап,суусунуңарды кандырып алгыла-дейт.

**Балдар булактын жанына келишсе, анда төмөндөгүдөй жазуу турат:**

**499-көнүгүү.** Жак мүчөлөрдү улап, кайра окугула.

| **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|
| I Мен бийле+дим | Биз бийле+... |
| II Сен бийле+... | Силер бийле+... |
| Сиз бийле+... | Сиздер бийле+... |
| III Ал бийле+... | Алар бийле+... |

Балдар мында да тапшырманы аткарышып, суудан ичишип, андан ары жүрүшөт. Алар келе жатышып ушунчалык кооз, келишимдүү үч аргымак аттарга туш болушат. Алар аттарга минип алып үйлөрүнө кайтышты.Үйдө аларды атасы Этиш күтүп жаткан. Балдар атасына жолдогу көргөндөрү, билгендерин айтып беришт. Атасы балдарынын айткандарын угуп, аларга ыраазы болду да, балдарына ак батасын берди. “Балдарым, мындан ары да бириңе-бириңерге арка-жөлөк болуп, ынтымактуу жүргүлө”- дейт.

Мына,балдар, ошол күндөн ушул күнгө чейин бул Этиш атанын балдары бири-бирине жардамдашып келет.

**Мугалим:** Жомок, силерге жактыбы? Мында кайсы сөз түркүмү жөнүндө сөз болду?

**Сабакты бышыктоо:** Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо.

**Үйгө тапшырма берүү**: 500-көнүгүү (аткаруу жолун түшүндүрүү)

**Окуучулардын билимин баалоо:**

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Молдакунова Айдана**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын аты: Кыргыз тили (10-класс)**

**Сабактын темасы**: Фразеологизмдер

**Сабактын максаты:**

**а).** Окуучулар ойду өзгөчө жол менен билдирүүчү өзгөчө туюнтмалар жөнүндө түшүнүк алышат;

**б).**Фразеологизмдердин негизги белгилерин аныкташат,макал-ылакаптар менен окшоштугун,айырмасын билишет;

**в).**Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз,эгерде окуучу...**

а).ойду өзгөчө жол менен билдирүүчү туюнтмалардын фразеологизмдер экендиги жөнүндө түшүнүк алышса;

б).фразеологизмдердин негизги белгилерин (лексико-семантикалык биримдиги, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткаруусу, образдуулугу жана кепте даяр материал катары колдонулушу, макал-лакаптар менен окшоштугу, айырмачылыктарын) аныктай алышса;

в).топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу**: Айтып берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк

**Сабактын жабдылышы**: “Фразеологизм” деген темадагы таблица, фразеологизм сөздүгү, дидактикалык карточкалар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу.**

**2.Өтүлгөн теманы кайталоо:**

-Неологизмдер деп кандай сөздөрдү айтабыз?

-Неологизмдердин пайда болуу булактары.

-Морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалган неологизмдерге мисал келтиргиле.

**3.Жаңы тема:**

| | Фразеологизмдердин негизги белгилери | | | |
|---|---|---|---|---|
| компонент түүлүгү | лексика-семантикалык биримдиги | синтаксистик функциясы | образдуулугу | Кепте даяр материал катары колдонулушу |

“Фразеология”деген термин грек тилинен алынган, бизче которгондо, ойду өзгөчө туюндуруучу туюнтма дегенди билдирет. Демек, тигил же бул тилде

ойду өзгөчө жол менен билдирүүчү өзгөчө туюнтмалар фразеологизмдер деп аталат. Ошол өзгөчө туюнтмаларды, фразеологизмдерди окуп үйрөтүүчү илим фразеология деп аталат. Өзгөчө туюнтмалар деген эмне?
Алар бир караганда жөнөкөй сөздөрдөн куралып тургандай көрүнгөнү менен,алар аркылуу берилип жаткан түшүнүк белгилүү даражада экспрессивдүүлүккө ээ болуп, айтылып жаткан ойду элестүү чагылдырат. Мисалы,таш боор,көк бет, колу жука, кара жаак, ичи тар, жыландын башын чыгаруу, жумурткадан кыр издөө. Бул мисалдардан боордун таш экендигин, беттин көк экендигин, колдун жукалыгын түшүнгөн жокпуз.Булар өзгөчө туюнтмага айланган сөздөр.Тактап айтканда, “таш боор” деген туюнтма кимдир бирөөнүн кайрымсыз, жардамга муктаж адамдарга мээрими жок кара мүртөз кишинин мүнөзүн өзгөчө элестүү туюнтту. Мындай туюнтмалар көркөм адабиятта көп колдонулат. Мисалы,”Сыртта жүрүп чоңойгон балдар ата-энесин көп эстебей “таш боор” болуп калат окшойт”.(Ч.Айтматов)

Демек,фразеологизмдер деп эки же андан ашык компаненттерден туруп,лексикалык бир бүтүмдүккө айланып семантикалык жактан ширелишкен,синтаксистик жактан сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарып,бир суроого жооп берип, кепте даяр материал катары колдонулган сөздөр фразеологизмдер деп аталат.

Фразеологизмдин негизги белгилеринин бири-компоненттүүлүгү болуп саналат. Ал эч качан жеке сөздөн турбайт. Эгер ал жалгыз, бир гана сөздөн турса, жөнөкөй өтмө маанилүү сөз болуп калмак мындай сөздөр тилибизде өтө көп. Мисалы,түлкү-кытмыр,куу;коөн-коркок;булбул-ырчы ж.б. Ал эми фразеологизмдер жалгыз сөздөн турбайт. Анын курамы экиден кем эмес компоненттерден курулат. Компонент деген бул бир бүтүндүн ичиндеги курамдык бөлүгү, элементи деген түшүнүктү берет. Фразеологизмдерди түзүп турган компоненттерге көүл бурсак, алар эки, үч,төрт, кээде андан көп санда учурайт. Алар санына карабастан бир өзөккө биригишип, фразеологиялык маанини туюндуруп турат. Эгерде биз ошолордун ар бирин сөз деп же сөздөрдүн туруктуу айкашы десек, жаңылыштык кетирген болобуз. Анткени сөз-өз алдынча мааниге ээ. Ар бир сөз мааниси боюнча бири-биринен айырмалуу болот. Ал эми фразеологизмдердин курамындагы сөздөр өз алдынча маани бербейт. Демек, алар сөз эмес компонент болуп саналат. Анткени фразеологизмдердин курамындагы сөздөр сөздүк касиетинен ажырап,бир нечеси биригип келип бир мааниге айланган.Ошондуктан компоненттен деп аталган орундуу болуп саналат. Эгерде колу ачык,жону жука, бармагын тиштөө

жүрөгү жок деген айкаштардын ар бирин сөз деп алып, өз мааниси менен түшүнүп,аларды эки сөздүн айкашы катары карасак,анда бирөөнүн колу ачык турганын,кимдир бирөөнүн жону жукалыгын түшүнөбүз. Бирок мындай түшүнүү турмуш чындыгына туура келбейт. Андагы чындык Фразеологиялык мааниге,тилдеги өзгөчө туюнтмага көңүл бурганыбызда гана ачыкка чыгат.Тагыраак айтканда, алар бир өзөккө бириккен туюнтманын элементи, компоненти болуп саналат.

**Фразеологизмдердин лексика-семантикалык биримдиги**. Фразеологизмдер канча компоненттен турбасын ошолордун баары биригип келип,лексикалык бир бүтүндүккө айланат, себеби лексикалык жагынан бир гана мааниге ээ болуп калат. Алардын лексикалык бир мааниге бириккендиги, лексикалык бүтүндүктү түзгөнү, демек, алардын маанилик жактан да ширелишип, семантикалык жактан ажырагыс бүтүндүккө айланганы болуп саналат. Мисалы, Кокус чоңдордон бирөө- жарым келип калгыдай болсо эки тизгин бир чылбырды Орозгул өзү алат да,чоңдорго токой көрсөткөн да өзү,бир чырпыгын коротпой карап турган ээси да өзү деген сүйлөмдө эки тизгин бир чылбыр “бийлик”деген түшүнүктү билдирип, лексикалык бүтүндүктү түздү. Мунун өзү фразеологизмдер канча компоненттен турганына карабастан бир гана бүтүндүктү,түшүнүктү билдирүүчү көрүнүш экенине далил болуп турат. Тагыраак айтканда,семантикалык жактан ширелишип кеткендигине күбө болуп турабыз.Ушул жерден баса белгилеп көрсөтүүчү дагы бир жагдай-алардын маанилик жактан ширелишиндеги өзгөчөлүгү болуп саналат. Фразеологизмдерди түзүп турган компоненттердин бири кемип, же башка сөз менен алмашып калса анын маанисине доо кетип бузулат. Мына ушул өзгөчөлүктөр анын лексика-семантикалык өзгөчөлүгү деп белгиленет.

**Фразеологизмдердин синтаксистик функциясы**. Фразеологизмдердин компоненттери ар бири өз алдынча сүйлөм мүчөсүнө ажырабастан алар толугу менен бир суроого жооп берип,сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы, Ниязбек жылан өлтүргөнгө таш алып бербеген адам деген сүйлөмдө Ниязбек кандай адам?-жылан өлтүргөнгө таш алып бербеген-деген фразеологизм сүйлөмдүн аныктоочу болуп саналат. Бардык компоненттерине биригип бир гана кандай?деген суроо берилди. Демек, фразеологизмдердин компоненттеринин баары биригип сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарды.

**Образдуулук.** Бул фразеологизмдердин негизги белгилеринин бири болуп саналат. Мисалы,жашы жетиле элек баланын образын эне сүтү оозунан

кете элек;жоош,момун дегенди кой оозунан чөп албаган,чөптөн башкага зыяны жок;кыйкымчыл кишиге карата жумурткадан кыр издеген деген фразеологизмдер аркылуу туюндурулат. Карап көрсөк жетиле элек, жаш баланын образын түзүүдө али эне сүтү оозунан кете элек наристенин элеси аркылуу сүрөттөлдү. Чынында али жетиле элек,жаш баланын образы ушул туюнтма аркылуу берилерин кантип танабыз. Эгерде биз аны кадимки сөз менен жаш деп койсок,анда эч кандай образдуулук болбойт. Жөн гана түшүнүктү атоо, билдирүү болуп калмак. Демек, фразеологизмдер чыгармадагы образдуулукту, көркөмдүүлүктү, элестүүлүктү жаратуудагы негизги белги болуп саналарына ынанабыз.

Фразеологизмдердин макал жана ылакаптар менен окшоштуктарын, айырмачылыктарын талдоодо төмөнкүлөргө токтолууга болот: түзүлүшүнүн туруктуулугу, кепте даяр материал катары колдонулушу, образдуулугу. Ал эми айырмачылыктары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

**1).** Макал-ылакаптардын тутумундагы сөздөр лексикалык мааысин сактап турат, андагы айтылуучу ой ошол лексикалык маанилердин жыйындысы аркылуу туюндурулат. Мисалы, “Билеги күчтүү бирди жыгат,билими күчтүү миңди жыгат”. Бул макалда биринчиден, кара күч менен акыл күчүнүн кудурети салыштырылып жатса,экинчиден,акыл,айла билимге ээ болгон адамдын артыкчылыгы айтылып,обьективдүү чындык өзүнчө жыйынтыкталган ой чагылдырылган.Ал эми фразеологизмдердин тутумундагы компоненттер өзүнүн жеке лексикалык маанисин сактабайт жана туюндуруучу ой алардын жыйындысынан келип чыкпайт.

**2**). Макалдар турмуштагы тажрыйбаларга таянып, тыянактуу ой корутундусун чыгарып,белгилүү бир пикирди толук билдирет.Алар көбүнчө тарбия таалим мүнөзүндө келип,ыргактуу айтылат. Фразеологизмдер белгилүү ойду корутундулабай эле бир нерсеге тиешелүү белгини,сапатты,түшүнүктү элестүү чагылдырып берет.

**3)**. Макалдар, ылакаптар синтаксистик курулушу жагынан сүйлөмдөн же сүйлөмдөрдөн турат. Андагы сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнө ажырап, баш жана айкындооч мүчөлөрдүн милдетин аткарат. Мисалы, Атанын каргышы-ок эненин каргышы бок дегенде, сүйлөм ээси-каргышы, баяндоочу-ок, бок, аныктоочу-атанын, эненин. Демек, макал-ылакаптардын ар бир сөзү сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарса, фразеологизмдерде мындай эмес. Анын бардык компоненттери биригип келип бир гана суроого жооп берет,ошол компоненттердин баары сүйлөмдүн бир гана мүчөсү болот. Мисалы, Ал

жаңыдан келгенде кой оозунан чөп албаган келин болчу. Мында кой оозунан албаган деген фразеологизм катышты. Анын бардык компонентине кандай? деген суроо берилип, бардыгы биригип келип сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарды.

Кепте даяр материал катары колдонулушу. Фразеологизмдер сөз жүрүп жаткан учурда гана пайда болбостон мурдатан белгилүү формасында жана маанисинде кепте даяр материал катары колдонулат. Мисалы, Сакинай кой дегенге болбой, дале оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып жатты.(Ө.Д.)Бул сүйлөмдөгү оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып деген туюнтма жаман сөздөр менен сөгүнгөндү, каргап-шилегенди, айтор,уят-сыйытка карабай, урушуп жаткан кишинин орой, адепсиз жактарын туюндуруу үчүн колдонулду. Ал туюнтма кеп жүрүп жатканда пайда болгон жок,дайыма ушул формасында кепте даяр материал катары колдонулуп жүргөн туюнтма болуп саналат. Демек, фразеологизмдерге жогорудагы белгилер таандык экен.

**Сабакты бышыктоо**: Сабакты бышыктоодо окуучулар топторго бөлүнүп, тапшырмалар аткарылат. Биринчи тапшырма:

**Биринчи топ**: Бир нече сөздөр берилет окуучулар ага эквивалет (маанилеш) болгон фразеологизмдерди табышат:зыкым,сараң, колу чүрүш, кесип алсан кан чыкпайт,чычканга кебек алдырбаган.

**Экинчи топ:**Маанилеш фразеологизмдерди жазышат:өчкөн отту тамызуу-үзүлгөндү улоо, ак эткенден так этүү-эки көзү төрт болуу.

**Үчүнчү топ**: Жакшы адамга фразеологизм сөздөр менен комплимент айтуу. (окуучулар жооп беришет)

**Экинчи тапшырма**: Биринчи топ: Адамдардын сапатын, мүнөзүн туюндуруучу фразеологизмдерден табуу: ак көңүл, ала көөдөн, кой оозунан чөп албаган...

**Экинчи топ**: Адилеттүүлүк, калыстык, ак ниеттүүлүк же тескерисинче, маанилерди туюндурган фразеологизмдерди табуу: ак жүрөк, ала жипти аттабаган, кара кылды как жарган, көзү түз...

**Үчүнчү топ:** Акылга, билимге, сабаттуулукка байланыштуу айтылган фразеологизмдерди тап: Ак-караны ажыратуу, куйма кулак, өчкөн отту тамызуу...

**Бул учурда мугалим доскага төмөнкүдөй сүйлөмдөрдү жазат:**

1.Танабайга тишин кайрап жүргөндөр көп.(Ч.А.)

2.Каныбектин көзүн тазалоо үчүн Зуннахун ойлонду.(К.Ж.)

3.Анда алар көздүн кареги менен тең айланчу.

Ар бир топтон лидерлер чыгып, берилген сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүшөт.

**Теманы жыйынтыктоо**: Окуучулар фразеологизм деген сөзгө кластер түзүшөт.

**Окуучулардын билимин баалоо**:

**Үйгө тапшырма берүү**: 192-көнүгүү (аткаруу жолун түшүндүрүү)

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Мусакунова Нурзада**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы:** Фразеологизмдер жөнүндө жалпы түшүнүк.

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк:** окуучулар ойду өзгөчө жол менен билдүүрүчү туюнтмалар жөнүндө түшүнүк алат;

**б) өнүктүрүүчүлүк**: окуучулар фразеологизмдердин негизги белгилерин аныкташат;

**в) тарбия берүүчүлүк**: топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат;

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:**

**а)** ойду өзгөчө жол менен билдирүүчү туюнтмалардын фразеологизмдер экенин түшүнүшсө;

**б)** фразеологизмдин негизги белгилерин: лексика-семантикалык биримдигин, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүн аткаруусун, образдуулугун жана кепте даяр материал катары колдонулушун аныктай алса;

**в)** топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша алса;

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүү

**Сабактын методу**: интерактивдүү метод

**Сабактын жабдылышы:** методикалык колдонмо, окуу китеби, карточкалар, атайын сүрөттөр, маркер, ватман ж.б

**Сабактын жүрүшү:**

**1)** Уюштуруу

**2)** Берилген тапшырманы суроо

- Неологизмдер деген эмне?
- «Неологизм» термини кайсы тилден кирген?
- Неологизмдер кыргыз тилинде канча жол менен пайда болот?

Окуучулар жооп бергенче мугалим доскага сүйлөмдөрдү жазат.

**1)** Мурдагы журналдарда колхоз, совхоз жөнүндө жазылса, азыркы журналдарда бизнесмен, комерсанттар жөнүндө баяндалчу болду.

**2)** Апа карасаңыз биздин көчөдө автобус да, троллейбус да, жүрөт экен.

Окуучулар сүйлөмдөрдөгү неологизмдерди тапкандан кийин жаңы темага өтүшөт.

Фразология- «**фразис»** туюнтма, речь түрмөгү жана **«логос»** илим, окуу деген грек сөздөрүнөн алынган.

Сүйлөгөн сөзүбүздө, адабий чыгармаларда эки же андан ашык сөздөрдөн куралып, белгилүү бир түшүнүктү билдирген сөз айкаштары көп учурайт. Мындай сөз айкаштары эркин жана туруктуу болуп эки топко бөлүнөт.

- Эркин сөз айкаштары ар бири өз алдынча турганда түшүнүктүү болушат жана сүйлөмдөрдөгү өздөрү менен кошо байланышта айтылган сөздөр менен эмес, башка сөздөр менен эмес, башка сөздөр менен айкаша берет.

Мисалы: Окуучулар бүгүн мектепке чогулушту.

- окуучулар чогулушту
- бүгүн чогулушту
- мектепке чогулушту

деп өзүбүз каалагандай эркин түзүүгө болот.

- Туруктуу сөз айкаштары жогорудагыдай эркин түзүлө бербейт. Ал сөздөр мурдатан бери даяр, туруктуу жашап келе жаткан лексикалык каражаттар болуп саналат. Аларды өзүбүз каалагандай өзгөртө алабыз.

Мисалы: Кой оозунан чөп албаган. (момун киши)
Эшек оозунан чөп албаган.

Демек, мааниси жактан биримдикти түзгөн бир нече сөздүн айкалышуулары **фразеологизмдер** деп аталат.

Фразеологиялык туруктуу айкашуулары тилге тактык, ачыктык, көркөмдүк маанисин берет, көбүнчө өтмө мааниде колдонулат.

**Мисалы:** - Темирди ысыгында сок;
- Төөнү бучкакка чапкандай;
- Чычканга кебек алдырбоо;

**Фразеологиялык айкашуулар макалдарда кезигет:** Ойноп сүйлөсөн да, ойлоп сүйлө. Чегирткеден корккон эгин экпейт.

**Фразеологиялык бирдиктер биригип келип, сүйлөм ичинде бир гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара**т.

**Ээнин милдетин:** Кой оозунан чөп албаган келишти.

**Баяндоочтук милдетти**: Булар – ишти жең ичинен бүтүргөндөр.

**Аныктоочтук милдетти:** Колу кыймылдабагандардын оозу да кыймылдабайт.

**Толуктоочтук милдетти**: Маңдайга жазганды көрө жатарбыз.

**Бышыктоочтук милдетти:** Алар жапа тырмак киришти.

Окуучулар 4 топко бөлүнүшүшөт.

1) Ω
2) Ґ
3) е
4) А

Мугалим доскага эркин сөз айкашы менен туруктуу сөз айкашы катышкан сүйлөм жазып, айырмачылыктарын түшүндүрөт.

1) Карагул - колунан көөр төгүлгөн уста.
2) Мен бүгүн айылга барам.

Мугалим доскадагы сүйлөмдү өзү талдап көрсөтөт да, окуучуларга тапшырма берет.

**1 – тапшырма**

Ар бир топко түстүү барак берилет. Баракка фразеологизмдерди катыштырып чакан текст түзүшөт.

**2 – тапшырма**

Түзүлгөн тексттен бир туруктуу сөз айкашы, бир эркин сөз айкашы катышкан сүйлөмгө талдоо жүргүзүшөт.

**3 – тапшырма**

**- Төмөнкү сүйлөмдөрдү фразеологизмдерге айландыргыла:**

1) Ал өтө сараң адам болчу. ( Ал битин сыгып, канын жалаган адам болчу.)
2) Менин агам аябай мактанчаак. ( Менин агам көөдөнүн көккө көтөрө берет.)
3) Назбийке унчукпаган, таза кыз. ( Назбийке кой оозунан чөп албаган, таза кыз.)
4) Менин бул окуу жылым бат эле өтүп кетти. ( Менин бул окуу жылым көз ачып жумгуча өтүп кетти.)

**- Кайрадан фразеологизмдерди эркин сөз айкаштарына айландыргыла:**

1) Анын сөзү жылаңач төөнү бучкакка чапкандай угулду.
( Анын сөзү катуу угулду.)

3) Бүгүн эмнеге кулак-мурун кескендей болуп отурасыңар.
( Бүгүн эмнеге жым-жырт отурасыңар.)

4) Душмандарды жер менен жексен кылуу керек.
( Душмандарды жок кылуу керек.)

Доскадагы окуучулардын талдоосун текшерип, кайрадан доскага 4 сүрөт илинет. Сүрөттөрдө фразеологизмдердин тике маанисинде тартылган, аларды окуучулар табып , талкуулашат.

**Жыйынтыктоо:** Окуучулар өзүлөрүнүн оюн толуктап жыйнтыктоо үчүн 1 - топко Кластер

2 - топко Синквейн

3 - топко Венндин диаграмасы

4 - топко Кроссворд

берилет. Аларды ар бир топ презентациялашат.

**Баалоо:**

Ар бир окуучу чынжырча түрүндө жанында отурган окуучуну баалайт.

**Үйгө тапшырма берүү:** Фразеологизм сөздөрдү катыштырып ата-энеңер же жакын курбуңар жөнүндө жазып келгиле.

**Мединова Үмүт**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү. Мезгил жана орун багыныңкы сүйлөм.**

**Сабактын максаттары:**

**а)** билим берүүчүлүк: окуучулар татаал сүйлөм, анын тең байланыштагы түрү боюнча түшүнүктөрүн алышат, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм боюнча маалымат алышат.

**б)** өнүктүрүүчүлүк: окуучулар багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрүн (орун, мезгил), баш жана багыныңкы сүйлөм, алардын өз ара байланышуу жолдорун өздөштүрүшөт.

**в)** тарбия берүүчүлүк: топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга, өз оюн эркин айтууга, баш жана багыныңкы сүйлөмдүн тыныш белгилерин, ооз эки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу**:

**а)** татаал сүйлөм анын тең байланыштагы түрү боюнча түшүнүктөрүн тереңдете алышса, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм боюнча маалымат алышса;

**б)** окуучулар багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрүн (орун, мезгил), баш жана багыныңкы сүйлөм, алардын өз ара байланышуу жолдорун өздөштүрө алышса;

**в)** топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга, өз оюн эркин айтууга, баш жана багыныңкы сүйлөмдүн тыныш белгилерин, ооз эки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшсө;

**Сабактын тиби**: жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын жабдылышы:** маркер, ватман, таблица, дидактикалык карточкалар

**Сабактын методу:** интерактивдүү метод

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Үй тапшырманы текшерүү:** Үй тапшырманы кайталоодо

1, 2, 3 деп саноо менен үч топко бөлүнүп, ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет.

**1-** топко: Татаал сүйлөм жана жөнөкөй сүйлөмгө Венндин диаграммасын түзүшөт;

**2-** топко: Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө да, дагы, бирок, ал эми, анткени деген байламталарды катыштырып сүйлөм түзүшөт;

**3-** топко: жана, менен байламталарын катыштырып тең байланыштагы татаал сүйлөм түзүшөт.

**Жаны тема:** Мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча багыныңкы сүйлөмдүн төмөнкүдөй түрлөрү бар:

| | |
|---|---|
| Багыныңкы сүйлөм | 1. Мезгил<br>2. Орун<br>3. Шарттуу<br>4. Карама-каршы<br>5. Сыпат<br>6. Салыштырма<br>7. Себеп<br>8. Максат<br>9. Сан өлчөм |

Ал эми бүгүнкү өтө турган темабыз – Мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмдөр.

Мезгил багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирет. Качан? Качанка чейин? Качантан бери? Кайсы убакта? деген суроолорго жооп берет.

| Орун багыныңкы сүйлөм | Мезгил багыныңкы сүйлөм |
|---|---|
| 1. Чакчыл мүчөлөр: - а(й), -ганча, -ганы, -майынча, -майын. Атам устаканадан кайтканча мен келдим.<br>2. Атоочтуктун -ган мүчөсүнө жөндөмө мүчөлөр ( -га, -да, -дан) уланат же жандооч<br>3. ( кийин, соң, чейин, бери) ж.б.<br>4. Шарттуу ыңгайдын – са мүчөсү уланат. Нурлан жайлоого барса, жолдоштору алдынан чыгат. | -са мүчөсү айрым учурда -да, -дө, -де мүчөсү менен аяктайт.<br>Мисалы: Билим кайда болсо, өнөр ошол жерде |

Орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун ордун көрсөтөт.Кайда? Каерде? Кайсы жерде? деген суроолорго жооп берет.


Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү аткарышат. **(155-156-көнүгүүлөр)**

**Класс экиге бөлүнүшөт**.

**1-топ.** Мезгил багыныңкы сүйлөм.

**2-топ.** Орун багыныңкы сүйлөм.

Окуучулар мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмдөргө Венндин диаграммасын толтурушат.



Эки топко карточкалар таратылат.

**1-топ.** Көп чекиттин ордуна баш сүйлөмдү, тескерисинче багыныңкы сүйлөмдү ойлоп табып жазышат.

Кызмат аяктаган соң…

Сен бак-даракты сугарып бүткөнчө, …

**2-топ.** Орун багыныңкы сүйлөмгө карата баш сүйлөмдү ойлоп таап, татаал сүйлөм түзүшөт.

Биз каяка барсак, …

Менин балдарым кайсы жерде иштесе, …


( ) Багыныңкы сүйлөм

[ ] Баш сүйлөм

Эки топко шарттуу белгилер берилет. Баш жана багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

**1-топ.** Багыныңкы сүйлөмү мезгил багыныңкы болгудай кылып сүйлөм түзгүлө. ( ) [ ]

**2-топ.** Багыныңкы сүйлөмү орун багныңкы болгудай кылып сүйлөм түзгүлө. ( ) [ ] Эки топ бөлүнгөн боюнча, мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмгө кластер түзүп толтурушат.



**Сабактын жыйынтыктоо:**


Мугалим кайтарым байланыш аркылуу «Биз бүгүн эмнени билдик?» деген суроо менен кайрылып, окуучулар жооп беришет.

**Үйгө тапшырма берүү:**

Мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмдөн турган баш жана багыныңкы сүйлөмдү түзүп, толук синтаксистик талдоо жүргүзүү.

**Окуучулардын билимин баалоо:**

Жооп бергенине жараша медалдар менен сыйланышат.



**Мединова Үмүт**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы:** Үндүү тыбыштар.

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк:**

үндүүлёр жана алардын түрлөрү  боюнча кенен үйрөнүшөт.

**б) өнүктүрүүчүлүк:**

үндүүлөргө толук мүнөздөмө берүүгө машыгышат.

**в) тарбия берүүчүлүк:**

топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлоого, эне тилин сүйүүгө тарбияланышат.

**Жогоруудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

**а) билим берүүчүлүк:**

үндүүлөр жана алардын түрлөрү  боюнча кенен үйрөнүшсө.

**б) өнүктүрүүчүлүк:**

үндүүлөргө толук мүнөздөмө берүүгө машыгышса.

**в) тарбия берүүчүлүк:**

топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлоого, эне тилин сүйүүгө тарбияланышса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу:**

**Үй тапшырма текшерүү:**

Балдар, биз бүгүнкү сабакка чейин тил илиминин фонетика бөлүгүн анын ичинен үнсүз тыбыштарды өттүк.

**Суроо жооптор менен эске түшүрүлөт.**

**1)** Фонетика деген термин кайсы тилден алынган, ал эмнени билдирет?

**2)** Кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?

**Жаны тема:**

Үндүү тыбыштар деп, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын күчсүз агымы эч кандай жолточулукка учурабай,бардык сүйлөө органдарын чыңалтып үн түйүндөрүн дирилдетүүдөн пайда болгон тыбыштарды айтабыз.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Созулушуна карай. | Эринге карай | Эринсиз | үндүүлөр | Эринчил | үндүүлөр |
| | Горизонталь | | | | |
| | Вертикаль | | | | |
| Кыска үндүүлөр. | Кен үндүүлөр | | а | | |
| | Жарым кууш үндүүлөр | э | | Ө | о |
| | Кууш үндүүлөр | и | ы | Ү | у |
| Созулма үндүүлөр. | Кен үндүүлөр | | аа | | |
| | Жарым кууш үндүүлөр | ээ | | Өө | оо |
| | Кууш үндүүлөр | | | ҮҮ | уу |

Азыркы кыргыз тилинде он төрт үндүү тыбыш бар.

Алардын сегизи кыска үндүү а,э,о,ө,ү,у,ы,и жана алтоо созулма үндүүлөр аа,өө,оо,уу,үү,ээ.

Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштар аларды жасоодо катышкан негизги органдардын – тилдин жана ээриндин абалына карата жана үндүн созулушуна жараша төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:
Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар, бир сүйлөмгө толук фонетикалык талдоо жүргүзүшөт.

**Класс 3 топко бөлүнөт.**

**1 – топ**. Тилге карай.

**2 –топ.** Эринге карай.

**3 –топ.** Үндүн созулушуна карай.

Окуучулар бөлүнгөн боюнча карточкада берилген суроолорго жооп беришет.

**1 – тапшырма :**

**1 - топ:**

1.Тилдин абалына карай үндүүлөр кандай болуп бөлүнөт?

2. Аларды ажыратып жазгыла, эрежесин айткыла.

**2 - топ:**

Эриндин абалына карата кандай болуп бөлүнөт ?

2. Аларды ажыратып жазгыла.


**3 - топ:**

Үндүн созулушуна карай үндүүлөр кандай болуп бөлүнөт?
Кыргыз тилинде канча кыска үндүү жана канча созулма үндүү тыбыш бар?

**2 - тапшырма:**

**1 - топ:**

Горизонталь жана вертикаль үндүүлөрү боюнча Венндин диаграммасын түзүшөт.



**2-топ:**

Эриндүү жана эринсиз үндүүлөргө кластер түзүшөт




**3-топ**

Үндүн созулушуна карай төмөнкү таблицаны толтуршат.

| Билем | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| + | ✓ | ? |

**3- тапшырма:**

3 топ алган билимдери боюнча, билим идишине алма стикерлерди чапташат.



**Сабакты жыйынтыктоо:**

Мугалим кайтарым байланыш аркылуу "Биз бүгүн эмнени билдик?"- деген кайрылуу менен жооп алат.

**Үйгө тапшырма берүү:**

Үндүү тыбыштарды толук окуп, бир сүйлөмгө толук фонетикалык талдоо жүргүзүп келесинер.

**Окуучулардын билимин баалоо:**

Жооп бергенине жараша кызыл, жашыл, сары медалдар менен сыйлоо.



**Максатова Нестан**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Фразеологизмдердин түрлөрү жана айырмачылыктары. ( 11-класс үчүн)**

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы.
**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод.
**Сабактын жабдылышы:** карточка, сүрөт, ак куу, методикалык колдонмо.
**Сабак аралык байланыш:** Кыргыз адабияты.

**Сабактын максаттары:**

**а) Билим берүүчүлүк:**

Фразеологизмдердин түрлөрү жана айырмачылыктары тууралуу жаңы маалыматтарга ээ болушат.

**б) Өнүктүрүүчүлүк:**

Окуучулар фразеологизмдердин лексикалык жана грамматикалык маанилерин айкалышта кароо менен грамматикалык талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**в) Тарбия берүүчүлүк:**

Окуучулар фразеологизм сөздөрдү кепте колдонууга үйрөнөт жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу...**

**а)** Фразеологизмдердин түрлөрү жана айырмачылыктары тууралуу жаңы маалыматтарга ээ болсо. Фразеологизмдердин түрлөрүн бири-биринен айырмалай алса;

**б)** Фразеологизмдердин лексикалык жана грамматикалык маанилерин айкалышта кароо менен грамматикалык талдоо көндүмдөрүн өнүктүрсө.Ой жүгүртүүсү калыптанса;

**в)** Фразеологизм сөздөрдү кепте колдонууга үйрөтүү жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн укса жана өз ара сыйлоого тарбияланышса.

**Сабактын журүшү:**

**1) Уюштуруу:**

Саламатсынарбы балдар? Сабакка болгон даярдыгыбыз жакшыбы? Ак куу.

**2) Өтүлгөн теманы кайталоо:**

**1)** Фразеологизм деген эмне? Мисал келтиргиле.

**2)** Кебибизде фразеологизмдерди колдонбой эле сүйлөсөк эмне болот деп ойлойсунар?

**3)** Кана, мага фразеологизмдерди колдонуп комплимент айткылачы, балдар.

-Жылдызы жарык, ак көнүл, кара кылды как жарган, алдына ат салдырбаган, колунан көөрү төгүлгөн, кымча бел ж.б.

**4)** Мен, фразеологизмдерди айтайын, силер алардын берген маанилерин түшүндүргүлө.

-Ала көөдөн: ( мактанчаак, менменсинген, оюнда арамдыгы жок, кимге болсо жакшы мамиле жасаган, балпандаган, барбалактаган адам.)

-Боору эзилүү: ( абдан жакшы көрүү, ыкшып аябай күлүү, аябай капалуу болуу.)

-Көзгө басар: ( жалгыз, жападан жалгыз, мыкты, көрүнүктүү, сыймыктануучу.)
-Күнү бүтүү: ( өлө турган мезгилге жетүү, бийлиги мансабы колунан кетүү.)
Азаматсынар! Фразеологизмдер боюнча жакшы билет экенсинер. Ошентсе да, бүгүн мен силерге фразеологизмдердин түрлөрү боюнча жаңы маалымат берем. Анда көңүл коюп уккула балдар.

**Жаңы тема:**

Кыргыз тилинде фразеологизмдер үчкө бөлүнөт. Алар:

**1) Фразеологиялык ширешме.**

**2) Фразеологиялык бирдик.**

**3) Фразеологиялык айкаш ( тизмек)**

Мындайча бөлүштүрүү алардын тутумундагы компоненттин жеке тургандагы тике мааниси менен жалпы фразеологиялык маанинин ортосундагы жакындыгына, бири-бирине болгон маанилик байланышынын даражасына ылайык аныкталат.

Мааниси тутумундагы компоненттердин алгачкы лексикалык маанилери менен таптакыр байланышы жоктой сезилген фразеологизмдерди **фразеологиялык ширешме** дейбиз:

**Мисалы:** Мурдун балта кеспөө, беш өрдөгүн учуруу, эки көзү төрт ж.б.у.с. Булардын фразеологиялык тутумундагы компоненттердин өз алдынча тургандагы тике маанилери менен байланышкан жок.

Фразеологиялык жалпы маани фразеологизмдердин тутумундагы компоненттердин жеке тургандагы маанилерине аздыр-көптүр жакындыгы бардай болуп, жалпы маани ошол компоненттер аркылуу келип чыккандай сезилген туюнтмалар **фразеологиялык бирдик** деп атайбыз.

**Мисалы:** Көз ачып жумганча, көздүн карегиндей сактоо, үрүп чыгаар ити жок ж.б.у.с.

Фразеологизмдердин бул тобу көпчүлүк учурда фразеологиялык тизмектер деп да аталып жүрөт.

Кебибизде эркин, өз маанисинде кеңири колдонулбастан, белгилүү бир сөздөрдө колдонулуп, фразеологиялык маанини пайда кылган туруктуу сөз айкаштарын **фразеологиялык тизмектер** дейбиз.

**Мисалы**: кымча бел, кыямат күн, аскар тоо, чарк айлануу, жылас болуу ж.б.у.с. Келтирилген мисалдардагы кымча, кыямат, аскар, чарк, жылас деген компоненттер дээрлик ушул сөздөр менен гана айкашып колдонулат да, келбеттүү, алаамат, медер, далалаттануу, таптакыр жоголуу маанилерин туюндурат. Аталган компоненттер белгилүү гана сөздөр менен чектелген түрдө

айкалышат.

**Көнүгүү иштөө: троян аты оюну ойнотулат.**

Окуучуларга суроттор таратылып берилет, андан фразеологизм сөздөрдү табышат.

1) Аттын кашкасындай.
2) Көйнөгүндү уй же.
3) Ажыдаардын куйругун басуу.
4) Беш өрдөгүн учуруу.
5) Ийне жеген иттей.

үч командага сүйлөмдөр берилет, ал сүйлөмдөрдөн фразеологизм сөздөрдү таап, алардын синтаксистик милдетин аныктоо.

**1)** Чычканга кебек алдырбаган адамдарды качанкыга чейин имерчиктейбиз.

**2)** Дилде менен Айгеримдин оту күйүшпөгөндүгүн Абай башта эле сезген.


**3)** Качыке өзүнүн айыптуу экенин сезип Батийнаны көргөндө башы жерге кирди.

**Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөнкүдөй тапшырмалар сунушталат:** Мугалим фразеологизмдерди айтат окуучулар болсо ага карама-каршы маанидеги фразеологизмдерди табышат.

**Мисалы:** ак көңүл - ичи бузук, аягы сай таппаган - орун очок алган, ачуусу мурдунун учунда - салкын кандуу, адамдан түрү жок - төрт түлүгү шай, чырагына май куюу - бут тосуу, жан дили менен - ары карап ыйлап, бери карап күлүү, жайыл дастаркон - казаны оттон түшкөн, жылдызы жарык - суу тумшук, ит менен мышыктай - коюн колтук алышкан, кулагынан күн көрүнгөн - бетинен бит тайгаланган.

**Венндин диаграммасын түзүү.**

Фразеологиялык бирдик. Фразеологиялык ширешме.



**Сабакты бышыктоо: Аукцион түрүндө.**

Окуучулар бүгүнкү сабакта эмнени түшүнгөндүгүн бирден-бирден айтып беришет, ким акыркы айтса, сабактын башында жагымдуу маанай түзүлгөн ак кууну алат. Бул учурда мугалим : "Биз бүгүн эмнени билдик?" деген бир гана

суроо коёт.

**Үй тапшырма:** Фразеологизмдерди катыштырып сүйлөм түзүү.

**Окуучулардын билимин баалоо:** Топто жана жекече баалоо.

**Мелисова Назира**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Этиштин татаал формалары.**

**1)** билим берүүчүлүк: Этиштин таттаал формалары боюнча алган билимдерин эске түшүрүшөт, терендетишет,бышыкташат,жалпылашат.

**2)** Өнүктүрүүчүлүк максаты: Окуучулар бат кабыл алуу, ойлорун тартынбай айта билүү, логикасын, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**3)** Тарбия берүүчүлүк максаты: бири-бирин сыйлоого, тырышчаактыкка тарбияланышат, топтордо иштөө көндүмдөрүн жогорулатышат.

**Жогорку максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучулар…**

**а)** Этиштин татаал формалары боюнча билимдерин эске түшүрүшсө, терендетишсе, бышыкташса, жалпылашса;

**б)** окуучулар бат кабыл алууга, ойлорун тартынбай айта билүү, логикасын, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшсө;

**в)** бири-бирин сыйлоого, тырышчаактыкка тарбияланышса, топтордо иштөө көндүмдөрүн жогорулатышса

**Сабактын тиби:** Өтүлгөн теманы кайталоо сабагы.

**Сабактын методу**: Интерактивдүү метод.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, плакат, сүрөт, доска, окуу китеби, карточкалар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

1) уюштуруу

2) өтүлгөн теманы кайталоо

Эки топко бөлүнүшөт.

**1 -топ** «Негизги этиш»

**2- топ** «Жардамчы этиш»

Жагымдуу маанай тартуулоо үчүн: «Мен мактанбайм бирок мен…» методун колдонобуз.

Кана эмесе келечектеги министирлер, окумуштуулар, саясатчылар, жетекчилер, профессорлор, академиктер, улуу инсандар, жазуучулар, акындар

маанайынар көтөрүлдүбү? Анда эмесе келгиле Этиштин татаал формаларын кайталайбыз.

**1**.Этиш деген эмне? **2**. Этиштин татаал формалары деген эмне?

**Окуучулар:** Этиштин татаал формалары эки же андан ашык этиш сөздордун бир мааниге бириккен тобу аркылуу уюшулат. Негизги жана жардамчы этиштер маанилик жана грамматикалык жактан өз ара ажырыгыс болуп, уюмдашып келип, кенири мааниде кыймыл аракетти билдирсе, этиштин татаал формалары деп аталат.

**3**.Канчага бөлүнөт?

**Окуучулар:** Экиге бөлүнөт 1 негизги этиш, 2 жардамчы этиш

**4.** Негизги этиш деген эмне?

**Окуучулар:** Негизги этиштер лексикалык баштапкы маанисин сактайт да, чакчылдын -а,-е,-й,-ып,-ганы формаларында турушат. Этиштердин алгачкы лексикалык маанилери сакталып жана сөз болуп жаткан окуядагы кыймыл аракеттин негизги түшүнүгүн билдирип турса **негизги этиш деп аталат.**

**5**. Жардамчы этиш деген эмне?

**6**. Жардамчы этиштердин белгилерин санагыла:

1) баштапкы лексикалык маанисинен ажыраган болот да, абстракту мааниде колдонулат. 2) негизги этиш аркылуу берилген кыймыл аракеттин кайсы жак тарабынан аткарылгандыгын жана качан аткарылгандыгын билдирет.
3) негизги этишке кошумча маани берет.

**Эки беттүү күндөлүк:**

| **Эреже:** | **Мисал:** |
|---|---|
| Негизги жана жардамчы этиштер маанилик жана грамматикалык жактан өз ара ажырагыс болуп,кенири маанидеги кыймыл аракетти билдирсе этиштин татаал формалары деп аталат. | -а, -е,-й,-ып, -ганы.<br>Туруп калды, тынчый тушту, ыйлап келди. |

**2 тапшырма:** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү этиштерди топтор этиштин татаал формаларына айландырышат.

**1топ.**

Илгери бир карыя жашаган. Анын уулу болуптур. Атасы уулуна мындай дейт

-Балам, жашоонун сырын бил. Сенин алдыңдан эл кыя өтпөй саламдашсын. Ар бир айылда үйүң болсун, өтүгүң күндө жаңырып турсун.

Улуу атасынын сөзүн кунт коюп угат да:

-Ата, ар бир айылга үй кантип салам? Күндө өтүктү кантип жаңыртам? Канткенде эл адамдан кыя өтпөйт?

**2топ.**

Карыя күлүп :

- Анын жарасы жеңил уулум! Ар бир айылда күйүмдүү досуң болсо, үйүң болгону ошол. Өтүгүң күндө кечинде тазалап турсаң жаңырып турат. Ишке таң заардан жөнө , ошондо сени көргөн эл алдынан кыя өтпөй салам берет.

**3тапшырма:** Сүйлөмдөрдүн аягындагы этиштин татаал формалары белгисиз болот ал окуучуларга жазылбайт таблица дагы сөздөрдү бириктирип, сүйлөмдүн аягына улагыла. **1-топ**

| | |
|---|---|
| ырдайт | койду |
| карап | турам |
| сүңгүп | берди |
| кеткени | Кетет |

1. Адамзат токтобостон ырдай берди.
2. Ормон асманды карап койду.
3. Кечке иштеп чарчагандыктан жөн эле кыйшайсам уйкуга жүрүп кеткени турам.
4. Көк мелжиген аскалуу тоолор мунарыкка сүңгүп кирип кетти.

**2топ.**

| | |
|---|---|
| келип | алды |
| туйлап | калган |
| уруна | калды |
| качканы | Түштү |

1.Аңгыча жайытта жүргөн бардык мал күтүрөп, короого да айдалып келип калган.
2.Ормондун картайып бараткан журөгү бир жолу туйлап калды.
3.Мына ушул карашында көзүнө көпүрө менен келаткан аял уруна түштү.
4.Тайызга жакындаганда, Гафунун аты чыга …

**4 тапшырма**. Бир топ негизги этишти айтат экинчи топ жардамчы этишти айтат.

**4тапшырма**. Төмөнкү сүйлөмдүргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Доскага сүрөт илинет . Сүрөт боюнча аңгеме түзүшөт. Аңгемеде этиштин татаал формалары катышышы керек.

**5 тапшырма.**

**118-көнүгүү**

1.Кош тарабынан арчалуу аска курчаган капчыгай бара-бара тээ ылдыйда чалкып жаткан Талас өрөөнүнө кошулуп кетет.
2.Жигит аттын башын түз эле ошол боз үйгө бура тартты.
3.Ордунан атып туруп чындап эле качырганы калды.
4.Ал аңгыча үйдөн ак сакалын жайкалтып чыга келди.

**Жыйынтыктоо:** Кайтарым байланыш. Окуучуларга суроо берип, сабакты жыйынтыктайбыз.

**Нурпеишова Гүлдана**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы:** Кызматчы сөздөр. Жандоочтор. ( 7-класс үчүн)

**Сабактын максаттары:**

**а)билим берүүчүлүк:**

Окуучулар жандоочтор жөнүндө түшүнүк алышат.

**б)өнүктүүрүчүлүк:**

Окуучулар жандоочторду туура таба алышат, аларды оозеки жана жазуу кебинде туура колдонуусу өнүктүрүлөт.

**в) тарбия берүүчүлүк**:

топтордо иштөөдө бири-биринин пикирин угууга жана сыйлоого, ынтымактуу болууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...**

**а)** жандоочтор жөнүндө айтып бере алса жана аны сүйлөм ичинен айырмалап бере алса;

**б)** жандоочторду оозеки жана жазуу кебинде туура колдоно алса;

**в)** өз ара бири-биринин пикирин угуп жана өз ара сыйлай билишсе.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү

**Сабактын методу:** интерактивдүү

**Сабактын формасы:** топтордо иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, карточкалар, доска,бор

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу** ( саламдашуу, классты активдештирүү, топторго бөлүү, жагымдуу маанай түзүү).

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо.**

1) Кызматчы сөздөр деген эмне?

2) Мисал келтиргиле.

3) Кызматчы сөздөр канчага бөлүнөт?

Туура айтасынар . Кызматчы сөздөр деп, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып, өз алдынча турганда сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албаган сөздөрдү айтабыз. Кызматчы сөздөр төрткө бөлүнөт.

1) Жандоочтор
2) Байламталар
3) Бөлүкчөлөр
4) Модаль сөздөр

**Жаңы тема: Жандоочтор.**

Өз алдынча турганда лексикалык бир маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган же аларга кошумча маани берген кызматчы сөздөр жандоочтор деп аталат.

Мисалы: Асан шаарды карай кетти. Бул сүйлөмдө жандооч “карай”. Шаар деген зат атоочтун табыш жөнөмөсүндө турушу карай деген жандоочко байланыштуу, анын табыш жөндөмөдө турушун карай деген жандооч байланыштырып турат.

Эгер сүйлөмдөгү карай деген жандоочту алып салсак, Асан шаарды кетти. Сүйлөм түшүнүксүз, байланышсыз айтылар эле. Кай жакка?(кайда?) кетти? Шаарды карай (кетти). Туура, байланыштуу айтылат. Карай деген

жандооч өзүнөн мурунку атооч сёздөрдү (шаар, Асан), кет(ти) деген этиш сөз менен байланыштырды. Сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратканда шаарды карай деп бирге карайбыз.

Кайда кетти? –шаарды карай- орун бышыктоочтук милдет аткарды.

Жандоочтор жөндөмөлөр менен бирдей айкашпайт. Ушуга байланыштуу **кыргыз тилиндеги жандоочтор кайсы жөндөмөлөр менен жанашып айтыларына карай төрткө бөлүнөт**.

1) Атооч жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор
2) Барыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор
3) Табыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор
4) Чыгыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор

   **Мисалы:** Алым менен келдим. Жандооч- менен. Алым деген сөздүн атооч жөндөмөдө турушун кийинки айтылган менен деген жандооч талап кылды. **Жандоочтор:** менен, кийин, аркылуу, боюнча, бойдон, үчүн, сайын, соң, тууралуу, көздөй, карата, карай, катар, чейин, дейре, караганда, мурун, бери.

**Тапшырмалар менен иштөө.**

Окуучуларга карточка таратылат.

**1-топ:** Жандооч деген эмне? (эрежеси)

**2-топ**: Жандооч сөздөр кайсылар?

**3-топ:** Жандооч сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Мугалим тапшырмаларды түшүндүрүп, окуучулар аткарышат.

**Кийинки тапшырма**: окуучулар окуу китебиндеги 223-көнүгүүнү көчүрүп жазып, талдоо жүргүзүшөт. Жандоочторду табышат.

Сабак суроо-жооп аркылуу бышыкталат.

**Жыйынтыктоо:** Ошентип, биз бүгүн жандооч жөнүндө үйрөндүк.

**Үйгө тапшырма берүү, аны аткаруунун жолун түшүндүрүү.**

**224-көнүгүүнү көчүрүп жазасынар, жандоочторду табасынар.**

**Баалоо:** Окуучуларды баалоодо анализдеп баа берүү, күндөлүктөрүнө баа коюу.

**Сулайманова Жазгүл**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**бүтүрүүчүсү**

**Сабактын темасы:** Антонимдер.

**Сабактын максаты:**

**а)Билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар синонимдер боюнча түшүнүктөрүн бекемдөө менен антонимдер жана алардын бөлүнүшү боюнча түшүнөт.

**б) Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар логикалык ойлоосун өстүрүү менен бирдей уңгулуу антонимдерди үйрөнүшөт.

**в) Тарбиялык максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара түшүнүүгө, эне тилин сүйүүгө тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз эгерде окуучу…**

**а)** Карама-каршы мааниде айтылган сөздөрдүн антоним экендигин түшүнө билсе;

**б)** Антонимдер өз ара бирдей уңгулуу антонимдер деп бөлүнөрүн үйрөнүшсө;

**в)** Топтордо иштөөдө бирин-бири сыйлап, өз ара түшүнүшсө;

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы:** Методикалык колдонмолор, тест ж.б.

**Сабактын формасы:** Класстык сабак.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу.**

**2.Өтүлгөн теманы кайталоо.**

Үй тапшырмасын кайталоодо класс топторго бөлүнөт. Ар бир топко суроолу карточкалар таратылат:

**1-топ үчүн**

Синоним деген эмне? Мисал:

**2-топ**

Берилген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла:

башка- ….  тууралуу-….
эл-…..  тез-……
акыл-…..  көйрөң-…..
адам-…..  жаңыл-….
башкача-….  кубаныч-……

**3-топ**

Берилген синоним сөздөрдү катыштырып кыскача текст түзүү:

амал-айла, дароо-ылдам, эл-журт, өң-ажар, айлана-тегерек, илгери-мурун.

Ар бир топ карточкалардагы суроолорго жооп берет. Мүмкүн болушунча 3-4-жооп бергидей болсун.

**Жаңы тема: Антонимдер.**

**Мугалимдин сөзү**:

Карама-каршы мааниде айтылган сөздөр антонимдер деп аталат. Ал грек тилинен anti (каршы) anata (ат) деген сөзүнөн алынган. Антонимдер өз ара ар башка уңгулуу жана бирдей уңгулуу болуп экиге бөлүнөт. Мисалы: ар башка уңгулуу антонимдерге күн-түн, кату- жумшак,кең-тар ж.б.

Бирдей уңгулуу антонимдерге: абийирдүү-абийирсиз, адептүү-адепсиз, алдуу-алсыз ж.б. кирет.

**Окуучулар антонимдерге мисалдарды келтиришет.**

Демек, антонимдер белгилүү бир жалпылыкка ээ болгон, бирдей граматикалык категорияга кирген сөздөр болот. Бирок, атап айтканда сан атооч , ат атооч, туранды сөз , сырдык сөздөр антоним болушпайт.

Ошондой эле бардык зат атоочтор да өз ара бири-бири менен антоним боло беришпейт. Себеби тилдеги антонимдик катыштын негизинде түшүнүктөрдүн ортосундагы карама-каршылыктар жатат. Ал эми чындыктагы бардык эле түшүнүктөр бири-бирине карама-каршы эмес. Мисалы: буудай, төө, гоок, жылан, кымыз, сабиз, маймыл, карга ж.б.у.с. сөздөргө карама-каршы мааниси жок.

Адамдын, жер-суунун ж.б. энчилүү аттарында да антонимдери болбойт. Антоним болуш үчүн сөзсүз , бир сөздүн экинчи карама-каршы маанидеги тобу болушу керек.

Антонимдер нагыз жана контексттик антонимдер болуп бөлүнөт.

1. Контекстен тышкары өз бетинче турганда эле карама-каршы мааниде колдонулган сөздөр нагыз антонимдер деп аталат.
2. Контекстке байланыштуу гана карама-каршы мааниге ээ болгон сөздөрдү контексттик антонимдер дейбиз.

**Мисалы:** Билеги күчтүү бирди жыгат,
Билими күчтүү миңди жыгат.
Жакшы адам белгиси-эл камы үчүн күйөт,
Жаман адам белгиси- өз камы үчүн жүгүрөт.
Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.

**276-көнүгүүнү оозеки аткаруу.**

1. Сыртында кырк градус аяз болуп, бирок ичинде көйнөкчөн жүрө беришет.
2. Суу сөөк какшатып муздак эмес, дымыктырып ысык экен.
3. Берген март эмес, алган март.
4. Жакшылык кылсаң, жамандык ойлойт.

Окуучуларды топторго бөлүштүрүп, ар бир топко ар кандай мөмө-жемиштен жасалган карточкалардын артына суроолорду жазып,антонимдерге мисал келтиришет чөнелүү убакыт берүү.

**1-топ**

Зат атооч сөздөргө мисал келтиргиле ;

**2-топ**

Тактооч сөздөрүнөн мисал келтиргиле;

**3-топ**

Сын атооч сөздөргө мисал;

**4-топ**

Этиш сөздөрүнө мисал;

**Ар бир топтон лидерлер чыгып берилген тапшырмага жооп беришет**.

**Сабакты тест аркылуу бышыктоо:**

**1.Антоним деген эмне?**

**а)**Маанилери окшош сөздөр

**б)**карама-каршы маанидеги

**в**) көп манилүү

**Антоним сөздөрдү тапкыла?**

а) ачуу-таттуу

б)адаш-жаңыл

в)көз

**Ар башка уңгулуу антонимдерди тапкыла?**

а) күн-түн

б) абийирдүү-абийирсиз

в) акыл-эс

**Тууганына батпаган, душманына жалынат**

а) нагыз антоним

б) бирдей уңгулуу антоним

в) контексттик

**5.Таттуу деген сөздүн антоними?**

а)ширин

б)ачуу

в) жок

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Биз бүгүн эмнени үйрөндүк деген суроону берүү менен сабактын деңгээлин билүүгө метод колдонуу.

**Үйгө тапшырма берүү:** антонимдерге класстер түзүп келүү.

**Окуучулардын билимин баало:** Өзүн-өзү баало методун колдонуу.

Мугалим доскага «5» «4» «3» деген бааларды тегерээк кагаздарга жазып илет.Окуучулар стикерге өзүнүн ысымдарын жазып, канчалык деңгээлде жооп бергенин өзү баалап, доскадагы бешке же төрткө өзүнүн ысымын чаптайт.

**Шаршеева Гулмира**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Сурама ат атооч.(6-класс)**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Сурама ат атоочтун башка сан атоочтордон болгон айырмасын өздөштүрүп, сурама ат атооч боюнча кененирээк маалымат алышат.

**б)Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүү менен бирге, морфологиялык талдоого үйрөнүшөт.

**в) Тарбия берүүчүлүк максаты**:

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу...**

**а)** сурама ат атооч боюнча маалымат алса, башка түрлөрүнөн болгон айырмасын билсе.

**б)** морфологиялык талдоо жүргүзө билсе;

**в)** топтордо иштөөдө бири- биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса;

**Сабактын тиби**: Жаны билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, дидактикалык карточкалар, ватман, маркер, методикалык колдонмо.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**

**2. Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө тапшырманы текшерүү.**

Үй тапшырмасын кайталоодо класс үч топко бөлүнөт.

(үч топко карточкалар таратылат)

**1-топ үчүн:**

1- Шилтеме ат атооч деген эмне?

2- Берилген сүйлөмдүн кайсынысында шилтеме ат атооч катышты:

1) Ал жакшы окуйт

2) Ал окуучу жакшы окуйт.

**2-топ үчүн:**

1- Шилтеме ат атоочтун толук жана кыскарган түрлөрүнө мисал келтиргиле.

2- Берилген сүйлөмдөн шилтеме ат атоочтун кандай жасалганын түшүндүргүлө. Кайсы чыгармадан алынган?

Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар "Дүйшөндүн мектеби" деп койчу.

**3-топ үчүн:**

1. Шилтеме ат атоочтун жөндөлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин түшүндүргүлө. Бул, ошол, деген сөздөрдү жөндөгүлө.

2. Берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Мында, ошондой, тигиникин, буларга, мунукунан, ошонукунан, мунун, буга.

**Жаңы тема: Сурама ат атооч**.

**Мугалимдин сөзү:**Заттын аты-жөнүн, санын, катар тартибин, сапатын, ордун, мезгилин аныктап билүү үчүн суроо иретинде айтылган сөздөр **сурама ат атооч** деп аталат.

( доскага таблица илинет )

| Сурама ат атоочтор. | Мисалдар. |
|---|---|
| Ким? | 1.Бул ким?- Кичүү уулум. |
| Эмне? | 2. Эмне жөнүндө сүйлөшөлү? |
| Кандай? | 3.Шаарда кандай жаңылыктар бар? |
| Качан? | 4. Сиз качан келесиз? |
| Кайда? | 5. Силер кайда баратасынар? |
| Канча? | 6. Балам сен канчадасын? |
| Кана? | 7. Китебиң кана? Сумкаң кана? |

**Кана-** деген сөз сүйлөм ичинде эки мааниде колдонулат.

**1- Сурама ат атоочтук мааниде:** Балдар кана?

Китебиң кана?

Танабай карыя, Гүлсары кана?

**2- Модалдык мааниде:** Кана, эми басалы, Гүлсары.

Кана, эмне керек сага.

Кайдан? Кайда? Качан? деген сурама ат атоочтор күчөтүлүп айтылганда, сурамалык касиетинен ажырайт.

**Капкачан, капкайдан, капкайда.**

**Канчоо? Нечөө?** деген сурама ат атоочтор жамдама сан атооч сыяктуу жөндөлөт.

**Атооч: канчоо**
**Илик: канчоонун**
**Барыш: канчооно**
**Табыш: канчоону**
**Жатыш: канчооңдо**
**Чыгыш: канчоонон**

Ким? Эмне? Не? Кайсы? Канча? Нече? деген сурама ат атоочторго **-лар** мүчөсү уланса: кимибиз? кимиси? эмнелер? канчалардасың? болуп өзгөрөт.

Канча? Нече? деген сурама ат атоочторго ирettик сандын -ынчы, жамдама сан атоочтун -оо, мүчөлөрү улана берет: Канчанчы? Канчоо?

( Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө )

**344-көнүгүү: (топ менен иштешет)**

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар 3 топко бөлүнүп, төмөнкүдөй тапшырмалар берилет.

**1-топ:** Ким? Канчоо? деген сөздөрдү жөндөгүлө, кандай өзгөчөлүктү байкадыңар.

**2-топ:** Сурама ат атоочко класстер түзгүлө.

**3-топ:** Сурама ат атоочтун морфологиялык белгилерин жана түзүлүшүн айтып бергиле.

( тапшырмага 4 - мүнөт берилет )

**Топтор өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскага кийинки тапшырманы даярдайт.**

1- Ким келди? Эмнелер берилди?

2- Отличниктер канча? Сыйлангандар кимдер?

3- Мен сага эмнени айттым эле. Кимдерди сыйлады?

( Ар бир топтон экиден окуучу чыгып, сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо

жүргүзүшөт.)

**Сабакты бышыктоо:** Окуучулар доскага илинген "Билим кутучасына" бүгүнкү сабакта эмнени түшнүшсө, ошол маалыматты стикерге жазып чапташат.

**Үй тапшырма:** 345-көнүгүү.

**Окуучулардын билимин баалоо:** түздөн-түз.

**Шермакунова Нуркыз**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Тангыч ат атооч.**

**Сабактын максаты:**

**а)билим берүүчүлүк:**

Окуучулар тангыч ат атооч боюнча маалымат алышат.

**б)өнүктүүрүчүлүк:**

Окуучулар ат атооч боюнча талдоонун тартибин үйрөнүшөт.

**в)тарбия берүүчүлүк:**

Окуучулар бири-биринин сыйлап, эне тилин сүйүүго,туура жазууга үйрөнушөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз,эгерде окуучу…**

**а)** Окуучулар тангыч ат атооч боюнча маалымат алышса;

**б)** Окуучулар ат атооч боюнча талдоонун тартибин үйрөнүшсө;

**в)** Окуучулар бири-биринин сыйлап,эне тилин сүйүүгө, туура жазууга үйрөнүшсө;

**Сабактын тиби:** Жаны билимди берүү.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү ыкмалар.

**Сабактын жабдылышы:** Методикалык колдонмо, ватман, маркер, таблица, дидактикалык карточкалар.

**Сабактын жүрүшү**:

**1)Уюштуруу(саламдашуу,жоктоо,класска жагымдуу жагдай түзүү)**

**2)Өтүлгөн теманы кайталоо.**

**3)Үй тапшырмасын текшерүү**.

**Жаңы тема:**Жалпыланган заттык,сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк маанини таануу же жокко чыгаруу иретинде айтылган ат атоочтор тангыч ат атооч деп аталат. Тангыч ат атоочторго:эч ким, эч кандай, эч качан, эч кайда, эч кайдан, эч нерсе, эч бир, эч убакта деген сөздөр кирет.

Мугалим дайыма сабак баштардын алдында кызыктуу окуяларды айтып

берсе, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат. Ошондуктан мен силерге бүгүн жомок окуп бергим келди.

Илгери өткөн заманда абдан билимдүү, акылман карыя жашаптыр. Карыянын аты Тангыч ат атооч экен. Тангыч ат атооч дайыма небере балдарына кызыктуу уламыштарды, кызыктуу китептерди, журналдарды, газеталарды, жомокторду окуп берүүдөн тажабайт. Алар уккан маалыматтарынын үстүндө талкулашып сүйлошүшчү. Бүгүн да так калыбынан жазбай талкулашып,Тангыч ат атоочту тегеректеп отурган чактары. Алар көпкө сүйлөшүп чурулдашып отурушуп, эӊ кичүү  небереси Тангыч карыяга мындай суроо узатты.Чон ата: -Сиздин атынызды ким койду эле?  Эмнени билдирет- деди кенже небереси.  –Ааа балдарым, ушуга кызыгып турасынарбы? Менин атымды чон атам -Ат атооч койгон экен. Жалпыланган заттык, сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк маанини тануу же жокко чыгаруу иретинде айтылган ат атоочтор тангыч ат атооч д.а. Мына, балдарым, менин атым ушундайча  чечмеленет. Анда балдар баары чулдашып абдан жакшы экен деп жатышты. Чон ата,чон ата сиз бир топ жашка барып калдыныз сиздин басып өткөн жолунузга биз абдан кызыгып турабыз?

Ооба,балдарым!

Анда Тангыч карыя:

Сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарган балдарым бар.

М: Бугун эч ким келген жок. Сүйлөмдө таӊгыч ат атооч ээлик милдетти аткарды.

Мен алардын эч бирине жолукпадым.толуктоочтук

Мага эч нерсенин  кереги жок. аныктоочтук

Мына ушундай балдарым.

М:эч ким,эч кандай, эч качан, эч кайда, эч кайдан, эч нерсе, эч бир, эч убакта деген небере чөбөрөлөрүм бар.

Мына балдарым мен көптү көрдүм, турмуштун кыйынчылыктарын башыман өткөрдүм, билимдүү болгула, көп окусаӊар, көп эмгектенип изденсенер?акыры силердин жашооӊор жомоктогудай ийгиликтүү жана жемиштүү болот.

Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөнкүдөй тапшырмалар берилет.

**1-топ үчүн: кластер.**



**2-топ үчүн:** Берилген ырда ат атоочтун кайсы түрү катышты жана кандай милдет аткарып турат.

Эч ким менин сындырбады шагымды.
Эч ким мени уруп-согуп ыйлатып,
Эч ким менин кейитпеди жанымды.

**(Ж.Турусбеков).**

**3-топ үчүн:** Асты чийилген сөз кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экенин аныктагыла жана ошол сөздү унгу мучөгө ажыраткыла.

Сүзбөсүн деп эч кимди, байлап койдум эчкимди.

Топтор иштеп жатканда мугалим доскага төмөнкүдөй сүйлөм жазат.

М: Эч ким, эч качан унутулбайт.

Ат атоочторду таап, сүйлөмдөгү милдеттин аныктоо.

**Сабакты бышыктоо:** Билим вазасын толтуруу.

**Жыйынтыктоо:**

**Шермакунова Нуркыз**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: Жай ,суроолуу, илептүү сүйлөмдөр боюнча кайталоо конференция сабагы.

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк :**

Окуучулар жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр боюнча алган билимин терендетишет.

**б)өнүктүрүүчүлүк**:

Окуучулар логикалык ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын, сөз байлыгын өздөштүрөт, сүйлөмдөргө тыныш белгилерди туура коюп өздөштүрүшөт.

**в)тарбия берүүчүлүк:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, эне тилин сүйүп. Туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарына жетти деп эсептейбиз,эгерде окуучулар…**

**а**) Окуучулар жай,суроолуу,илептүү сүйлөмдөр боюнча алган маалыматтарын терендете алса:

**б)** Окуучулар логикалык ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын, сөз байлыгын өздөштүрсө,сүйлөмдөргө тыныш белгилерди туура коюп өздөштүрүшсө:

**в)**Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп,эне тилин сүйүп, туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга тарбияланышса;

**Сабактын тиби:** Кайталоо сабагы.

**Сабактын методу**: Интерактивдүү ыкмалар.

**Сабактын формасы:** Топтордо иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Дидактикалык карточкалар, ватман, түстүү кагаз,таблица, маркер.

**Сабактын журушу:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо.**

-Саламатсынарбы, балдар?

Кутмандуу күнүнөр менен, бүгүнкү сабакка болгон маанайынар жакшыбы? Бүгүн биз силер менен өткөн сабакта айтылгандай эле кайталоо сабагы, башкача айтканда жай,суроолуу,илептүү сүйлөмдөрдү жана тыныш белгилерин кайталайбыз. Классты дидактикалык карточкалар таратуу менен 3топко бөлүү. Ар бир топтун аталышын тааныштыруу.

**1-топ:** Жай сүйлөм.

**2-топ:** Суроолуу сүйлөм.

**3-топ:** Илептүү сүйлөм.


Балдар, келгиле баарыбыздын эсибизде жакшы сакталып калыш үчүн сабагыбызды жомок менен баштайлы .


Илгери өткөн заманда бир карыя болуптур. Карыянын аты-сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү. Карыянын биринен-бири өткөн акылдуу 3 уулу бар. Алардын аттары: Жай сүйлөм, Суроолуу сүйлөм, Илептүү сүйлөм экен. Карыя бул жашоого жаралгандан тартып башынан көптөгөн кыйынчылыктарды, турмуштун ысык суугун башынан кечирип келет. Турмуштун бул сыноосуна да чыдап эптеп куураган кекиртекти жана балдарын элден кем кылбай багыш үчүн ар кимдин колунда жалданып иштейт. Күндөр өтө берет. Күндөрдүн биринде карыя балдарын мектептен чыгарып өзүнүн жанына алгысы келет. Ошондо балдары атасынын оюна каршы чыгып,айтканына такыр көнушпөйт. Силерди окуганынардын пайдасы жок, андан көрө жер иштетип,жан баккыла дейт. Ошондо карыя ары ойлонуп, бери ойлонуп башы катып мындай дейт: Балдарым, мен силердин канчалык билим алып жатканынарды билгим келет. Силерге деген бир топ тапшырма суроолорум бар.Тапшырмаларыма туура жооп берсенер, анда мектептен билим алып улантасынар, эгер жооп бере албасанар мектепке барбайсынар?-деп карыя талап койду.Уулдары макул болуп, атасынын тапшырмаларын күтүп туруп калышты:

Карыянын 1-тапшырмасы:

**1-топ үчүн**: Кластер түзүү:

**2-Топ үчүн:** Венндин диаграммасын түзүү.



**3-топ үчүн:**Жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөргө мисал келтирип, тыныш белгилеринин коюлушундагы жана оозек кептеги өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү. (интонатцияны сактап туура окуу).

Ар бир топтон лидерлер чыгып, тапшырмаларын жактап беришет.
Кемчиликтери толукталат.Кошумча с уроолор болсо,жооп беришет.

**2-тапшырма:Суроо.**

1) Сүйлөм деп эмнени айтабыз?
2) Айтылыш максаты боюнча сүйлөм канчага бөлүнөт?
3) Жай сүйлөм деп эмнени айтабыз?
4) Мисал келтир?
5) Суроолуу сүйлөм деген эмне?
6) Мисал келтир?
7) Илептүү сүйлөмдүн эрежесин айтып бер?
8) Мисал келтир?
9) “Тууган күйдүрүп айтат,душман сүйдүрүп айтат”-деген сүйлөмдө аягына кандай тыныш белги коюлат.
10) Бах,чиркин кандай сонун! Кандай сөз?
11) Асан эртен мектепке барасынбы?
12) Тыныш белги деп эмнени айтабыз?
13) Тыныш белги коюлган жерде,оозеки кепте кандай өзгөчөлүк болот.
14) Эмне себептен сүйлөмдү жай,суроолуу,илептүү деп бөлүштүрөбүз?

15) Төмөнкү сүйлөмдү жай,илептүү,суроолуу болгудай интонация менен айткыла.Балдар, сабакка көнүл бургула.
16) Буйрук сүйлөм менен илептүү сүйлөмгө мисал келтиргиле.Айырмачылыгын же окшоштугун байкадынарбы?
**3-тапшырма:** Сүйлөмдүн аягына коюлган тыныш белгилерге карай текстти көрктүү окугула жана маанисин айтып бергиле.
**1-топ үчүн:** Р.Шүкүрбеков Кыргыз тоосунда.
Кен Ала-Тоо бешигин,
Тоо өлкөсү туулган жерин.
Герби,туусу мына ушундай
Келишимдүү кыргыз элиң
Улуу сыймык башына конгон,
Байрагында бабабыз Ленин
Тоолордо куштун түрү нечен-нечен.
Биринен бири өткөн укмуш нечен.
Токсон күү,тогуз кайрык үнүн угуп.
Тан калып угам дагы,ойго кетем.
Кыргызга ылайыктап жаратылыш.
Тоолорду куп жаратып койгон экен.
**2-топ үчүн:М.Жангазиев Ким?**
Ак шейшепке ороп сени ,
Кичиненден баккан ким?
Уйку көрбөй узун түндө,
Таптап сени жаткан ким?
Бутту шилтеп талпынганда.
Мээримдүү сөз айткан ким?
**3-топ үчүн:** Күн астында жашаган бардык адамзатка айтар сөзүм,айтар кебим бар.Аны кантип айтам? Кантип ар бир кишисине жеткирем?-Э-э асманда жаркыраган Күн! Жер кыдырып сен айткын!-Э-э,сапар баскан булут, нөшөрлөнө төгүлүп , ар бир тамчың менен сен айткын! Жер дүйнөнүн бардык-булуң-бурчунда адам баласын баккан жер,сен айткын! -Жок, Толгонай, сен айткын! Сен адамсың? Сен баарыбыздан бийик, баарыбыздан улуу жаралган жансың.Сен адамсың!...(Ч.А)
**4-тапшырма:** Сүйлөмдөрдү окугула, сүйлөмдүн аягына тиешелүү тыныш белгилерди койгула.Эмне үчүн андай белги коюлганын түшүндүргүлө.
**1-топ үчүн:** Китеп биздин доордун күзгүсү .

Китеп адамзаттын оюндагы көп берметтерди чогултуп туруп келечек муундарга сунуш кылат.

Каз айланып кетпеген
Көлү сонун кыргыздын (Б.А)

**2-топ үчүн:** Башка айта турган сөзүң жокпу
Сен эмнени айтып отурасың
Ушул оюмду Самсакунга айтсам болор бекен (К.Ж)

**3-топ үчүн:**Бах кандай сонун эркиндик
Алда кокуй ай Каныбекке кыйын болгон тура Жер дүйнөнүн бардык булун-бурчунда адам баласын баккан жер сен айткын

**5-тапшырма**:Ар бир топ өзүнүн атына бир окуяны чагылдырып же болбосо өзүнүн чыгармачылыгы менен текст же жомок түзүү.

**6-тапшырма:**Сабакты бышыктоо иретинде билим идишин толтуруу.

**Жыйынтыктоо:** Карыя балдарына ар кандай тапшырмаларды берип, сынап көрүп,балдарынын ушунча акылдуу, билимдүү экенине абдан таң калын, мектепке баруусуна каршы чыкканына өкүндү:

-Балдарым,силер мындан ары да,билимдүү болуп, келечекте мыкты адам болушунарды каалайм,-деп карыя өзүнүн батасын берди.

Силер дагы, сымбаттуу окуучуларым , ар бир сабакты мыкты окуп, билимдүү болоруңуздарга мен бекем ишенем.Ушундайбы, балдар. Келечектин ээси-силерсинер,ошондуктан бардык жерде башкаларга үлгү болушунар керек.

**Үйгө тапшырма:** 280-көнүгүү көчүрүп андагы жай,суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү таап, астын сызып койгула.

**Баалоо:Окуучунун эмгегин баалоо. Топторду баалоо**

**Элдияр кызы Айсулуу**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы:** Сын атооч

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Сын атооч боюнча түшүнүктөрүн терендетишет.

Мүнөздүү белгилерин жана башка сөздөрдөн болгон өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт**.**

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Сын атоочтордун сүйлөмдөгү аткарган милдеттерин билишет жана сын атоочторду составдык бөлүктөргө ажырата алышат **.**

**в) тарбия берүүчүлүк максат**

топтордо иштөөдө бири-бирин кунт койуп угуп, өз ара сыйлаша алышат.

**Жогорудагы максаттарына жетти деп эсептейбиз,эгерде окучу…**

**а)** сын атоочтун мүнөздүү белгилерин жана башка сөздөрдөн болгон өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшсө;

**б)** сын атоочтордун сүйлөмдөгу аткарган милдеттерин билсе;сын атоочторду составдык бөлүктөргө туура ажырата алышса;

**в)** топтордо иштөөдө бири-бирин угуп,өз ара сыйлаша алышса

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** проблемалык жана интерактивдүү методдор

**Сабактын жабдылышы: таблица, дидактикалык карточка, методикалык колдонмо,** маркер, скотч ж.б

Сын атоочтор мүнөздүү түрдө төмөндөгүдөй негизги белгилери менен башка сөз түркүмүндөгү сөздөрдөн өзгөчөлөнүп турат.

**1)** Даража категориясы боюнча өзгөрөт(жай, салыштырма,басаңдаткыч, күчөтмө)

**2)** өзүнө гана тиешелүү – луу,-сыз,-чыл,-дай,-гыр,-чаак,-гыч өндүү мүчөлөрү бар. М:күчтүү,алсыз,алгыр, урушчаак, саргыч ж.б

**3)** Заттын сын- сыпатын жана башка белгилерин көрсөтүп, адатта жөндөмө, көптүк,таандык мучөлөр менен өзгөрбөйт. Бирок затташып, заттык мааниде колдонулган учурда жөндөлөт, көптүк жана таандык мүчөлөрдү кабыл алат.

М: Жакшынын шарапаты

Жамандын кесепети тиет

Кимдин шарапаты тиет? – жакшынын - аныктооч

Кимдин касиети тиет? - жамандын-аныктооч

**4)** синтаксистик байланышы жагынан көбүнчө зат атооч, кээде этиш сөздөр менен байланышат. М: Жакшы бала жакшы окуйт.

-жакшы – аныктооч

-жакшы бала кандай окуйт?

-жакшы-сын-сыпат бышыктооч

Демек, зат менен байланышса, аныктооч, кыймыл аракет менен байланышса, бышыктооч болот

5)Сүйлөм ичинде, негизинен аныктоочтун , баяндоочтун айрым учурда сын-сыпат бышыктоочтун, ал эми заттанган учурда ээнин жана толуктоочтун милдетин аткарат.
Мисалы:1) Алыстан бийик тоо көрүндү.
Кандай тоо? - бийик-аныктооч
Сагын аксакал далее болсо кайраттүү
Сагын аксакал кандай? - кайраттуу-баяндооч
**3**) Жакшы эл камын ойлойт,
Жаман өз камын ойлойт
Ким эл камын ойлойт? - жакшы-ээ болду
Ким өз камын ойлойт? - жаман-ээ болду
**4**)Жаманда достук жок,
Жакшыда кастык жок
Кимде достук жок? - жаманда-толуктооч
Кимде кастык жок? - жакшыда-толуктооч
Балдар бүгүн биз адаттагыдай эле топтордо иштейбиз.
**1-топ- «Ак калпак»**
**2-топ-«Келечек»**
**Тапшырма:**
**«Ак калпак» тобу үчүн**
«Ысык-Көл» деген темада чакан эссе жазгыла

Тирек сөздөр: таза, тунук, мээлүүн, шандуу
**«Келечек» тобу үчүн**
«Менин апам» деген темада чакан эссе жазгыла.
Тирек сөздөр: мээримдүү,сулуу,акылдуу,өнөрлүү
Тапшырманы аткарууга **5 мүнөт** берилет
үч топко үч текст(мурун даярдалган)таратылып берилет.
**1-топ Чоң –Кызыл суу**
Чоң-Кызыл-Суу Ысык-Көл облусунун Жети-өгүз районундагы Светлая Поляна жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты.1920-жылы негизделген.Калкынын саны 385.Айыл Чоң-Кызыл-Суунун сол жээгинде,200метр бийиктикте жайгашкан.Капчыгайдын оозуна жакын таза,минералдуу жылуу булак чыгат.Чон-Кызыл-Суу ушул жерден кызыл түскө өтөт,ошол себептен,айылдын,капчыгайдын,өрөөндүн аттары аталып калган.
**2-топ Светлая Поляна**

Жети –Өгүз  районундагы Оргочор жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айылдын мурунку аты Сүттү-Булак . 1911-жылы негизделген. Светлая Поляна -“ачык талаа” болуп которулат. Сүттүү-Булак болуп аталып калышы жөнүндө көп санжыра, уламыштар бар.  Айылдын жогорку жагынын чыккан булак сүткө окшоп чыккандыктан, айылдын  атын Сүттүү-Булак деп коюшкан.

**Кийинки тапшырма балдар кластер толтурабыз**



Кластерди түзүүгө  5 мүнөт берилет

Эми балдар бул тапшырма менен гана чектелип калбастан. Сабакты бышыктоо максатында доскадагы кутучадагы гүлдөрдү алып,топ менен иштеп жооп веребиз.

**1)** Жаңы, кызыктуу,бийик,шаңдуу деген сөздөрдү катыштырып экиден сүйлөм түзгүлө. Биринде аныктооч болсо,биринде бышыктоочтун милдетин аткарсын.

**2)** Жакшы,кызыл деген сөздөрдү катыштырып экиден сүйлөм түзгүлө.Биринде ээлик милдет аткарса,биринде баяндоочтук милдет аткарсын.

**3)** Кызгылт,саргыч, агыраак, бозомтук, каралжын  деген сөздөрдү уңгу,мүчөгө ажыраткыла.

**4)** Сын атоочтун даражаларына (жай,салыштырма,күчөтмө,басаңдатма) мисал келтиргиле.

**Бышыктоо:** Бүгүнкү сабак баарыбызга түшүнүктүү болдубу.

Демек,сын атооч заттын өңү-түсүн,сын-сыпаттын, көлөмүн, формасын, даамын билдирип  кандай? кайсы?деген суроого жооп берген сөз түркүмү

**Үй тапшырма берүү:** Жан-жаныбарлардын бирин алып ага мүнөздөмө бергиле... Сүйлөмүңөрдө сын атооч сөздөр катышсын.

**Жыйынтыктоо**

**Мазмуну:**

**Койлубаева А.**

Уңгу, мүчө. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр........................................................

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөм

Үндүүлөр системасын кайталоо

**Түмөнбаева Ж.**

Сөздүн составдык бөлүктөрү, сөз түркүмдөрү, зат атооч боюнча кайталоо сабагы.........................................................................................................................

Фонетика бөлүмүн кайталоо. Машыгуу, көнүгүү сабагы................................................ **Абылаканова А.**

Сын атоочтун күчөтмө даражасы....................................................................................

**Алекова Б.**

Каратма сөз....................................................................................................................

Эсептик сан атооч...........................................................................................................

**Алмазбек к. Ж.**

Багыныңкысүйлөмдүнтүрлөрү. Мезгил жана орун багыныңкысүйлөм…………….........

**Антонова А.**

Расмий эмес иш кагаздары, анын түрлөрү.......................................................................... **Асанкадырова Г.**

Зат атооч жана анын түрлөрү.......................................................................................

Орфографиянын эрежелери.......................................................................................

**Бактыбек к. К.**

Тил жана кеп.......................................................................................

**Бекбосунова К.**

Сырдык сөздөр.......................................................................................

Сан атооч.............................................................................................................
......

Сүрөттөө.............................................................................................................
.............

**Бойдоева А.** Сан атоочбоюнчакайталоо конференция сабагы……………………………..

**Болотбек к Г.** Бышыктооч жана анын түрлөрү боюнча жалпы кайталоо..........................

**Даменова П.** Жай сүйлөм.......................................................................................

**Буларкиева М.** Текст, анын мүнөздүү белгилери.................................................................

**Зарылдыкова А.** Диалог жана анын тыныш белгилери…………………………….......

**Кадырова А.** Сан атооч..........................................................................................................

**Кадырова А.** Сан атоочтун маанисине карай бөлүнүшү....................................................

**Карыпаева Ж.** Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү..............................................................

**Касымакунова К.** Жай сүйлөм.............................................................................................

**Кулматова Г.** Кептин түрлөрү. Баяндоо..............................................................................

**Курманбекова К.** Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматтары...................................................................................................

**Мабетжанов У.** Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү.......................................................

**Муканбет к. М.** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жана алардын түзүлүшү.........................

**Мүсүрбаева Э.** Орун багыныңкы сүйлөм.........................................................................

**Мүсүрбаева Э.** Бир тутумдуу сүйлөмдү кайталоо..................................................................

**Нурбек к. М.** Шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөм..........................................

**Нурбек к. М.** Кептин түрлөрү. Баяндоо.........................................................................

**Нурбек к. М.** Багынынкы байланыштагы кошмо сүйлөм......................................................

**Нурлан к. З.** Багыныңкы сүйлөм боюнча жалпы кайталоо....................................................

**Өмүрбекова М.** Атоочтук баяндооч...............................................................................

**Өмүрбекова М.** Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр................................................

**Орозакунова М.** Тактоочтор............................................................................................

**Орозакунова М.** Уңгу жана мүчө......................................................................................

**Сагынбекова А.** Атоочтук баяндооч..................................................................................

**Сатыбалдиева М.** Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр...............................................................

**СатыбалдиеваМ.**Кемтик сүйлөм…………………………………………………………

**Сулайманова Ж.** Өткөн чак………………………………………………………………….

**Таалайбек к. А.** Сын атооч…………………………………………………………………

**Тыныстанова М.** Тыныш белгилердин негизги эрежелери………………………………..

**Уланбек к. Н.** Ээ менен баяндоочтун ээрчишкен, ээрчишпеген учурлары............................

**Уланбек к. Н.** Атоочтуктар...........................................................................................................

**Уланбек к. Н.** Бөлүкчөлөр...........................................................................................................

**Шаршеева.Н.** Жалаң сүйлөм.............................................................................................

**Шаршеева.Н.** Кептин түрлөрү. Сүрөттөө.................................................................................

**Бейшеналиева Н.** Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө жалпы маалымат

**Рыскелдиева А.** Стилистика, анын милдети жана изилдөө обьектиси. Сүйлөшүү стили.